Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги

# 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы

# 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы

# 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруунун биринчи үч жылдык планы катары 2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы

Бишкек 2012

**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим министрлиги**

# 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы

# 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы

# 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруунун биринчи үч жылдык планы катары 2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы

**Бишкек 2012**

**Бул басылма**
**Европа Союзунун Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү секторун колдоо долбоору**
**колдоосу астында даярдалды.**

**Бул басылманын мазмунуна Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим министрлиги жооптуу жана**
**Европа Союзунун көз карашын милдетүү түрүндө билдирбейт.**

**2020-ЖЫЛГА ЧЕЙИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА**
**БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫ**

**Мазмуну**


| | | |
|---|---|---|
| I. | Киришүү | 4 |
| | Концепцияда колдонулуучу түшүнүктөр жана аныктамалар | 5 |
| II. | XXI кылымда Кыргызстандын билим берүүсү үчүн коркунучтар жана проблемалар | 5 |
| III. | 2020-жылга карата Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын көрүнүшү | 6 |
| IV. | Билим берүү системасынын иштөө, уюштуруу принциптери жана билим берүү баскычтары | 7 |
| | 1) Иштөө принциптери | 7 |
| | 2) Билим берүү системасын уюштуруу принциптери | 8 |
| | 3) Билим берүү баскычтары | 8 |
| | 1) Мектепке чейинки билим берүү | 8 |
| | 2) Мектепте билим берүү | 9 |
| | 3) Кесиптик баштапкы жана орто билим берүү | 10 |
| | 4) Кесиптик жогорку жана ЖОЖдон кийинки билим берүү | 11 |
| | 5) Кошумча билим берүү жана чоң кишилер үчүн билим берүү | 13 |
| V. | Билим берүүнү башкаруу системасынын реформалары | 13 |
| | 1) Каржылоо | 13 |
| | 2) Башкаруу түзүмү | 14 |
| | 3) Билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик-коомдук формаларын өнүктүрүү | 14 |
| | 4) Кадрдык саясат | 15 |
| VI. | Билим берүүнү өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу | 17 |
| VII. | Кыскартуулардын тизмеси | 17 |

# I. Киришүү

Билим берүү бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндөгү коомдук өнүгүүнүн эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн жана артыкчылыктуу багыттарынын бири болууда. Адамдык капиталды түзүү жана адамдык потенциалды инсандын жана коомдун пайдасына жумшоо натыйжаларга жетүүгө жана XXI кылымдагы коомдун таламдарын канааттандырууга багытталган билим берүү системасын курууда мамлекеттин жоопкерчилиги өзгөчө экендигин көрсөтүп турат.

Кыргыз Республикасы ата мекендик билим берүүнүн мыкты салттарына жана эл аралык тажрыйбага таянып, ийкемдүү, ачык, заманбап талаптарга ылайык, улуттук билим берүү системасын түзүүдө.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 27-августундагы №244 “Кыргыз Республикасындагы Мамлекеттик билим берүү доктринасы жөнүндө” Жарлыгы менен кабыл алынган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү доктринасы жана ушул Концепция билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн негиз болуп саналат, баалуулуктарды жана артыкчылыктарды бекемдейт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин эске алуу менен билим берүү системасын өнүктүрүүнүн конкреттүү кадамдары үчүн база түзөт.

Концепция Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Билим берүү жөнүндө”, “Кепилденген мамлекеттик минималдык социалдык стандарттар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка документтерге негизденет. Бул Концепция “Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн 2010-жылга чейинки концепциясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 29-апрелиндеги №259 токтому менен жактырылган 2010-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү концепциясында камтылган билим берүүнү реформалоо багытын улантат.

Концепция жашоонун башка чөйрөлөрүнө салыштырмалуу билим берүүнү ыкчамдап өнүктүрүү максатын көздөйт, анткени билим берүү гана өлкөдөгү адамдык потенциалды өнүктүрүү менен байланышта жана башка чөйрөдө реформаларды камсыз кылуу үчүн лидерлерди жана адистерди даярдайт.

Билим берүү системасын ыкчамдап өнүктүрүүнүн зарылчылыгы дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүндө кабыл алынгандай эле окуп жаткан коомдун концепциясынын негизи болуп саналат жана өнүктүрүүнүн жогорку деңгээлин кармап турууга мүмкүндүк берет. Кыргызстан үчүн адамдык потенциалды өнүктүрүү, анын ичинде кесиптик орто жана жогорку билим берүү чөйрөсүнө чет өлкөлүк студенттерди тартуу регионалдык лидердик үчүн негиз болуп, региондук жана глобалдык деңгээлде өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кыла алат.

Глобалдык атаандаштык жана көп сандаган иштин трансчегаралык мүнөзүн кеңейтүү шартында улуттук таламдарды коргоо жана өлкөнүн беделин көтөрүү үчүн билим берүү системасы эки базалык процесстердин төмөнкүдөй макулдашуусун камсыз кылышы керек:

- маданияттын өзгөчөлүктөрүн сактоо жана өнүктүрүү, улуттук бөтөнчөлүктү жана маданияттын көп түрдүүлүгүн колдоо;
- Кыргызстанды региондук жана глобалдык билим берүү мейкиндигине киргизүү.

Аларды ишке ашыруу мамлекет менен коомдун инновациялык өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн билим берүү системасынын контурларын түзүшү керек.

Концепция билим берүү системасынын ресурстарын өлкөнүн өнүгүү максаттарына жетүүгө жумшаган теориялык, методологиялык жана уюштуруу жоболорун камтыйт.

**Концепцияда колдонулуучу түшүнүктөр жана аныктамалар.**

Билим берүү – аң-сезимди жетилтип жана жеке өсүшкө жеткире турган жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүнүн жана инсандын жүрүм-турумдарынын процесси жана натыйжасы.

Көрө билүү – келечектеги системанын образы, ал ошол натыйжага жетүүнүн ыкмаларын камтыйт.

Коркунуч – адамдын, мамлекеттин, коомдун жашоосуна коркунуч жаратуучу проблема.

Билим берүү доктринасы – билим берүүнүн баалуулугун, чектерин, идеалдарын, ошондой эле тигил же бул дүйнөлүк базалык стандарттарга багытты бекемдөөчү документ.

Билим берүү концепциясы – жаңы мазмундун, билим берүү түзүмүнүн жана уюштуруунун теориялык негиздемеси берилген, системадагы элементтер, байланыштар жана мамилелер, базалык процесстер жана функциялар баяндалган документ.

Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы – түрдүү стратегиялык тандоолорго жана алардын натыйжаларына талдоо жүргүзүүнүн негизинде аныкталган билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги багыттары жазылган документ, ошондой эле көрсөтүлгөн багыттардагы ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы.

Билим берүү миссиясы – билим берүүнүн коомдук институт катары дайындалышын көрсөтүү.

## II. XXI кылымда кыргызстандын билим берүүсү үчүн коркунучтар жана проблемалар

1) Проблемаларды чечүүдө тез ыңгайлашууну жана ыкмаларды талап кылган тез өзгөрүүчү (глобалдык) дүйнө. Глобалдык дүйнө - бул экономикалык, социалдык жана маданий процесстердин универсалдашуусу жана ылдамдашуусу жүрүп турган дүйнө, мында эмгек рыногу билим берүү кызматынын рыногуна салыштырмалуу кыйла динамикалуу өнүгүшүнө жана адистердин баалоосу боюнча бул ажырым барган сайын дагы өсө беришине алып келет. Ошондуктан адамдардын аң-сезими, алардын кесиптик билиминин жана даярдыгынын деңгээли, ошондой эле коомдун жалпы маданиятынын өсүү деңгээли илимий-техникалык прогресстин темпинен артта калып, улам өзгөрүп турган дүйнөдө адамзат жашоосунун жаңы шарттарына жооп бербей калды. Мунун кесепетинен билим берүү системасын жалпы кризис басты, анын себеби – билим берүүнүн мазмуну, ошондой эле билим берүү системаларынын масштабы жана өнүгүү деңгээли азыркы дүйнөгө адекваттуу эместигинде. Бул кризистен чыгуунун жолу “үзгүлтүксүз билим берүүнүн ийкемдүү, ачык жана өнүгүп жаткан системасын” түзүүдө жатат, бул ар бир адамга керектүү компетенттүүлүктөргө[1] өз алдынча ээ болуп, аны турмушта ар кандай проблемаларды чечүүгө, өзүнүн жеке жана социалдык жашоосун ийгиликтүү курууга колдонуп, жашоонун оош-кыйыш жана кыйчалыш жагдайларына ыкчам ыңгайлашууга көнүктүрөт.

2) Коомдун экономикалык жана саясий системасынын өзгөрүшү Кыргызстанды коомдук өнүктүрүүнүн парадигмасынын өзгөрүшүнө алып келди, бул бир жагынан советтик билим берүүнүн кыйрашынан (бирок коомдо анча баамдалбайт), ал эми экинчи жагынан – он жыл ичиндеги үзгүлтүксүз реформаларга карабай, кесиптик педагогикалык коомчулук менен да, ошондой эле Кыргызстандын калкы менен да кабыл алынган билим

---

[1] “Компетенттүүлүк – белгиленген бир жагдайда (окуу, инсандык, кесиптик) адамдын билимдин жана иштөө ыкмаларынын түрдүү элементтерин өз алдынча колдонушунун интеграцияланган жөндөмдүүлүгү” // Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүсүнүн алкактык улуттук куррикулуму. – Б.: 2010. – 5-б. БИМдин 2009-жылдын 21-декабрындагы №1114/1 “Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүсүнүн алкактык улуттук куррикулумун кабыл алуу жөнүндө” буйругу менен бекитилген.

берүүнүн жаңы моделинин жоктугунан келип чыккан билим берүү системасында карама- каршылыктарга алып келди. Мындай кырдаалда өлкөнүн билим берүү системасы дүйнөлүк керектөө деңгээлинен гана эмес, ошондой эле Кыргызстандын өзүнүн коомдук керектөөсүнөн да артта кала берет. Ошондуктан бул сыноого шайкеш даярдыктын жолу билим берүү системасын төмөнкүдөй реформалоодо жатат:

- ар бир баланын "турмушка тең киришин" камсыз кылуу үчүн мектепке чейинки билим берүү системасын өнүктүрүү;
- мектепте милдеттүү билим берүүнүн сапатын жогорулатуу ("Бардыгы үчүн билим берүү" (БҮБ) Концепциясынын, "Миң жылдыкты өнүктүрүү максаттарынын" (МӨМ) жана башкалардын алкагында өнүгүп жаткан), анын милдети окуучуларды инсандык жана жарандык өнүктүрүү, кесиптик иштин баштоо үчүн жетиштүү болгон компетентүүлүктөргө ээ болууга даярдоо болуш керек;
- билим берүүнүн кийинки деңгээлдерин кылдаттык менен куруп, жалпы жана атайын кесиптик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга көбүрөөк көңүл бөлүү керек;
- белгиленген үлгүдөгү документ берип, билим берүүнүн кийинки баскычында окууну улантууга мүмкүндүк түзгөн формалдуу билим берүүнүн квалификацияны жогорулаткан же ушундай билим алгандыгы тууралуу сертификат берүү менен жеке талапты канааттандырган формалдуу эмес билим берүүгө айкалышуусу керек;
- бүткүл системанын деңгээлинде каржылоо, башкаруу, кадр саясатына өзгөртүүлөрдү киргизүү.

3) Өлкөнүн экономикалык жана билим берүү саясатынын ортосунда өз ара байланыштын жоктугу. Системанын иши эмгек рыногунун суроо-талаптарына жана болочок адистерге коюлган талаптарга жооп бербей калганда системанын алдында жаңы максаттарды коюу зарылдыгы жаралат, ошондой эле системанын максаттары менен ага жетүүнүн ыкмаларын жаңыртып тууралап тургандай кылып кайра куруп чыгуу керек болот.

4) Өлкөнүн, региондун, дүйнөнүн маданий көп түрдүүлүгү. Азыркы коомдо маданий жана этникалык көп түрдүүлүк өнүгүүнүн ресурсу катары каралат. Бирок 2010-жылдагы окуялар көрсөткөндөй, алар Кыргызстанда чыр-чатактардын да себеби болушу мүмкүн. Чыр-чатактар мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн көп маданияттуу коомдо жашоого даярдыгы жетишпегендигин, чатактарды сый-сыпаа жол менен чечүүнү билбегендиктерин жана жалпылап айтканда социалдык компетенттүүлүктөрдүн деңгээли төмөн экендигин көрсөттү. ЮНЕСКОнун XXI кылым үчүн билим берүү боюнча эл аралык комиссиясы келечектеги билим берүү үчүн төрт негизги компетенттүүлүгүн аныктады, алардын бири – "бирге жашоого үйрөнүү". Ошондуктан, билим берүү көп этностуу жана көп маданияттуу коомдо биригүүнүн каражаты болгондой кылып, этностук, маданий жана диний ар түрдүүлүктү камсыз кылгандай жолго салып системаны кайра куруп чыгуу керек. Кыргыз Республикасында билим берүүнүн бардык баскычтарында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүүнү өнүктүрүү бул сыноого карата көрүлгөн даярдык болуп саналат.

## III. 2020-жылга карата кыргыз республикасында билим берүү системасынын көрүнүшү

Билим берүү системасынын жемиштүүлүгүнүн башкы критерийи болуп турмуштук сыноолордон өтүүгө жөндөмдүү жана өлкөнүн экономикалык, социомаданий жана саясий керектөөлөрүнө жооп берген компетенттүүлүктөргө ээ болгон бүтүрүүчү саналат.

Окуу убагында ар бир окуучу же студент бир катар негизги/базалык жана предметтик/атайын компетенттүүлүккө үйрөнөт, алар жеке өнүгүүнүн белгиленген бир

этаптарында коммуникациялык, кесиптик жана башка иш-аракеттерди ийгиликтүү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Мектепке чейинки билим берүү баскычында бала өзүнүн жакын чөйрөсүндө өзүн алып жүрүүгө үйрөнөт жана мектепке окууну баштаганга даярданат.

Жалпы билим берүүчү мектептин бүтүрүүчүлөрү окууну улантууга же иштөөгө жана демократиялык мамлекеттин жараны катары өзүнө жоопкерчиликти алууга даяр деңгээлде негизги (маалыматтык, социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүккө, проблемаларды чечүүдө компетенттүүлүккө), ошондой эле предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болууга милдеттүү.

Кесиптик билим берүүнүн баскычы ички, региондук жана дүйнөлүк эмгек рыногунун талаптарына жооп берген жана системалуу түрдө, ар кандай формада өзүнүн квалификациясын жогорулатууга даяр жогорку квалификациядагы адистерди даярдоону камсыз кылышы керек.

**Бул учурда 2020-жылга карата билим берүү системасы төмөнкүдөй болот:**

- мамлекеттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана экономикалык жактан өсүп-өнүгүшүн камсыз кылат;
- адамдык капиталдын наркын жана сапатын жогорулатууга жардам берет.

**Билим берүү системасы төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:**

- сапаттуу негизги жалпы билимге кепилденген жетүүнү жана билим берүүнүн башка баскычтарына ар бир адамдын жөндөмдүүлүгүнө жана керектөөсүнө жараша бирдей жетүүнү камсыз кылууга;
- өлкөнүн инновациялык өнүгүүсүнүн маанилүү ресурсу катары таланттуу жаштарды билим берүү системасынын бардык деңгээлинде колдоого;
- Кыргызстандын жаранын үй-бүлө жана коомчулук менен тыгыз жана тең укуктуу кызматташтыкта тарбиялоону камсыз кылууга;
- өзгөчө муктаждыктагы балдарга жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга билим берүүгө басым жасап, билим берүүнүн бардык баскычында инклюзивдүү ыкмаларды киргизүүгө;
- окутуу шартына дифференциалдык мамилени эске алуу менен билим берүүнүн бардык деңгээлинде жана баскычтарында бюджеттик каржылоонун минималдык стандарттарынын негизинде финансы каражаттарын натыйжалуу бөлүштүрүүнү камсыз кылууга;
- кесиптик өнөрүн дайыма өркүндөтүп турган жана коомдо бийик статусу бар жогорку квалификациялуу педагогикалык кадрларга ээ болууга;
- академиялык жана чарбалык жактан кеңири өз алдынчалыкка ээ болгон жана билим берүү кызмат көрсөтүүсүнүн сапатына жоопкерчилик алып жүргөн билим берүү уюмдарынын алгылыктуу тармагына ээ болууга;
- билим берүү системасынын бардык деңгээлинде сапаттын кепилдик механизмдерин бекемдөө үчүн билим берүү уюмдарынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасына ээ болууга;
- улуттук жана эл аралык билим берүү мейкиндиктеринде окугандардын академиялык мобилдүүлүгүн колдоого.

## IV. Билим берүү системасынын иштөө, уюштуруу принциптери жана билим берүү баскычтары

### 1) Иштөө принциптери

Билим берүү азыркы учурда адамды жогорку даражада белгисиз болгон жашоо абалына даярдашы керек. Бул жобо үзгүлтүксүз билим берүүнүн жана окуп жаткан коомчулуктун концепциясынын методологиялык негизи болуп саналат, ал адамдын турмушта улам жаңы тоскоолдуктар менен кыйынчылыктарга туш болгондугуна жараша

билим берүү системасына анын формалдуу жана формалдуу эмес деңгээлинде көп жолу кайрылып келүүсүнө шарт түзүп берүүгө чакырылган.

Ушуга байланыштуу бүткүл дүйнөдө билим берүүнүн түзүмү, окутуунун мазмуну жана ыкмасы төмөнкүлөргө багытталган:

- окууга үйрөтүүгө,
- иштөөгө жана акча табууга үйрөтүүгө,
- бирге жашоого үйрөтүүгө.

Бул принциптер билим берүүнүн ар бир баскычында уюштуруу жана билим берүү процессин ишке ашыруу өзгөчөлүктөрүнө жараша өзгөрөт.

**2) Билим берүү системасын уюштуруу принциптери**

- ар бир баскычтын ачыктыгы – негизги жалпы билим алгандан кийин түрдүү типтеги билим берүү уюмдарында билим алууну улантуу жана окууну ар кандай формада (күндүзгү, күндүзгү-сырттан, сырттан, экстернаттык, дистанттык) уюштуруу мүмкүндүгү. Окутуунун ар бир баскычы окуу программасынын өздөштүрүлгөн деңгээлин аныктаган жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация менен аяктайт.

- башталган жолдун бузулбастыгы. Ал төмөнкү ыкмалар менен ишке ашат:

окутуунун жалпы методологиясы - мектепке чейинки билим берүүдөн тартып чоң кишилерди окутуу системасына чейин билим берүү системасы окуучунун/бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүктөрүнүн топтомунда чагылдырылган жыйынтыкка багытталган;

билим берүүнүн жалпы максаттары жана милдеттери - өздүк билим берүү траекториясынын негизинде окуучунун потенциалын өнүктүрүү (инсанга багыттап окутуу);

уюштуруу шарттары – билим берүүнүн бардык деңгээлинде стандарттардын/куррикулумдардын жана окутуунун натыйжасына талаптарды аныктаган башка ченемдик документтердин бар болушу;

аралык жана жыйынтыктоо аттестациялары (4-9-11-класстар) – кийинки баскычта окууга мүмкүндүк берүүчү окуучунун даярдыктын белгиленген бир деңгээлине ээ болгондугунун кепилдиги катары;

окутуунун натыйжасына болгон жаңы талаптарга ылайык педагогикалык кадрлардын бар болушу;

билим берүү уюмдарынын инфраструктурасы.

**3) Билим берүүнүн баскычтары**

**1) Мектепке чейинки билим берүү.** Баланын эрте өсүшү жана мектепке чейинки билим берүү өлкөнүн билим берүү саясатынын бирден-бир артыкчылыктуу багыты болуп саналат. Бул аталган этаптын өзгөчө маанилүүлүгү менен шартталган, анда баланын интеллектин өнүктүрүү жана социалдык көнүктүрүү, бардык балдар үчүн мектепте сапаттуу билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу үчүн негиз түзүлөт.

2020-жылга 3-5-жаштагы балдардын 20%ын[2] мектепке чейинки билим берүү менен камсыз кылуу деңгээлине жетүү үчүн төмөнкүдөй чараларды камсыз кылуу зарыл:

1) мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын менчигинин түрү боюнча көп түрдүүлүгүн колдоо, мында альтернативдүү мектепке чейинки уюмдарды түзүүгө артыкчылыктуу көңүл бурулат. 2020-жылга 3 жаштан 5 жашка чейинки балдар үчүн кеминде 500 альтернативдүү мектепке чейинки уюмдар ачылышы керек;

[2] БИМдин маалыматы боюнча азыркы учурда мектепке чейинки билим берүү менен камтылган балдардын көрсөткүчү 14,8%ды түзөт, анын ичинде шаарларда -25%, айыл жергесинде – 5%.

2) балдарды социалдаштырууга жана мектепке даярдоого багытталган окутуп-тарбиялоону уюштуруунун жаңы принциптерин ченемдик жактан бекемдөө жана аны уюштурууга колдоо көрсөтүү;

3) 3 жаштан 6 жашка чейинки балдардын билим берүү жетишкендиктеринин стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү;

4) мектепке чейинки билим берүү уюмдарына барбаган 6-7-жаштагы балдар үчүн милдеттүү түрдө мектепке даярдоочу билим берүүнү колдоо;

5) мектепке чейинки уюмдар үчүн имараттарды курууну/кайра профилдөөнү (жан башына каржылоого өткөзүп жатканда тармактарды оптималдаштырууда бошогон мектептерди кошо алганда) колдоо;

6) мугалимдер/тарбиячылар үчүн оюн материалдары, окуу китептери жана окуу-методикалык комплекс (ОМК) менен камсыз кылынган окутуу чөйрөсүн түзүү.

Баланын эрте өсүшүнө жумшалган аракеттердин натыйжалуулугу кийинки окуу баскычтарынын баарынан ашып түшөт. Ушуга байланыштуу Концепция 2020-жылга мектепке чейинки билим берүүнү жана баланы эрте өнүктүрүү программаларын каржылоону ИДПнын бир пайызына чейин жеткирүү зарылдыгын бекемдейт.

**2) Мектепте билим берүү** инсанга багыттап окутуу ыкмасына негизденет жана ар бир окуучуда негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн белгиленген бир топтомун түзүүгө багытталган. Мектепте негизги билим орто, баштапкы же кесиптик орто билим алуу же эмгек рыногуна чыгуу үчүн база түзөт. Мектепте орто билим бүтүрүүчүлөрдү жеке жана социалдык көнүктүрүүнү камсыз кылган профилдик билим берүүнү киргизүүнүн эсебинен окутуунун ар түрдүүлүгүн (дифференциалдашын) күчөтөт жана орто же жогорку кесиптик окуу жайларында окуусун улантууга же эмгек рыногуна чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

**Мектепте билим берүүнүн мазмуну**

2020-жылга чейинки мезгилде мектеп окутуунун эң массалык деңгээли катары натыйжага багытталган билим берүүгө өтүшү керек, ал үчүн төмөнкүлөр зарыл:

окутууну жаңыча уюштуруунун негизи катары коомдун социалдык заказдары менен макулдашылган бир катар ченемдик документтерди (Алкактык улуттук стандартты (куррикулумду), предметтик стандарттарды/куррикулумдарды, мектептик куррикулумдарды ж.б.). кабыл алуу;

Базистик окуу планын түзүмдүк жактан кайра куруу, ал мамлекеттик жана региондук мектептик компоненттердин болушунун эсебинен балдардын, мектептин жана региондун керектөөсүн эске алуу менен окутуу процессинин ийкемдүү курулушун камсыз кылышы керек;

ар бир бүтүрүүчүдө инсандык, социалдык жана кесиптик милдеттерин аткаруу үчүн жетиштүү болгон жеке компетенттүүлүктөрдүн топтомун калыптандырууга багытталган окутуунун электрондук каражаттарын колдонууну кошо алганда, билим берүүнүн мазмунун өзгөртүү жана окутуунун инновациялык технологияларын киргизүү;

2020-жылга карата мектепте билим берүүнүн жогорку баскычында мектептердин 25 пайыздан кем эмес бөлүгүн окуучулардын болочоктогу ишин тандоо жана атайын кесиптик орто, жогорку кесиптик окуу жайда окууга даярдануу же эмгек рыногуна чыгуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн профилдүү билим берүүнү уюштурууга өтүү. Өлкөдө жана региондо талап кылынган кесиптерге окуучуларды тартуу жана Кыргызстанда эмгек рыногунда болуп жаткан ажырым көрүнүштөрдү азайтуу үчүн кесипке багыт берүү иштерин күчөтүү;

мектептерди жаңы муундагы окуу-методикалык комплекстер менен камсыз кылуу, китеп чыгаруу ишине дем берүү үчүн окуу жана окуу-методикалык адабияттарды басууну уюштуруунун жаңы формаларын иштеп чыгуу;

педагогикалык кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо системасын өркүндөтүү;

билим берүү натыйжасын тигил же бул сабак жөнүндө билимди өздөштүрүү деңгээли катары эле эмес, ошондой эле окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн инсандык, жарандык жана кесиптик керектөөлөрүн ишке ашырууну камсыз кылуучу ар бир окуучу үчүн негизги жана предметтик компетенттүүлүктү билүүнүн жеке деңгээли катары да баалоого мүмкүндүк берүүчү окуучулардын жетишкендиктерин жаңы система менен баалоону киргизүү (суммативдик, формативдик).

**Билим берүү чөйрөсү**

Жалпы билим берүү уюмдарынын билим берүү чөйрөсү 2020-жылга карата төмөнкү параметрлер менен мүнөздөлөт:

- окутууну уюштуруунун институттук шарттары бардык балдарга, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга негизги жалпы билим алууга жана 10-11-класстарда окугусу келген окуучуларга орто билим алууга мүмкүндүк берген билим берүү уюмдарынын тармагын камтыйт. Институттук чөйрөнүн бир бөлүгү болуп мектептердин окуу куралдары, интерактивдүү/электрондук окутуу каражаттары менен камсыз болушу, мектептерди Интернет тармагына туташтыруу, ошондой эле пилоттук мектептерде “Интерактивдүү мектеп” комплекстеринин иштеши (2012 жылдан баштап – 192 млн. сом өлчөмүндө каржылоо менен жыл сайын 100 мектепти камсыз кылуу) эсептелет;

- сапаттык мүнөздөмөлөр функциялык сабаттуулуктун заманбап стандарттарын, ошондой эле артыкчылыктуу багыттарда озуп окутуу мүмкүнчүлүгүн жана таланттуу окуучуларды колдоону камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык билим берүү чөйрөсү диний эмес мүнөзгө ээ, мында мектепте диндик мүнөздөгү сабактар да окутулушу мүмкүн. Сабактарды ЖОЖдордун же квалификацияны жогорулатуу борборлорунун базасында квалификацияны жогорулатуунун тиешелүү курстарынан өткөн педагогикалык билими бар адамдар (мугалимдер) гана берет.

Билим берүү чөйрөсү көп маданияттуу мүнөзгө ээ, бул бир билим берүү уюмунда ар кандай этностогу балдардын жагымдуу окушун камсыз кылат, көп тилдүү билим берүүнү уюштурууну, “бирге жашоого үйрөнүү” принцибине ылайык көп маданияттуулук компетенттүүлүктөрүн, сабырдуулукка тарбиялоону куррикулумга киргизүүнү билдирет.

Электрондук билим берүү чөйрөсү да түзүлдү, бул окуу процессине маалыматтык технологияларды киргизүүнүн эсебинен камсыз кылынат. “Интерактивдүү мектеп” программасы, окуучуларды нетбук жана/же башка электрондук окутуу каражаттары менен камсыз кылуу программасы ишке ашырылат.

Билим берүү чөйрөсүнүн тарбиялык милдети бар, бул Кыргызстандын азыркы коому туу туткан негизги нарк-дөөлөттөрдүн (патриоттуулук, демократиялык жана жарандык укуктарды жана эркиндиктерди кабыл алуу, көп түрдүүлүк; сабырдуулук, активдүү иштөөгө даярдык ж.б.) негизинде инсанды калыптандырып жана эркин өнүктүрүүнү болжолдойт.

**3) Кесиптик баштапкы жана орто билим берүү** бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүгү менен эмгек рыногундагы талаптардын ортосундагы айырманы жоюуга, квалификациялуу кадрларга болгон суроо-талап менен сунуштарды теңдөөгө, ишкерлердин жана жалпысынан коомдун бүтүрүүчүлөргө болгон ишеним деңгээлин көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү натыйжага багытталган. Кесиптик ишти активдүү баштоого же кесиптик карьера жасоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Мамлекет жогорку окуу жайларды жана бизнес-түзүмдөрдү кесиптик баштапкы жана орто билим берүү системасын өнүктүрүүгө аралашуусуна шарт түзөт, эмгек рыногунда эмгек мигранттарынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана

алардын социалдык корголушун камсыз кылуу үчүн мамлекет эл аралык негизде (мисалы, кыргыз-россия, кыргыз-казак ж.б.) кесиптик баштапкы билим берүү борборлорун түзүүнү колдойт.

Бул үчүн төмөнкүлөр зарыл:

Жарандардын, анын ичинде жаштардын, жумушсуздардын жана үзүл-кесил иштеген чоң кишилердин; кесиптик чеберчилигин жогорулаткысы келген жумушу бар чоң кишилердин суроо-талаптарына багытталган ийкемдүү программалар боюнча кыска мөөнөттөгү окутуунун ар кандай формаларын өнүктүрүү. Калктын аялуу катмарына жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга өзгөчө көңүл буруу.

Социалдык өнөктөштөрдү кесиптик баштапкы жана орто билим берүүнү өнүктүрүү боюнча саясат түзүү жана чечим кабыл алуу маселелерине тартуунун институттук механизмдерин түзүү. Алардын эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайык кадрларды даярдоо боюнча квалификациялык талаптарды түзүүгө катышуусун камсыз кылуу.

Ички жана тышкы эмгек рыногунда квалификациялардын деңгээлин таанып билүү жана сапатын камсыз кылуу үчүн кесиптик билим берүүнүн Улуттук квалификациялык түзүмүн (алкагын) киргизүү.

Окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн баалоодо жана сертификат берүүдө, окуу натыйжаларына мониторинг жүргүзүүдө жумуш берүүчүлөрдүн жана жарандык коомдун катышуусу менен кесиптик баштапкы жана орто билим берүү программаларын көз карандысыз аккредитациялоо программаларын түзүү.

Компетенттик мамилени жана модулдук окутууну киргизүүнү эске алып окуу программаларын жана стандарттарын түп-тамырынан бери жаңыртуу. Окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү менен жумуш берүүчүлөрдүн керектөөлөрүнө талдоо жүргүзүүнүн негизинде окуу программаларын жана материалдарды дайыма жаңыртып туруу системасын түзүү.

Жетекчилерди жаңы шарттагы менеджменттин негиздерине (анын ичинде маркетинг, бизнес-пландаштыруу, стратегиялык пландаштыруу жана башкаруу, персонал менен иштөө, социалдык өнөктөштүк жана өнөктөштөр менен сүйлөшүү, программалык бюджеттөө ж.б.) окутуу.

Окутуунун инновациялык формаларын жана методдорун киргизип, иш жүзүндө көндүмдөрдү өнүктүрүү менен кесиптик-техникалык билим берүү системасынын педагогикалык кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу системасын жаңыдан түзүү.

Заманбап өндүрүштүк технологиялардын, маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын негизинде кесиптик баштапкы жана орто окуу жайларынын инфраструктурасын модернизациялоо.

Эмгек рыногунун керектөөлөрүнүн өзгөрүшүнө ийкемдүү жооп берүү жана кесиптик окутууда жарандардын суроо-талаптары үчүн окуу жайларынын материалдык-техникалык жана адам ресурстарын оптималдаштыруу.

Каржы, материалдык жана адам ресурстарын пайдалануунун жоопкерчилигин жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн окуу жайларынын административдик жана каржы автономиясын өнүктүрүү.

**4) Кесиптик жогорку жана ЖОЖдон кийинки билим берүү** чыныгы эмгек рыногунда иштөөгө даяр жана жөндөмдүү адам ресурстарын өнүктүрүүнү камсыз кылат жана инсандын билим алууга болгон талабын канааттандырат. Илимди жана билим берүүнү интеграциялоо билимге жана заманбап технологияга негизделген экономика үчүн кесиптик билим берүү системасын ыкчам өнүктүрүүнүн инновациялык потенциалын түзөт

Ушуга байланыштуу билим берүүнүн ушул деңгээлин өнүктүрүүдө негизги артыкчылык экономиканын заманбап талаптарын эске алуу менен ЖОЖдордо окуу сапатын жогорулатуу жана кесиптик даярдоо проблемаларына берилиши керек.

Бул үчүн төмөнкүлөр зарыл:

**а) жогорку билим берүүнүн шарттарын өзгөртүү:**

Кыргыз Республикасында кадрларга болгон суроо-талаптарга ылайык ЖОЖдордун тармагын оптималдаштыруу;

менчиктин ар түрдүү формасындагы жогорку окуу жайлардын иштеши үчүн шарт түзүү;

ЖОЖдордун көпчүлүк бөлүгүн өзүн-өзү каржылоого өткөрүү, алардын автономиясын жана экономикалык чөйрөгө интеграцияланышын камсыз кылуу;

жогорку окуу жайлар үчүн башкаруунун моделин эркин тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;

ЖОЖдор менен жумуш берүүчүлөрдүн ортосунда тыгыз байланышты орнотуу, жумуш берүүчүлөрдүн заказдары боюнча кадрларды даярдоого акырындык менен өтүү;

мамлекеттин коопсуздугу жана коомдун туруктуулугу үчүн орчундуу мааниси бар адистиктер боюнча окутууну гранттык уюштурууну сактап калуу;

**б) жогорку билим берүүнүн түзүмүн жана мазмунун өзгөртүү:**

билим берүүнү көп баскычтуу (бакалавр, магистр, PhD-доктордук даража) система боюнча уюштурууну камсыз кылуу;

бүтүрүүчүгө азыркы дүйнөдө атаандашууга жөндөмдүү болууга мүмкүндүк берген компетенттүүлүк моделине негизделген жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана киргизүү, бүтүрүүчүлөргө квалификациялуу талаптарды иштеп чыгууга жумуш берүүчүлөрдү тартуу;

**в) окуу процессин уюштурууну кайра куруу жана билим берүү чөйрөсүн өзгөртүү:**

студенттердин ийкемдүү жана вариативдик жеке билим берүү траекториясын курууну камсыз кылуу, кредиттерди которуунун жана топтоонун Европалык системасын киргизүү жолу менен академиялык мобилдүүлүктү кеңейтүү;

окутуунун инновациялык методдорун кеңири жайылтуу, анын ичинде маалымат технологияларын колдонуу;

кесиптик окуу жайлардын материалдык-технологиялык базасын жакшыртуу, анын ичинде билим берүү процессин маалыматтык- коммуникациялык жактан колдоонун комплекстик системасын, жаңы муундагы электрондук билим берүү ресурстарын түзүү жана өнүктүрүү;

**г) сапатты ички жана тышкы контролдоо механизмдерин өркүндөтүү:**

сапатты ички контролдоо механизмдерин жана окуу процессине мониторинг жүргүзүүнүн жана окутуунун жыйынтыгын контролдоонун заманбап методдорун киргизүү жана бекитүү;

лицензиялык ченемдер менен талаптарды жана белгиленген чектүү контингентти сактоо жана аткаруу;

профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу жана окуу жайдын менеджмент системасын өркүндөтүү;

сапатты баалоонун көз карандысыз (коомдук-кесиптик) борборлорун өнүктүрүүгө жардам берүү жана алардын негизинде ЖОЖдордун коомдук-кесиптик аккредитациялоонун көз карандысыз агенттигин түзүү;

ЖОЖдорго лицензия берүү жана мамлекеттик аттестациялоо/аккредитациялоо жол-жобосун өркүндөтүү.

**д) илимдин ролунун өзгөрүшү**

жогорку билим берүүнү жана илимди интеграциялоо артыкчылыктуу илимий багыттарга концентрациялоо, ЖОЖдордо окуу-илимий лабораторияларды, илимий

борборлордо, технопарктарда, өндүрүштө кафедралардын филиалдарын түзүү аркылуу ишке ашат.

**5) Кошумча билим берүү жана чоң кишилер үчүн билим берүү** адамдын жашоо-турмушунун түрдүү этаптарында жеке керектөөлөрдү жана муктаждыктарды канааттандырууга багытталган; көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жана кеңейтүүгө, квалификацияны жогорулатууга мүмкүндүк берет, ошондой эле бүтүндөй жашоо бою билим алуу мүмкүндүгүн берет.

## V. Билим берүүнү башкаруу системасынын реформалары

Системалуу реформалар билим берүүнүн бардык деңгээлин камтыйт. Алар ар бир деңгээлде өзгөчө мазмунга жана ишке ашырууга ээ.

Системалуу реформалар каржылоо, билим берүүнү жана кадр саясатын башкаруу чөйрөсүн камтыйт.

**1) Каржылоо**

Билим берүү системасынын коомду инновациялык жактан өнүктүрүү үчүн негиз катары иштешин камсыз кылуу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

1) жалпы билим берүү уюмдарын иштетүү жана өнүктүрүү муктаждыктарына жараша Бюджеттик каржылоонун минималдуу стандарттарын түзүү жана мектептердин өнүгүүгө болгон муктаждыктарына ылайык анын өлчөмүн жогорулатуу жагына кайрадан карап чыгуу;

2) мектептерди жан башына каржылоо Бюджеттик каржылоонун минималдуу стандарттарын 100 пайыз жаап, негизги жана реинвестицияланган каражаттардын эсебинен өнүгүүгө кеткен үлүштү 10 пайыздан кемитпей көбөйтүү;

3) окутуунун сапатына болгон талаптарды бир эле учурда жогорулатууда педагогика кызматкерлеринин эмгек акысын системалуу түрдө жогорулатууну камсыз кылуу;

4) мектептерди жаңы муундагы окуу-методикалык комплекстер менен камсыз кылуу, китеп чыгаруу ишине дем берүү үчүн окуу жана окуу-методикалык адабиятты чыгарууну уюштуруунун жаңы формаларын киргизүү;

5) 2020-жылга карата билим берүү системасынын бардык деңгээлинде жан башына каржылоого өтүү, бул каражаттарды бөлүштүрүүдө окуу жайлардын автономиясын күчөтөт, анын ичинде каражаттарды кайрадан инвестициялоо, кийинки жылга которуу мүмкүнчүлүктөрү ж.б.;

6) жогорку билим алууга бюджеттик гранттар коомдун иштешинин жана өнүгүшүнүн туруктуулугун камсыз кылган адистиктерге гана мамлекет тарабынан бөлүнгөн системага акырындык менен өтүү;

7) мамлекеттик грант эки-үч тараптуу (мамлекет, студент, жумуш берүүчү) келишимдин негизинде берилет жана эгерде грант алуучу тарабынан келишим аткарылбаса анын карыз милдеттенмеси болуп калат жана бул карыз келишимде жазылган мөөнөттө мамлекетке төлөнүшү керек;

8) донордук каражаттар бюджетти түздөн-түз колдоп, акча каражаттары билим берүү саясатын түзүүнүн, ишке ашыруунун жана өнүгүү саясатынын куралы болуп саналгандыгын билдирген кең секторлуу мамилеге (SWAp-Sector Wide Approach) өтүү өтө зарыл;

9) мектептердин чыгашаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу, каржы ресурстарын билим берүү саясатын ишке ашыруу каражаты катары концентрациялоо максатында билим берүү секторунда каржылоо агымдарын оптималдаштыруу;

10) билим берүүгө инвестиция салууну стимулдаштыруу, анын ичинде бизнес-сектор үчүн салыктык преференциялардын эсебинен;

11) кесиптик билим берүү системасы үчүн ссудалардын жана гранттардын системасын өнүктүрүү жана гранттарды ЖОЖго эмес абитуриенттердин өзүнө бөлүштүрүүгө өтүү.

**2) Башкаруу түзүмү**

Билим берүү системасын өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн билим берүүнү башкаруунун ийкемдүү, натыйжалуу системасын түзүү зарыл, ал жогорку сапаттагы билим берүүгө, анын вариативдүүлүгүнө, өлкөнүн жана инсандын керектөөлөрүн канааттандырууга багытталышына кепилдик бериши керек.

Азыркы этапта билим берүүнү башкаруу системасын реформалоонун негизги принциптери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) бардык деңгээлдеги билим берүүнү башкаруу органдарынын компетенцияларын, ыйгарым укуктарын жана жоопкерчиликтерин так аныктоо, бирдиктүү мамлекеттик билим берүү саясатын жүргүзүү максатында алардын өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу;

2) билим берүү процессин уюштурууда жоопкерчиликти бөлүштүрүү: мамлекет стандарттарга жетишүүгө жооп берет; стандарттан тышкары берилген билим ата-энелердин, бизнес-түзүмдөрдүн жана башка кызыккан жактардын жана уюмдардын жоопкерчилиги чөйрөсү болуп саналат;

3) менчик түрү, формасы, билим берүү методологиясы боюнча ар түрдүү болгон билим берүү уюмдарынын иштеши үчүн шарт түзүү;

4) билим берүү системасын тескеп башкаруудан жөндөп башкаруу системасына өтүү, ал үчүн:

маалымдалган чечимдерди кабыл алуу үчүн мониторинг жүргүзүү, маалымат чогултуу жана жаңыртып туруу системасы түзүлгөн;

билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы түзүлгөн, ал өз кезегинде комплекстүү божомолдоо системасынын иштешине мүмкүндүк берет (демографиялык жана башка факторлорду эсепке алуу менен жаратылыш кырсыктарына көңүл буруудан баштап билим берүү объектилерин курууну болжолдоого чейин);

бардык деңгээлдеги билим берүү уюмдарында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын баалоо үчүн жаңы каражат иштелип чыгып, колдонулуп жатат;

кесиптик окуу жайлардын программаларын аккредитациялоону камсыз кылуучу аккредитациялык агенттиктер/борборлор иштейт;

билим берүү уюмдарын стратегиялык жана оперативдик башкаруунун жаңы мамилелери, башкаруу кадрларын ротациялоонун механизмдери киргизилген. Билим берүү уюмдарынын жетекчилери мамлекеттик билим берүү кызматын аткарууга жалданган менеджер болушат, алар тиешелүү жободо белгиленген ошол уюмда кызмат ордун эки мөөнөттөн ашпаган убакытка ээлөөгө укуктуу;

бардык деңгээлдеги билим берүү уюмдарынын жетекчилерин даярдоонун жана аттестациядан өткөрүүнүн натыйжалуу системасы түзүлүп, колдонулуп жатат.

**3) Билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик-коомдук формаларын өнүктүрүү**

Билим берүү системасы үчүн артыкчылыктуу багыттарды аныктоодо коомчулуктун ролун жогорулатуу үчүн билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик-коомдук формаларын өнүктүрүү каралган, алар билим берүү системасында – министрликтерден тартып райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө жана башкармалыктарына чейин, билим берүү уюмдарынын жана башкаруу түзүмдөрүнүн ишинин ачык-айкындуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатат.

Билим берүү уюмдарынын деңгээлинде коомдук органдардын (камкорчулар кеңештери, студенттердин жана окуучулардын өз алдынча башкаруу органдары же башка формалары) алдында балдардын, ата-энелердин жана региондун керектөөлөрүнө жооп берген билим берүү суроо-талаптарын аныктоого катышуу, коомдук органдардын

финансылык каражаттарынын жана ресурстарынын колдонулушуна мониторинг жүргүзүү, контролдоо жана отчеттуулук милдети турат.

Билим берүү системасында башкаруу түзүмүнүн деңгээлинде (коомдук байкоочу кеңеш форматында) стратегиялык башкаруу чечимдерин кабыл алуу жана ишке ашыруу жол-жоболорунун ачык-айкындуулугун жогорулатуу боюнча мамлекеттик орган менен жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсү болушу керек.

Коомчулук катышкан органдардын курамына бизнес-түзүмдөрдүн, коомдук уюмдардын жана башка кызыкдар тараптардын өкүлдөрү тартылат.

**4) Кадрдык саясат**

Квалификациялуу кадрларды ишке тартуу жана педагогика кызматкерлеринин статусун жогорулатуу стратегиясы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен макулдашуу боюнча мамлекеттик билим берүү мекемелеринин, уюмдарынын жетекчилерин дайындоо тартиби кадрдык саясаттын негизин түзөт.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарын жана мектептерди квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылуу үчүн бир топ субъекттер ортосунда мугалимдерди тартууга бөлүштүрүлгөн жоопкерчиликти камсыз кылуу зарыл:

- кесиптик окуу жайлар жана кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу системасы – педагогдорду даярдоо деңгээлине жооп берет.

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана билим берүүнү башкаруу органдары - мугалимдерге болгон муктаждыктарга мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылууга жана педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоодо заказды жана тең каржылоону аныктоого жооп берет.

- мамлекет - мугалимдерге кепилденген деңгээлде эмгек акыны камсыз кылууга, кесиптик өнүктүрүүгө дем берүү системасынын социалдык кепилдиктерин берүүгө жана колдоого жооп берет.

Кесиптик лицейлерди, атайын кесиптик орто жана жогорку окуу жайларын профессордук-окутуучулардын курамы менен камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик төмөнкүлөргө жүктөлөт:

- мамлекеттик билим берүүнү башкаруу органдарына – педагогикалык кадрларды даярдоо системасын аныктоо жана түзүү үчүн (өндүрүш чебери, бакалавр-магистр; аспирантура/докторантура же PhD-доктордук даража).

- окуу жайларга - педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууну уюштуруу үчүн, анын ичинде академиялык мобилдүүлүктү күчөтүүнүн жана бизнес-түзүмдөр же чет өлкөлүк илимий/билим берүү борборлору менен биргелешкен илимий жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн эсебинен.

- бизнес-түзүмдөр жана мамлекеттин жана жарандык коомдун башка субъекттерине – болочоктогу адистин атайын компетенттүүлүгүн түзүүгө багытталган практиканы (өндүрүштүк, педагогикалык ж.б.) уюштуруу үчүн.

Мектепте билим берүүнүн, окутуу технологиясынын мазмунун өзгөртүү педагогикалык кадрларды даярдоону өзгөртүүнү талап кылат, ал үчүн төмөнкүлөр зарыл:

педагогдун жаңы моделин иштеп чыгуу жана анын мүнөздөмөлөрүн педагогикалык билим берүүнүн стандартына киргизүү, бул ЖОЖдук педагогикалык билимдин жумуш берүүчүнүн талаптары менен байланышын камсыз кылат;

жаңы мазмундагы билим берүүнү ишке ашыруу максатында педагогикалык билим берүүнүн жаңы муундагы стандарттарын иштеп чыгуу, мында билим берүү жыйынтыктары, ошондой эле аларды мамлекеттин, кесиптик жана академиялык коомдун керектөөлөрү менен макулдашуу жол-жоболору стандартташтыруунун предмети болуп саналат;

педагогикалык билим берүү түзүмүн өзгөртүү – педагогикалык университет жана/же улуттук жана региондук университеттерде педагогикалык факультеттерди ачуу, кайра окутуу борборлорунун ролун аткара ала турган педагогикалык магистратураларды түзүү жана квалификацияны жогорулатуу институттары/борборлору менен бирдикте мугалимдердин квалификациясын жогорулатууну камсыз кылуу;

Россиянын, Казакстандын жана башка өлкөлөрдүн алдыңкы педагогикалык ЖОЖдору менен бирдикте педагогикалык кафедраларды жана борборлорду түзүү, алардын иши студенттерди да, ошондой эле кафедра кызматкерлерин да даярдоого профессор окутуучулардын келип-кетишине шарт түзмөк. Мындай кафедралардын/борборлордун педагогикалык билим берүү натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүү түзүүчүсү болуп чыныгы академиялык мобилдүүлүктү камсыз кылуу болот, ал убакыттын бир бөлүгүндө өнөктөш ЖОЖдордо окуп, эки диплом алууга мүмкүндүк берет;

педагогикалык жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо үчүн тармактык университеттердин жана жогорку билим берүүнү уюштуруунун башка бир заманбап формаларынын потенциалын колдонуу;

ЖОЖдордо сабактарды окутуу методикалары кафедраларын калыбына келтирүү жана профессордук-педагогдук курамдын методикалык ишине өзгөчө көңүл буруу;

педагогикалык факультеттердин студенттеринин мектеп менен тыгыз байланышын камсыз кылуу, анын ичинде экинчи курстан баштап кеминде 2 кредит-саат көлөмүндө жыл сайын өтүүчү педагогикалык практиканын эсебинен;

ваучердик механизмди киргизүүнүн эсебинен педагогдорду кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасын диверсификациялоону камсыз кылуу, бул квалификацияны жогорулатуунун сертификатталган программасы бар көз карандысыз агенттиктердин пайда болушун камсыз кылат.

**Билим берүү системасын реформалоонун жыйынтыгында:**

билим берүү уюмдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында ресурстарды (финансылык, материалдык, кадрдык) топтоо жана оптималдуу бөлүштүрүү механизми түзүлөт;

бардык деңгээлдеги билим берүү уюмдарынын тармагы карта түзүү жана ар бир билим берүү уюмунун иштешинин максатка ылайыктуулугуна талдоо жүргүзүүнүн негизинде оптималдашат;

билим берүүнүн мазмунун каржылоо жана аныктоо маселелеринде бекем борборлоштурулган башкаруудан билим берүү жайларынын контролдонуучу өз алдынчалуулугуна өтүү ишке ашат, ал коомдун алдында жоопкерчилик тартуу жана мамлекеттик тарабынан контролдоо принцибине негизделген;

ар бир билим берүү уюмунун, бардык деңгээлдеги билим берүү башкармалыктарынын деңгээлинде каржыларды башкарууну кошо алганда, башкаруу процессинин ачык-айкындуулугу жетишилет;

башкаруучулукту жогорулатуу максатында билим берүү системасы тарабынан билим берүүнү башкаруу чөйрөсүндө төмөнкүдөй чаралар ишке ашат:

- мектепке чейинки жана жалпы билим берүүчү уюмдардын, кесиптик лицейлердин жана атайын кесиптик орто окуу жайларынын жетекчилери тандоонун негизинде дайындалат, анын жол-жоболору квалификациялык талаптарга ылайык атайын жободо аныкталган;

- ректорлорду шайлоо жөнүндө жобо менен мамлекеттик ЖОЖдордун ректорлорунун кызмат ордуна дайындоо жөнгө салынат.

Башкаруучу кызматта иштөөнүн мөөнөтү (бир билим берүү уюмунда эки жолудан көп эмес) жана билим берүү уюмунун жетекчиси үчүн куракттык чек аныкталган, кадрларды ротациялоо механизми киргизилген;

Ар түрдүү деңгээлдеги башкаруучулардын квалификациясын жогорулатуу системасы киргизилген.

## VI. Билим берүүнү өнүктүрүү концепциясын ишке ашыруу

Ушул Концепцияда сунушталган билим берүүнү өнүктүрүү боюнча чаралар 2020-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында толук жазылып, программалык бюджеттөөнүн негизинде үч этапта иш-аракеттер пландары менен ишке ашырылат:

**1-этап** - 2012-2014-ж.
**2-этап** - 2015-2017-ж.
**3-этап** - 2018-2020-ж.

## VII. Кыскартуулардын тизмеси

| | |
|---|---|
| ИДП | Ички дүң продукт |
| БИМ | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| ЖӨБ | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| ЖӨБО | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары |
| Финмин (ФМ) | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| ЖЭИМ | Кыргыз Республикасынын Жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлиги |
| БКМС | Бюджеттик каржылоонун минималдуу стандарты |
| ОМК | Окуу-методикалык комплекстер |
| БҮБ | Бардыгы үчүн билим берүү |
| PhD (Philosophiæ Doctor) | Магистр даражасынан кийинки доктордук илимий даража |
| SWAP | Кеңири сектордук ыкма |
| UNICEF (ЮНИСЕФ) | Бириккен Улуттар Уюмунун Балдар фонду |
| UNESCO (ЮНЕСКО) | БУУнун Билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча уюму |
| USAID | Эл аралык өнүктүрүү боюнча Америка агенттиги (ЮСАИД) |

**2012-2020-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ**

**Мазмуну**


I. Киришүү 19

II. 2020-жылы билим берүү системасы 19
1. 2020-жылы билим берүүнүн көрүнүшү 19
2. 2020-жылга карата билим берүү системасынын милдеттери 20
3. 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруунун жалпы принциптери 20
4. 2020-жылы билим берүү системасынын түзүмү 21

III. Чакан секторлор боюнча стратегиялар 23
1. Мектепке чейинки билим берүү 23
2. Мектепте билим берүү жана мугалимдердин квалификациясы 25
3. Баштапкы кесиптик билим берүү 35
4. Кесиптик орто билим берүү 39
5. Кесиптик жогорку билим берүү 42
6. Чоң кишилер үчүн билим берүү жана формалдык эмес билим берүү 46

IV. Билим берүүдө башкаруу, мониторинг жүргүзүү жана стратегиялык пландоо 50

V. 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясына мониторинг жүргүзүү жана баалоо 56

VI. Күтүлүүчү натыйжалар 58

VII. Коркунучтар жана тобокелдиктер 60

VIII. Кыскартуулардын тизмеси 60

## I. Киришүү

2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы (мындан ары – БӨС 2020) өлкөнүн келечегин көрө билүүгө жана өнүгүү максаттарына негизделген, ошондой эле “Миң жылдыктын өнүгүү максаттарына” жана “Бардыгы үчүн билим берүү” глобалдык программалардын максаттарына жетишүүгө багытталган.

Билим берүү чөйрөсүндө аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан 2012-2020-жылдар мезгилинде Кыргыз Республикасында билим берүү сапатын жогорулатууга чакырылган жалпы улуттук чараларды системалуу ишке ашырууда БӨС 2020да бекитилген артыкчылыктардын негизинде билим берүү саясаты түзүлөт.

Донордук жардамдарды координациялоо, бирин-бири толуктаган инвестициялар билим берүү секторун андан ары кайрадан түзүү үчүн негиз болуп берет.

БӨС 2020 Кыргызстанда билим берүү секторуна тышкы финансылык жардам берүүнү эске алуу менен иштелип чыкты, ал Париж декларациясынын принциптерин жана Аккр иш-аракеттер тартибин сактоого негизденген, аларга ылайык донордук колдоонун бардык түрү, анын ичинде SWAP, адам укуктарын сактоого жана аялдар менен эркектер үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга көмөктөшүүнү эске алуу менен көрсөтүлөт.

БӨС 2020ны ишке ашыруу Кыргыз Республикасында бюджетти божомолдоонун үч жылдык принциптерине ылайык үч жылдык мезгилге эсептелген: 1- этап: 2012-2014-ж., 2-этап: 2015-2017-ж., 3-этап: 2018-2020-ж.

## II. 2020-жылы билим берүү системасы

### 1. 2020-жылы билим берүүнүн көрүнүшү

2020-жылга Кыргыз Республикасында билим берүүнүн сапаты кыйла жогорулап, өлкөнүн социалдык, саясий жана экономикалык өнүгүүсүнүн азыркы деңгээлине жооп берген билим берилет, сапаттуу билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

БӨС 2020ны ишке ашыруу төмөнкүдөй сапат-касиеттерге ээ болгон жарандарды даярдап чыгарган билим берүү системасын түзүүнү камсыз кылат:

1) коммуникативдик чоң тажрыйбасы бар;

2) көз каранды болбой өзүнчө аракеттенген, өз оюн ачык айта алган, чыгармачыл жана инновациялык иш жөндөмү бар;

3) адам укуктарынын жана эркиндиктеринин, гендердик теңчиликтин баалуулуктарын бөлө билген, маданий, этностук жана саясий көп түрдүүлүктү урматтаган;

4) турмушта жана эмгек рыногунда ийгиликтүү иштеп жашоого жардам берген жалпы жана адистештирилген билимге жана ыкмаларга ээ болгон.

2020-жылдын билим берүү системасы Кыргызстандын социалдык жана саясий өнүгүүдө алга сүрөгөн башкы булак болуп, аймактык жана эл аралык процесстерде анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылат.

Системалык өзгөрүүлөр адамдык ресурстарды натыйжалуу башкаруунун негизинде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, кызмат көрсөтүүлөрдүн провайдерлеринин административдик жана финансылык автономиясы бир эле учурда жогорулаганда тармактык кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу системасын өзгөртүү, маалыматты топтоонун жана талдоо, мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун заманбап

технологияларын колдонуу менен натыйжалуу стратегиялык башкаруу аркылуу камсыз кылынат.

## 2. 2020-жылга карата билим берүү системасынын милдеттери

1) Өнүктүрүү жана окутуу программалары менен мектеп жашына чейинки балдардын көпчүлүгүн камтуу;

2) Курагына, жынысына, этностук, диндик белгилерине, жашаган жерине, акыл-эс жана дене бой өнүгүүсүнө, социалдык-экономикалык статусуна ж.б. карабастан, сапаттуу негизги жалпы жана жалпы орто билим алууга мүмкүнчүлүк берүү;

3) Орто мектептерде (10 жана 11-класстардын) профилдик жогорку баскычка өтүү жана негизги жалпы билим алган ар бир окуучуга адистикти тандоо мүмкүнчүлүгүн түзүү;

4) Эмгек рыногунун азыркы талаптарына жана жеке керектөөлөрдү жана кызыкчылыктарды канааттандырууда калктын суроо-талаптарына ылайык эмгек көндүмдөрүн өнүктүрүү;

5) Өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу үчүн шарттарды түзүү;

6) Билим берүү системасынын бардык деңгээлдеринде социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү жана билим берүү процессине жумуш берүүчүлөрдүн активдүү катышуусу;

7) Билим алууга, күтүлбөгөн кырдаалдарда багыт алууга жана маалыматка талдоо жүргүзүүнүн; коммуникациялык жөндөмдүүлүктүн; аналитикалык тажрыйбанын жана сынчыл ой жүгүртүүнүн негизинде чечим кабыл алууну калыптандырууга багытталган окутууга компетенттүү ыкманы киргизүү;

8) Кредиттик окутуу системасына өтүү, ал студенттердин ийкемдүү жана мобилдүү кылып, жогорку окуу жайында окуу менен катар иштөөгө мүмкүнчүлүк берет (Болон жана Лиссабон макулдашууларынын жоболоруна ылайык);

9) Көп тилдүү билим берүү чөйрөсүндө маданий жана тилдик көп түрдүүлүк менен сабырдуулукту сактоо;

10) Билим берүү секторун көп каналдуу каржылоону колдоо жана финансылык ресурстарды адилет бөлүштүрүү;

11) Билим берүү секторунда маалыматтарды топтоо жана талдоо жүргүзүү технологияларына негизделген, анын ичинде гендердик дезагрегирленген статистикалык маалыматтардын негизинде, стратегиялык пландаштыруу жана башкаруу системасын түзүү;

12) Натыйжалуу кадрдык саясат. Билим берүү системасын системалык түрдө жакшыртуу үчүн мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын киргизүү.

## 3. БӨС 2020ны ишке ашыруунун жалпы принциптери

Артыкчылыктарга басым жасоо*:* БӨС 2020 билим берүү секторундагы реформанын алкагында бардык демилгелерди камтууга умтулбайт, ал билим берүү системасынын бардык деңгээлинде үч негизги артыкчылыкты көрсөтөт:

- билим берүүнү башкаруу;
- билим берүүнү каржылоо;
- билим берүү системасына мониторинг жүргүзүү жана баалоо.

Саясатка жана аны практикалык жактан ишке ашырууга эки эселенген басым жасалат: БӨС 2020да каралган чаралардын баары эле жаңы эмес. Алардын кээ бирлери мурда жактырылган, бирок практика жүзүнө толугу менен ишке ашкан эмес, мисалы, жан башына каржылоону ишке киргизүү, бакалаврды жана магистрди даярдоо

программаларын киргизүү ж.б. Башталган реформаларды системалык түрдө аткаруу билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун зарыл шарты болуп эсептелет.

Фундаменталдык жана этаптык реформалардын айкалышы: БӨС 2020 фундаменталдык реформаларга басым жасайт, бирок ошол эле учурда этап-этапка бөлүнгөн зарыл өзгөрүүлөрдү да эске алат. Фундаменталдык реформалардын мисалы катары билим берүүнүн бардык секторун кучагына алган өзгөрүүлөрдү, ошондой эле мектепке даярдоону, 10-11-класстарда кесипке багыт берип окутууну жана окутуучулардын даярдыгы жана квалификациясы менен болгон көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүүнү көздөгөн комплекстүү стратегияны белгилеп кетсек болот.

Минималдуу отчеттуулук менен максималдуу жөнгө салуудан жогорку отчеттуулук менен минималдуу жөнгө салууга өтүү: билим берүүнүн азыркы системасын максималдуу жөнгө салуу жана начар отчеттуулук менен мүнөздөсө болот. БӨС 2020 башкача мамилени киргизет – жыйынтыкка так мониторинг жүргүзүүдө жана баалоодо процессти минималдуу жөнгө салуу. Мисалы, билим берүү системасынын маанилүү стадиялары болгон 4-9 жана 11-класстарды аяктагандан кийин, мектепте алган билимге менен компетенттүүлүктөргө мониторинг жүргүзүү жана билим берүү сапатын жогорулатуу максатында стандартташтырылган тесттер киргизилет. Бул өзгөртүү мектептеги демилгелерге дем берип, билим берүүнүн сапатын акырындап жогорулатууга кепилдик берет.

Натыйжалуу эмес методдорду алмаштыруу: БӨС 2020 азыркы учурда колдонулуп жаткан майнапсыз тажрыйбалар менен методдорду аныктап көрсөтүп, алардын ордуна кыйла натыйжалуу болгон чараларды ишке ашырууга зарыл болгон финансылык ресурстарды жана башкаруу потенциалын таап берет.

Каржылоонун аралаш модели: БӨС 2020 билим берүүдөгү кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик бюджеттен толугу менен каржылана тургандарга жана аралаш каржылоо моделин колдоно тургандарга бөлүштүрөт. Алсак, мектепке даярдоо программалары боюнча мектепке чейинки уюмдарга барбаган балдарды окутуу жана 1-11-класстарда окутуу толугу менен мамлекеттин бюджетинен каржыланышы керек, ал эми мектепке чейинки (3-5 жаштагылар үчүн), кесиптик жана жогорку билим берүү каржылоонун аралаш булагын пайдаланышы керек.

Социалдык адилеттүүлүк: БӨС 2020 мамлекеттик каржылоонун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шартта билим берүү системасынын бардык деңгээлинде жарандардын аялуу тобуна социалдык колдоо көрсөтүү системасын өзгөртүп, баарына эле бериле бербей, даректүү түрдө жүргүзүлүшүн карайт.

## 4. 2020-жылы билим берүү системасынын түзүмү

2020-жылга билим берүү системасында төмөнкүдөй жаңы нерселер болот:

1) мектепке чейинки уюмдарга барбаган балдар үчүн мектепке даярдоону киргизүү;

2) ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн адистештирилген мектептерди сактоо менен билим берүүнүн бардык деңгээлинде инклюзивдүү билим берүүнү интеграциялоо;

3) 10-11-класстарда кесипке багыт берип окутуу;

4) кесиптик билим берүүнүн көп деңгээлдүү даярдоо программаларын киргизүү.

1-сүрөт

## 2020-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын түзүмү



## III. Чакан секторлор боюнча стратегиялар

### 1. Мектепке чейинки билим берүү

### Кырдаалга талдоо жүргүзүү

2007-2011-жылдары мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндөгү ишти жөнгө салуучу негизги документтер – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 16-январындагы №17 "Кыргыз Республикасынын "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо" боюнча мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндө" токтому менен кабыл алынган Кыргыз Республикасынын "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо" боюнча мамлекеттик стандарты, Кыргыз Республикасынын "Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө" Мыйзамы.

Мектепке даярдоонун 100 сааттык программасы киргизилди, бул программа менен окутуу жыл сайын орто эсеп менен 10 000 балага көбөйүүдө. (2006-жылы – 40 000 бала, 2010-жылы – 70 436 бала, 2011-жылы – 75 000 бала).

2011-жылдын мартынан баштап окуу планын оптималдаштыруудан бошогон каражаттардын эсебинен мектепке милдеттүү даярдоонун 240 сааттык программасы мектепке чейинки уюмдарга барбаган балдар үчүн иштеп жатат.

Мектепке чейинки билим берүүнүн мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу максатында мектепке чейинки балдар мекемелеринин санын көбөйтүүгө негизинен эл аралык долбоорлордун эсебинен басым жасалууда (АӨБ, ЮНИСЕФ, Ага-Хан фонду, Каталитикалык фонд), алар тарабынан бул максатка 318, 0 млн сомдон ашык каражат жумшалды. Эгерде 2008-жылы 488 мамлекеттик бала бакчада 62,1 миң бала жана контингенти 10 миң баланы түзгөн 214 альтернативдик мектепке чейинки уюмдар болсо, ал эми 2010-жылдын августунда 594 мектепке чейинки уюмдар иштеп, андагы балдардын саны 76 миңге чыкты жана 279 мектепке чейинки альтернативдик уюм болуп, андагы көрсөткүч 12 миң баланы түзгөн. Ошентип, 2007-2010-жылдары мектепке чейинки билим берүүнүн бардык түрлөрүндө окуган балдардын саны өлкө боюнча 7 пайыздан 13,4 пайызга өстү.

2010-жылы донорлордун каражатына түзүлгөн мектепке чейинки альтернативдик уюмдарды айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүү процесси башталды, бул алардын туруктуу иштешине мүмкүнчүлүк берет. Мындан тышкары, мыйзамга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мектепке чейинки жаштагы балдарды тарбиялап жаткан үй-бүлөлөргө усулдук, диагностикалык жана консультациялык жардам уюштуруп, координациялашы керек.

Мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүүгө жана жарым-жартылай башталгыч мектепти өнүктүрүүгө Каталитикалык фонддун гранты "FTI-1 – БҮБдүн максаттарына ыкчам жетүү демилгеси" деп аталган долбоор түрүндө жумшалып жатат.

Пилоттук облустарда мектепке чейинки билим берүү уюмдары (МБУ) жана башталгыч класстарды окуткан мектептер окуу чөйрөсүн жакшыртуу үчүн жабдууларды (окуу материалдарынан ашкана жана жатакана аспаптарына чейин), оюн материалдарын, балдардын жаш курагына жараша атайын адабияттарды алышты. Башталгыч мектептерде ысык тамак менен камсыз кылуу уюштурулду. Коомчулук менен ата-энелерге баланын эрте өнүгүүсүнүн маанилүүлүгү тууралуу түшүндүрүү боюнча чоң иш чаралар өткөрүлдү. Мектепке чейинки жана баштапкы билим берүү уюмдарынын педагогикалык кадрларынын квалификациясын жогорулатуу; пилоттук мектептердин материалдык-техникалык базасын жаңыртуу, ошондой эле инвестициондук долбоорлорду ишке ашыруу жана мониторинг жүргүзүү жана иштин натыйжаларын баалоо бөлүгүндө башкаруучуларды окутуу жүргүзүлдү.

АӨБдүн “Кенже курактагы балдардын жамаат деңгээлинде өнүгүүсү” долбоору боюнча окууга 39 700 ата-эне катышты.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте ЮНИСЕФдин колдоосунда Баткен, Талас жана Ысык-Көл облустарында 8 000 үй-бүлөгө мастер-класс сабактары өткөрүлдү.

“FTI-2 – БҮБдүн максаттарына ыкчам жетүү” долбоорунун дизайны иштелип чыгып, ал мектепке даярдоонун милдеттүү программасын сапаттуу киргизүүнү колдоого багытталат.

**Ошону менен бирге мектепке чейинки билим берүүнүн актуалдуу проблемаларынын ичинен төмөнкүлөрдү белгилеп кетүү зарыл:**

1. Мектепке чейинки билим берүүнүн көп жерлерге жетпегендиги. Азыркы учурда өлкөдө 3-6-жаштагы балдардын 13,4% гана мектепке чейинки билим берүүдө камтылган. Мисалы, Казакстан Республикасында мектепке чейинки билим берүүгө балдар 45 %, Украинада – 49%, Россияда – 58%, ал эми Беларус Республикасында – 100% камтылган.

2. Мектепке чейинки курактагы балдардын мектепке даярдоо программаларын өткөн балдарга салыштырмалуу башталгыч мектепке окууга даярдыгынын жетишсиздигинен тең баштоого мүмкүнчүлүк болбой калып жатат. Педагогикалык мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча ушундай даярдыкка ээ болбогон биринчи класстын окуучуларынын 80%ы мектептин программасын өздөштүрүүдө жетишпегендикти көрсөтүүдө.

3. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын өнүгүүсүнө ресурстардын чектелгендиги. 2005-жылы мектепке чейинки билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгашасы 304,1 млн сомду түзгөн, анын ичинен бюджеттик каражаттар – 232,1 млн. сом, 2008- жылы – 703,7 млн сом, анын ичинен бюджеттик каражаттар – 559,9 млн. сом, 2010-жылы – 1038,1 млн сом, анын ичинен бюджеттик каражаттар – 816,4 млн. сом. Чыгашанын көп бөлүгү эмгек акы төлөөгө жумшалат (45%). 2010-жылы мамлекет чыгашанын 78%ын, ата-энелер болсо 22%ын жапкан. Чыгашалар көбөйгөндүгүнө карабастан, алар тамактандырууга, медициналык тейлөөгө жана баланын кичине кезинде өнүгүүсү үчүн зарыл болгон башка иш-чараларга жетпейт.

4. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында билим берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын проблемасы. 2006-жылы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлеринин 52%ынын гана жогорку билими болгон. Мектепке чейинки билим берүүдө иштеп жаткан кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу системалык негизге коюлган эмес.

5. Мектепке чейинки жана башталгыч мектепте билим берүү программаларынын уланмалуулугу проблемасы. Бүгүнкү күндө мектепке чейинки билим берүү уюмдарында башталгыч мектептин 1-классынын программасын кайталоо байкалууда. МБУда жана башталгыч мектепте программалардын уланмалуулугу боюнча концепцияны иштеп чыгуу зарыл.

**Саясаттын артыкчылыктуу багыттары**

1. Мектепке чейинки билим берүү уюмдар тармагынын иштешин ченемдик укуктук камсыз кылуу;

2. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарын жабдуу;

3. Балдардын эрте жетилиши жана мектепке чейинки даярдоонун маанилүүлүгү жөнүндө калкка маалымат берүү;

4. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тармагын колдоо жана кеңейтүү;

5. Мектепке чейинки билим берүүнүн колдо бар альтернативдүү моделдери жана 3-5 жаштагы балдар үчүн программалар менен камтууну кеңейтүү;

6. Бүткүл өлкө боюнча мектепке чейинки курактагы балдарды мектепке даярдоо боюнча программаларын киргизүү (мектепке чейин билим алууга катышпаган балдар үчүн);

7. Мектепке чейинки билим берүү жана мектепке даярдоо программасын ишке ашыруу үчүн кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо;

8. Мектепке чейинки билим берүү жана мектепке даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүгө талдоо жүргүзүү, анын ичинде мектепке чейинки билим берүү уюмунун кызматкерлеринин ишинин натыйжалуулугун баалоо системасын киргизүү.

1-таблица

**Мектепке чейинки билим берүү: башкы индикаторлор**

| № | Индикаторлор | Баштапкы деңгээл (2011-ж.) | Орто мөөнөттүү көрсөткүч (2011-ж.) | Болжолдуу көрсөткүч (2020-ж.) |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Камтуу (3-5 жаштагылар) | 13% | 15% | 20% |
| 2. | Тиби/мектепке даярдоо программасынын узактыгы боюнча камтуу | 80% | 40% | 40% |
| | 100 сааттык программа | 40% | — | — |
| | 240 сааттык программа | 20% | 40% | 60% |
| 3. | Мектепке чейинки билим берүүнү мамлекеттик каржылоо (билим берүүгө кеткен жалпы чыгашадан %) | 6% | Аныктоо керек | Аныктоо керек |
| 4. | Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин саны | 873 | 909 | 1200 |
| | Мамлекеттик | 569 | 570 | 575 |
| | Коомчулук базасында | 279 | 304 | 550 |
| | Менчик | 25 | 35 | 75 |
| 5. | Менчик жана коомчулук базасында мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын үлүшү | 34,8% | 37,2% | 52% |

## 2. Мектепте билим берүү жана мугалимдердин квалификациясы

### Кырдаалга талдоо жүргүзүү

2011-жылы Кыргызстанда 2 197 жалпы билим берүү уюму иштеген, аларда 1 млн. 18 миң окуучу болгон (алардын ичинен 54 менчик же болбосо менчик-мамлекеттик мектеп 12 миң баланы камтыган).

Мектепте билим берүү деңгээлинде биринчи кезекте чечилүүчү маанилүү маселе болуп **компетенттүүлүк мамилени эске алуу менен жана тиешелүү билим берүү чөйрөсү бар жаңы билим берүү мазмунун түзүү** саналат.

Бул процесстин зарылдыгы PISA (Programmer for International Student Assesment) эл аралык абройлуу изилдөөсүндө Кыргыз Республикасынын өтө төмөн көрсөткүчтөрү менен шартталган, аталган изилдөө 15-16 жаштагы окуучулардын математикалык сабаттуулугун, окуу жана табият таануудагы жетишкендиктерин баалоо боюнча эл аралык программа болуп саналат.

**Кыргызстан 2006-жылы жана 2009-жылы өткөрүлгөн эки изилдөөгө катышкан. Катышуунун максаты дүйнө жүзүндөгү жана Кыргызстандагы билим берүү процессинин ылдамдыгын салыштырып көрүү болчу.**

“PISA-2006” программасынын жыйынтыгы боюнча бюджеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө жана донордук салымдарга жараша югн бир кадамдар жасалган.

2006-жылдан тартып жыл сайын республикалык бюджеттен окуу китептерин чыгарууга, мектептерди утурумдук оңдоого, жабдыктарды, компьютерлерди сатып алууга, 1-4-класстын окуучулары үчүн тамактанууну уюштурууга каражаттар бөлүнүп турат.

Дүйнөлүк банктын, Азия өнүктүрүү банкынын, Каталитикалык фонддун, Япониянын жакырчылыкты жоюу боюнча фондунун колдоосу аркасында ишке ашып жаткан долбоорлордун каражаттары билим берүүнүн мазмунун реформалоого, билим берүүнү башкаруу жана каржылоо системасын өзгөртүүгө, окуучулардын жетишкендиктерин баалоо системасын модернизациялоого, окутууда жакшы ийгиликтерге жетишкен мугалимдерге жана мектептерге шыктандыруу системасын түзүүгө, лабораториялык, компьютердик, лингафондук жабдуулар менен камсыз кылууга, билим берүү объекттерин оңдоого жана курууга, тамактандыруу программасын колдоого жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн окуу чөйрөсүн түзүүгө жумшалды.

PISA-2009га талдоо жүргүзүү мектептерди реформалоо туура багытта жүрүп жаткандыгын көрсөттү, бул 2006-жыл менен салыштырганда көрсөткүчтөрдүн айрым деңгээлде жакшырып калганынан билинет. Алсак, окуу боюнча жыйынтыктар 5 %га, математика боюнча жыйынтыктар - 3%га жана табигый илимдер боюнча жыйынтыктар дээрлик 5 %га жакшырды. Ошону менен катар Кыргызстан коңшу мамлекеттерди алдыга кое берип, 65 өлкөнүн ичинен эң арткы орунда калды. Россия 43-орунга, Казакстан 59-орунга, Азербайжан 64-орунга чыкты.

2010-жылы Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму (ЭКӨУ) PISA-2009 изилдөөсүнө катышкан өлкөлөрдүн жыйынтыгына талдоо жүргүзүп, окуучулардын көрсөткөн жыйынтыктарына төмөнкү факторлор таасир этээрин көрсөттү:

1) ИДПнын калктын жан башына деңгээли (изилдөөгө катышкан 65 мамлекеттин ичинен Кыргызстанда эң төмөн 1 994 АКШ доллары, биринчи орунду алган Кытайда – 5 340 доллар).

2) Абсолюттук эсептөө 6 жаштан 15 жашка чейинки курактагы бир окуучуга чыгымдар. (Кыргызстандын бул чыгымдар дагы изилдөөгө катышкан мамлекеттердин ичинен эң төмөн, болжол менен 3 миң доллар. Ал эми Россияда – 17,5 миң доллар).

3) Мектепке чейинки даярдоо. 15 жаштагы окуучулардын арасында мурда бала бакчага баргандардын билим деңгээли жогору. (Кыргызстанда мектепке чейинки билим берүү менен камтуу да эң эле төмөн – 13,8%.).

4) Мугалимдердин жетишпегендиги, окуу китептеринин жетишсиздиги жана инфраструктура менен болгон проблемалар. Ушул бардык позициялар боюнча Кыргызстанда 65 өлкөнүн ичинен индекстер эң жогорку.

5) Мугалимдин эмгек акысынын өлчөмү. Мугалимдин эмгек акысына инвестиция жумшаган өлкөлөр билим берүүнүн сапаты жана калкынын сабаттуулугу боюнча эң жогорку көрсөткүчтөргө ээ.

Башкача айтканда, **PISA изилдөөсүнүн жыйынтыгы** – бул окуучулардын жетишкендиктерин гана баалоо эмес, бул өлкөнүн билим берүүнү өнүктүрүүгө канча каражат жумшап, кандай камкордук көрүп жатканына да берилген баа болуп эсептелет.

Компетенттүү мамилени эске алуу менен билим берүүнүн жаңы мазмунун түзүүнүн алкагында 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2009-жылдын 21-декабрындагы №1114/1 “Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүсүнүн Алкактык улуттук куррикулумун кабыл алуу жөнүндө” буйругу менен **Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүсүнүн Алкактык улуттук стандарты (куррикулуму)** бекитилген. Ал билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн стратегиялык мааниге ээ, анткени мектептеги билим берүү системасында компетенттүү мамилени бекемдеген жана анын ишин “натыйжага” эсептелген режимге которгон жаңы типтеги стандарт болуп эсептелет.

1-4-класстар үчүн тармактык деңгээлдеги предметтик стандарттардын (куррикулумдардын) долбоорлору иштелип чыккан жана жактырылган. 5-9-класстар үчүн предметтик стандарттардын (куррикулумдардын) долбоорлору иштелип чыкты. 10-11-класстар үчүн предметтик стандарттардын (куррикулумдардын) долбоорлору эки деңгээлде: базалык жана профилдик болуп иштелип жатат.

Жогорку мектеп үчүн предметтик стандарттарды (куррикулумдарды) иштеп чыгуунун ченемдик базасы катары Кыргыз Республикасынын мектепте билим берүүсүнүн жогорку даражасында Профилдик билим берүү концепциясы болуп калды.

Бир эле учурда жан башына каржылоо режимине өтүп жаткан мектептер үчүн эксперименталдуу окуу планынын долбоору иштелип чыкты, ал боюнча 1-класстан 11-класска чейинки окуу жүктөмү 10 пайызга кыскарган, анын ичинде бир катар сабактар эки интеграциялык курска бириктирилди.

2009-2010-жылдары жаңы стандартты (куррикулумду) иштеп чыгуунун алкагында АӨБдүн долбоорунун эсебинен бардык региондордо 6 000 мектеп директору жана мугалими окуудан өттү, ошондой эле Кыргызстандын башталгыч класстарынын мугалимдери үчүн “Интерактивдүү окуу модулдары” иштелип чыкты. Алар www.teacher.kg сайтына жайгаштырылган. Мектептерде жаңы стандарттар (куррикулум) боюнча окутуу 1-класстын окуучулары үчүн 2011-2012 окуу жылында башталат.

Жалпы билим берүү уюмдарын **окуу китептери жана окутуу материалдары** менен камсыз кылуунун алкагында:

2008-жылы жалпы тиражы 810 000 нускадан турган 20 окуу китеби чыкты. 2009-2010-окуу жылында жалпы тиражы 2 079 575 нусканы түзгөн 47 окуу куралы чыкты.

| Окутуу тили | кыргыз тили | орус тили | өзбек тили | тажик тили |
|---|---|---|---|---|
| 2009-жылы тиражы | 705 000 нуска | | 105 000 нуска | |
| Аталыштын саны | 13 | | 7 | |
| 2010-жылы тиражы | 1 747 804 нуска | 164 820 нуска | 165 331 нуска | 1 620 нуска |
| Аталыштын саны | 26 | 5 | 11 | 5 |

2009-жылы республикадагы мектеп китепканалары өлкөнүн бюджетинен бөлүнгөн 10 млн. сомго көркөм маалымдама адабияттардын комплектин алды.

2011-жылы китеп чыгарууга республикалык бюджеттен 100 млн сом каржыланды.

ЖӨБ органдары жалпысынан айылдагы мектептердин окуу китептери менен камсыз болуу пайызын жогорулатуу менен айыл жергесиндеги аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын окуу китептери менен акысыз камсыз кылуу боюнча милдетти аткарышы зарыл. ЖӨБ органдары тарабынан мектептердин сурап билүү-маалыматтык жана усулдук адабияттарга жазылышына дээрлик каражат бөлүнүп берилбейт.

Мектептерди окуу жана усулдук адабияттар менен камсыз кылуу маселесин чечүүнүн бир жолу (башка финансылык булактар жок болсо) окуу китептеринин ижара фондун түзүү жана ал аркылуу жыйналган акча каражаттарын жаңы муундагы окуу китептерин иштеп чыгууга жана чыгарууга жумшоо.

**Билим берүү процессинин натыйжаларын диагностикалоо жана контролдоо методдорун** реформалоонун алкагында (Дүйнөлүк банктын “Айылдык билим берүү” долбоору) Ысык-Көл жана Талас облустарында формативдик (аралык) баалоо түрүндө окуучуларды баалоо системасы сыноодон өткөрүлүп, ишке киргизилди. Формативдик баалоо жана окуучуларга эсептелген окутуучулук методология боюнча мугалимдерге Колдонмо иштелип чыкты. Бүтүрүүчү экзамендин модели, жаңы тесттик тапшырмалар жана орто мектептин 11-классынан кийинки бүтүрүүчү экзамендерди сыноодон өткөрүү планы иштелип чыкты.

**2007/8-жылдары жана 2008/9-окуу жылдары** Ысык-Көл жана Талас облустарында мектептердин ишинин натыйжалуулугун башкаруу системасынын модели сыноодон өткөрүлгөн. Мектептер коомчулуктун проблемаларын чечүүгө багытталган чакан долбоорлорду иштеп чыгууга катышып жаткандыгын белгилеп кетүү маанилүү, бул **социалдык институт катары мектептин ролун күчөтүп, коомчулукту биргелешкен ишке тартууну камсыз кылат**.

2010-жылдан баштап абитуриенттер үчүн Жалпы республикалык тесттин предметтик багыттарына орчундуу көңүл бурулуп баштады.

Республиканын бүтүндөй аймагында мектептерде камкорчулар кеңешин түзүү билим берүүнү мамлекеттик-коомдук башкаруу жаатында чоң кадам болду.

Жан башына каржылоо ыкмасына өткөн мектептерде мектептик бюджетти пландаштыруу жана аткаруу боюнча коомдук угуулар өтүп жатат. Жан башына каржылоого республиканын мектептеринин (717 мектеп) үчтөн бир бөлүгү өткөрүлдү.

2011-жылдын январь айынан тартып педагогикалык кызматкерлердин эмгек акысы 30 %га жогорулады. Ошондой эле 2011-жылы билим берүү системасынын кызматкерлерине 2011-жылдын экинчи жарымынан баштап эмгек акы төлөө системасына реформа жүргүзүлдү.

2010-жылы педагогикалык стаж үчүн 2003-2007-жылдардын үстөк акыларын төлөп берүү боюнча карыз толук төлөндү.

Мыйзамга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары айыл жергесинде жаш адистерге дыйкан жана фермердик чарбалардын мүчөлөрү менен катар эле жер үлүштөрүнө, кыймылсыз мүлккө же башка мүлккө укук, чарба күтүүгө кызматтык маянанын он эсе өлчөмүндө бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен эмгек акысына дем берүү иретинде кошумча акча төлөө түрүндө материалдык жана чарбалык жактан колдоо көрсөтүүгө тийиш. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жер-жерлердеги мугалимдерди колдоо үчүн эч кандай шарттар түзүлбөй жатат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 14-августундагы №530 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик региондук саясатынын концепциясын аткаруу боюнча Өкмөттүн Иш-аракеттер планынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү “Мугалимдердин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жаш адистерге турак-жай алуу жана куруу үчүн үстөк пайызы жок кредит бөлүп берүү бир гана Нарын облусунун Ак-Талаа районунда аткарылып жатканын көрсөттү. Ал эми

“Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык педагогикалык кадрларга коммуналдык кызмат акыларын жана жол акысын төлөөдө жеңилдиктерди берүүнү камсыз кылуу” милдети республиканын 55 районунун ичинен 11инде гана аткарылууда. “Мугалимдердин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине ылайык жер-жерлерде бекитүү максатында жаш адистерге бекиген жерден турак-жай куруу үчүн жер участогун бөлүп берүүнү камсыз кылуу” милдети Кыргызстандын 55 районунун ичинен 14үндө гана ишке ашырылып жатат.

Ар бир мугалимдин беш жыл сайын квалификациясын жогорулатуу зарылчылыгын караган билим берүү мыйзамына ылайык мугалимдер үчүн квалификацияны жогорулатуу курсуна иш сапарга чыгымдарды төлөөгө жергиликтүү бюджетте атайын каражат каралышы керек. Мунун баары мектептердеги мугалимдин тартыштыгынын курчтугун азайтууга, өзгөчө жаш адистерди тартууга мүмкүндүк берет. Андан тышкары аймактарда китепкана, бейтапкана, билим берүү уюмдарын (бала бакча, мектеп) ачып, маалыматтык технологияларды (Интернет ж.б.) киргизүүнүн эсебинен социалдык инфраструктураны өнүктүрүү зарыл.

Бул социалдык пландан алганда абдан чоң мааниге ээ, анткени миграцияны басаңдатып, калктын көчпөй жашап иштешине өбөлгө түзөт.

Инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүүнүн алкагында төмөнкү маалыматтарды көрсөтүп кетүү абзел. **2010-жылдын аягында** берилген маалыматтар боюнча өзгөчө муктаждыгы бар 10 356 бала жалпы билим берүү программасына тартылган. Алардын ичинен инклюзивдүү билим берүүнүн 635 жалпы билим берүү мектебинде мектеп курагындагы 3 670 бала жана мектепке чейинки курактагы 2 243 бала камтылган; 15 атайын жатак-мектепте 2 425 бала окуп жатат; 4 атайын жалпы билим берүү мектебинде 482 бала; ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн 14 атайын бала бакчада – 1 536 бала окуп жатат.

Япониянын жакырчылыкты жоюу боюнча фонду (ЯЖЖФ) колдогон “Өзгөчө муктаж болгон балдардын үчүн сапаттуу негизги билим алууга мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу” долбоорун ишке ашыруунун алкагында Республикалык, ошондой эле региондук психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациялар (ПМПК) атайын муктаж болгон балдарды изилдөө үчүн 89 657 сом суммасында материалдар жана жабдыктар менен камсыз болду, ал эми региондук ПМПКлардын кызматкерлери аталган категориядагы балдарды изилдөө методикасын үйрөнүштү.

Бир жылдын ичинде региондук жана Республикалык ПМПКлардын кызматкерлери тарабынан өзгөчө муктаж болгон 1 017 бала текшерилди. Мугалимдер жана ата-энелер өзгөчө муктаж болгон балдарды окутуу жана тарбиялоо боюнча кеңеш-сунуштарды алышты. ПМПКда 773 413 сом суммасында балдар үчүн атайын жабдуулар коюлду.

2010-жылы 35 жалпы билим берүү мектеби, 3 көмөкчү жатак-мектеп, ошондой эле 2 бала бакча өзгөчө муктаж болгон балдарды окутууну уюштуруу үчүн 1 468 991 сом суммасында атайын жабдуулар менен камсыз болду. Мындан тышкары, 1 615 695 сом суммасында окуу материалдарынын комплекти берилди. Мектептердин 38 ресурстук борбору 51 компьютер, ошондой эле үйүндө отуруп окуган балдар 19 компьютер алды, булардын суммасы 1 169 000 сом болду.

2007-2008-окуу жылында 38 мектепте 761 өзгөчө муктаж балдар окуп жаткан болсо, көрүлгөн чаралардын натыйжасында бул көрсөткүч 2010-2011-окуу жылында 1 008 балага жетти.

Балдардын жана өспүрүмдөрдүн сабактан сырткары учурдагы убактысын мазмундуу уюштуруу үчүн мектептен тышкаркы 133 мекеме иштейт, анда ар кандай ийримдерге 79,8 миң бала катышууда, алардын ичинде аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн

да балдары бар. Бюджеттин тартыштыгы республиканын кээ бир аймактарында мектептен тышкары билим берүү системасын жабылышына алып келди, ошол себептүү мектептен тышкаркы билим берүүгө республикадагы окуучулардын 7,8 % гана тартылган. Мониторинг жүргүзүүнүн маалыматы боюнча мектептен тышкары билим берүү менен эң аз камтылган Нарын облусу (4,5 %) болуп саналат, ал эми көп камтылган Бишкек шаарында 20,7%ды түзөт.

Мектептен тышкары билим берүү уюмдарынын көп бөлүгү эски, жарактан чыккан мектептерде, бала бакчаларда, райондук билим берүү бөлүмдөрүндө жайгашкан, ал эми бир катар мектептен тышкары билим берүү уюмдарынын өзүнүн имараты да жок. Мунун баары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мектептен тышкаркы мекемелердин иштөөсүнө жеткиликтүү көңүл бурулбагандыгын көрсөтүп турат. Мектептен тышкаркы мекемелердин айрымдарына гана оңдоого жана материалдык-техникалык базаны чыңдоого каражат бөлүнөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнө бекитилген аймактагы мектепке чейинки курактагы балдардын санын каттоону дайыма эле так жүргүзбөйт. Ченемдик укуктук базага ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мектеп жашындагы балдардын баарын милдеттүү окутуу боюнча чараларды көрүп, аз камсыз болгон жана ынтымаксыз үй-бүлөлөргө, ден соолугун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга, ошондой эле ата-энеси республикадан тышкары иштеп кеткен үй-бүлөлөргө өзгөчө мамиле жасоо менен аларды эсепке алуу боюнча бардык зарыл иштерди уюштурушу жана жүргүзүшү зарыл.

Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын окутууда кандайдыр бир чектөөлөргө жол бербөө, ден соолугун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуу, кароосуз калган балдарды көнүктүрүү жана аларды кайрадан мектеп чөйрөсүнө алып келүү үчүн болгон күч-аракетти жумшоо маанилүү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чоң кишилер жана балдар үчүн кечки/сырттан/сменалык окуу мектептерин жана класстарын ачууну колго алышы керек.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттин, ошондой эле демөөрчүлөрдүн эсебинен мектептер, спорт залдар салынып, капиталдык оңдоолор жүргүзүлгөн. Жыл сайын республиканын бардык мектептеринде 100 млн сомго утурумдук оңдоо иштери жүргүзүлгөн.

Бирок тез курулууга тийиш мектептерди бүткөрүү жана артыкчылыктуу каржылоо проблемалары бар. Демографиялык божомолго жараша жана класстарды максималдуу толтуруудагы талаптарды сактоо зарылдыгын эске алганда (бир класста 30 окуучудан көп эмес) 102 416 окуучулук орунга эсептелген болжол менен 12,8 млрд. сом суммасына 420 мектеп куруу зарыл. Чатырларында, электр жабдуу, суу, жылуулук берүү системасында тез арада оңдоо иштерин жүргүзүүнү талап кылган, от казандары жана жылытуу жабдууларынын эскилиги жеткен мектептер да аз эмес. Бүгүнкү күндө 351 мектеп **капиталдык оңдоо** иштерин жүргүзүүгө муктаж, бул үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 530 млн. сом бөлүү зарыл.

Иштеп жаткан жана курулуп жаткан мектептерди, жатак мекемелерди окуу эмеректери менен жабдуу менен байланышкан олуттуу проблемалар бар. Бүгүнкү күндө мектептерди күтүү жана жабдуу негизги милдети болуп саналган жергиликтүү бюджетте окуу эмеректерин, жабдыктарды сатып алууга каражаттар каралбайт. Айрым райондордо жана айыл өкмөттөрүндө каражаттар бөлүнөт, бирок бул иш-аракеттер эпизоддук мүнөздө, өтө эле аз көлөмдө, ошол себептүү мектептерде эмеректер жана жабдуулар жаңыртылбай, эски бойдон калууда. Жалпысынан республикадагы мектептерди эмерек менен этап-этап боюнча жаңылоо керек. Жалпы керектөөнүн саны – мектеп партасынын 46 000 комплекти; 7 миң китеп текчеси; 6 миңден ашык стол жана 17 миң мугалимге

отургуч, 6 миңге жакын класстык такта керек, буга 400 млн. сомдон ашык каражат талап кылынат.

Республиканын мектептеринин башталгыч класстагы окуучулары үчүн тамактанууну уюштурууга жыл сайын каражат бөлүнөт, бул аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарын мектепте билим берүү менен камтууну жогорулатууга оң таасир этет. Бирок ошону менен катар мектеп окуучуларын тамактандырууну уюштурууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ашканаларды эмеректер менен жабдууга, муздаткычтарды орнотууга, идиш-аяк менен камсыз кылууга жеткиликтүү көңүл бурбайт.

Мамлекеттик администрациялардын жетекчилери айыл өкмөттөрү менен бирдикте жергиликтүү бюджеттен каржыланган жалпы билим берүү уюмдарына суук түшкөнгө чейин **өз убагында жана сапаттуу отун жеткирип берүүнү** камсыз кылышы керек. Талдоо көрсөткөндөй, окуу жылы башталганга чейин отун менен камсыздоонун көлөмү жыл сайын керектөөнүн 12% гана түзөт.

Республикадагы мектептердин көпчүлүгүндө **имараттын жана курулманын, ошондой эле алардын жанындагы жер участокторунун мамлекеттик катталгандыгы тууралуу актылары** жок, иштеп жаткан мектептердин имаратынын техникалык паспорттору жок. Мектептердин жер участокторун жеке менчикке өткөрүү учурлары да көбөйүп кетти.

Мамлекеттик билим берүү уюмдарынын жер участокторун, имараттарын жана курулмаларын өткөрүп берүүгө жана тартып алууга жол бербөө максатында жана “Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө” жана “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча органдарда жеке менчик укугун жана жер участогун мөөнөтсүз пайдалануу укугун милдеттүү түрдө мамлекеттик каттоодон өткөрүшү зарыл.

**Мектептеги билим берүүнүн актуалдуу проблемаларынын ичинен төмөнкүлөрдү белгилеп кетүү зарыл:**

1) Билим берүү системасына салынган каражаттын көлөмү дайыма өсүп жаткандыгын белгилей кетсе болот. Алсак, 2008-жылы билим берүүгө кеткен бюджеттик чыгымдар 9 616,6 млн. сомду, 2009-жылы 11 498,4 млн. сомду, 2010-жылы - 12 473,3 млн сомду түздү. Бирок билим берүү системасына бюджеттен бөлүнүүчү каражаттар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аркылуу эмес, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги аркылуу айыл өкмөттөрүнө, андан ары мектептерге бөлүштүрүлөөрүн белгилей кетүү керек. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аркылуу бюджет ведомстволук караштуу билим берүү уюмдарына гана бөлүнөт, бул билим берүүгө бөлүнгөн каражаттын болжол менен 9%ын же 2010-жылы бөлүнгөн 12,4 млрд. сомдун 1,1 млрд. сомун түзөт. Мектепте билим берүүнү каржылоонун азыркы учурдагы формасы каражатты чыгымдоонун сапатына мониторинг жүргүзүүгө жана контролдоого көп эле кыйынчылык туудурат. Андан тышкары, статистикага ылайык, Кыргызстанда билим берүүгө жумшалган чыгымдардын абсолюттук көбөйүшү билим берүү уюмдарынын мектеп китепканаларын, окуу жана компьютердик жабдууларды жаңыртууга, билим берүү технологиясын, инфраструктураны өнүктүрүүгө чыгымдарынын көбөйүшүнө алып келбейт, анткени бул максаттарга каражаттар болгону 14%ды түзөт, ал эми калган 86% эмгек акыга, Соцфондго чегерүүгө, коммуналдык тейлөөлөргө, тамактанууга жана башка иштерге жумшалат.

2) Каржылоо өз алдынча башкаруу органдары аркылуу жүргүзүлгөндүктөн, директорлор өздөрүнүн бюджетин билишпейт жана акчаны үнөмдөөгө жана каражаттарды сабаттуу башкарууга кызыкпайт. Ошентип билим берүүгө бөлүнгөн

каражаттардын туруктуу көбөйүшү аны өнүктүрүүгө эмес, азыркы түзүмдүн гана чыгымдарына кетип жатат. Билим берүүнү мамлекеттик каржылоонун көлөмү жалпы жонунан өсүп жатканы менен бир окуучуга жумшалган чыгымдар заманбап билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жетишсиз болуп келе жатат. Ошол эле учурда мамлекеттик каржылоонун төмөнкү деңгээли жеке менчик фонддордон толтурулууда. Алсак, үй чарбаларын изилдөө иштери көрсөткөндөй, орто мектептин чыгымдарынын чейрек бөлүгү окуучунун ата-энесинин эсебинен жабылат. Жалпысынан билим берүү уюмдарынын тармагы инвентаризациялоону жана тиешелүү оптималдаштырууну талап кылат.

3) Окуу программасынын жүгү ашыкча көп болуп, зарыл окуу компетенциясынын жетишпей жаткандыгына байланыштуу окуучулардын жетишүүсүнүн төмөндүгү. Кыргызстандагы мектептерде 10 жаштагы балдардын окуу жүктөмү 1 088 саатты түзсө, Россия Федерациясында – 893, көптөгөн алдыңкы өлкөлөрдө, мисалы Японияда 750 сааттын тегерегин түзөт. Башкача айтканда окуу жүктөмүнүн жогору болушу окуудагы жетишкендиктердин бийик көрсөткүчүн камсыз кылбайт, муну PISA изилдөөсүндө Кыргызстандын артта калганы да ырастап турат.

4) Географиялык жайгашуусуна жана окуган тилине байланыштуу билим берүүдө теңсиздик келип чыгып, бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктерине таасир кылууда. Акыркы жылдардагы Жалпы республикалык тесттин (ЖРТ) жыйынтыктарына ылайык айыл мектептеринин окуучулары орто эсеп менен 107 баллдан алышса, шаар мектептеринин окуучулары орто эсеп менен 121,5 баллдан алышкан. Мектептер мугалимдердин квалификациясынын деңгээли боюнча да, ошондой эле окуу китептери, компьютер, Интернет сыяктуу ресурстардын туура эмес бөлүштүрүлгөндүгүнө байланыштуу да бири-биринен абдан айырмаланышат.

5) Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо системасынын жетиле электиги. Билим берүү секторунда баалоонун жана сыйлыктардын мааниси төмөн түшүп кеткен. Окуучулар жана ата-энелер жетишкендиктеринин чыныгы деңгээли тууралуу маалыматты билишпейт. 2011-жылы республиканын жалпы билим берүү уюмдарынын артыкчылык аттестатын алууга талапкер болгон 11-классты аяктаган 3 000ден ашык бүтүрүүчүнүн ичинен 95и гана Улуттук тестирлөө борбору өткөргөн сынакта эне тил, математика жана Кыргызстандын тарыхы сабактары боюнча тестти ийгиликтүү тапшырды.

6) Кадрлардын жетишпегендиги, орто мектептердеги мугалимдердин квалификациясы менен эмгек акысынын төмөндүгү. Педагогикалык адистикти окуп бүтүргөндөрдүн бештен бир бөлүгү гана мугалимдик кесипте иштеп калышууда. Педагогикалык адистиктеги студенттердин көпчүлүк бөлүгү бюджеттик каржылоого өткөндөн кийин башка адистикке өтүп кетишүүдө. Мектепке иштегени келгендердин 20%га жакыны биринчи жылы эле жумуш ордуларын таштап кетишүүдө. Мугалимдердин социалдык жактан корголбогону жана мугалимдик кесиптин баркы кетип жатканы мугалимдин эмгек акысынын өлкөдөгү орточо эмгек акыдан төмөн болуп жатканы менен түздөн-түз байланыштуу. Билим берүү системасынын мугалимдеринин ишин баалоонун заманбап системасынын жоктугу дагы окуучулардын жетишкендикеринин төмөндөшүнө алып келет.

7) Мектепке барбаган балдарды окууга тартуу, ааламдашуунун шартында талаптагыдай билим алуу үчүн окуу чөйрөсүн түзүүгө зарыл болгон окуу китептери, жабдуулар, Интернет ж.б.у.с. камсыз болуу менен байланышкан проблемалар бар.

**Саясаттын артыкчылыктуу багыттары:**

1) Жалпы билим берүү уюмдарынын тармактарынын стандарттарга ылайык иштөөсүн колдоо.

2) Компетенттүүлүк мамилени эске алуу менен билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо.

3) Сабак окутууда жеке мамиле кылууну илгерилетүү.

4) Инклюзивдүү билим берүү.

5) Мектептерди окуу китептери менен камсыз кылуу.

6) Билим берүү процессинин натыйжаларын диагностикалоо жана контролдоо.

7) Көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүүнүн өнүгүүсүн камсыз кылуу

8) Мектептерде маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТ) инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү (камсыз кылуу жана тейлөөдөн баштап мугалимдердин квалификациясын жогорулатууга чейин). "100 инвестициялык интерактивдик мектептер – жыл сайын" инфраструктуралык долбоору.

9) Окуучулардын жетишүү деңгээлин системалуу түрдө жакшыртып жаткан мугалимдерди жана мектептерди колдоого алуу жана шыктандыруу.

10) Билим берүү уюмдарынын ишин өркүндөтүүгө кызыкдар түрдүү коомдук топтордун катышуу механизмдерин киргизүү жана өнүктүрүү.

11) Жалпы билим берүү уюмдарынын тармагын оптималдаштыруу, имараттарды инвентаризациялоо жана имараттар менен участокторду мамлекеттик каттоону камсыз кылуу.

12) Мектептерди каржылоо системасын реформалоо.

13) Мугалимдердин квалификацияны жогорулатуу системасын реформалоо.

14) Ар бир педагогдун ишин баалоо системасын киргизүү.

15) Мугалимдерге эмгек акы төлөө системасын реформалоо.

2-таблица

**Мектепте билим берүү: башкы индикаторлор**

| | **Индикаторлор** | **Баштапкы деңгээл (2011-ж.)** | **Орто мөөнөттүү көрсөткүч (2014-ж.)** | **Болжолдуу көрсөткүч (2020-ж.)** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Мектептерге "профили" боюнча 10-11-класстарга кабыл алынган окуучулардын пайызы | 24% | 24% | 25-30% |
| 2. | Орто билим берүү менен камтылышы | | | |
| | Жалпы кабыл алуу, 1-9-класстар | 96% | 98% | 100% |
| | Так кабыл алуу, 1-4-класстар | 88,4% | 90% | 95% |
| | Так кабыл алуу, 5-9-класстар | 84,8% | 90% | 95% |
| 3. | Ресурстарга ээ болуу | | | |
| | Бир окуучуга компьютерлердин санынын катышы, өлкө боюнча орто эсеп менен алганда | 1⁄57 | 1⁄50 | 1⁄30 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Интернет бар мектептердин саны | 2,4% | 5% | 20% |
| 4. | Мектеп окуучуларын калыс баалоо (улуттук стандарттык тесттер) | 0 | 11-класс,<br><br>9-класс (пилоттук сыноо) | 11-класс,<br>9-класс,<br>4-класс (пилоттук сыноо) |
| 5. | Мугалимдердин жетишсиздиги, мугалимдин квалификациясы жана эмгек акысы | | | |
| 5a | Адистик диплому жана ПО 2 (педагогикалык окуу жайлар) диплому менен жумушка кирген бүтүрүүчүлөр пайызы | 19,3% | 40% | 60% |
| 5b | Педагогикалык окуу курсун улантууга калган студенттердин пайызы:<br>- ПО 2 студенттери үчүн (ЖОЖго өтүштү);<br>- ЖОЖдун педагогикалык факультетинин студенттери үчүн (магистратурада) | 43%<br><br>63% | 60%<br><br>75% | 80%<br><br>90% |
| 5c | Кесиптик биринчи иштеген жылы (мектепте) кеткендердин пайызы | 20% | 10% | 5% |
| 5d | 37 жашка чейинки окутуучулардын пайызы | 42,6% | 48% | 53% |
| 5e | Контрактта окуган студенттер үчүн педагогикалык факультеттерге өтүү үчүн минималдуу баллдар | 110, башкача айтканда бюджетте окуган студенттердин орточо баллынан 34 баллга аз | Бюджетте окуган студенттер үчүн орточо баллы менен тең | Бюджетте окуган студенттер үчүн орточо баллдан 30 баллга жогору |
| 5f | Квалификацияны жогорулатуу курсуна мугалимдердин жыл сайын катышуусу | 8% | 20% | 20% |
| 5g | Мугалимдерди жана педагогдорду даярдоо программаларынын бүтүрүүчүлөрүнүн | Бакалавр:1,6%; магистр:1,1%; адис:97,3% | Бакалавр:1,6%; магистр:1,1%; адис:97,3% | Бакалавр:80%; магистр:20%; адис: 0% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | диплому (бакалавр, магистр, адистин диплому) | | | |
| 5h | Педагогикалык факультеттердин бүтүрүүчүлөрүнүн арасында сырттан окуган студенттер | 61% | 40% | 20% |

**3. Баштапкы кесиптик билим берүү**

**Кырдаалга талдоо жүргүзүү**

Кесиптик-техникалык билим берүү системасында төмөнкүдөй билим берүү программалары ишке ашырылат:

1) баштапкы кесиптик билим берүү;

2) жалпы орто билим берүү;

3) кесиптик орто билим берүү.

КТБнын учурдагы системасы өзүнө түрдүү региондордо, анын ичинде алыскы жана чек арага жакын райондордо жайгашкан 110 окуу жайын камтыйт. Окуу жайларынын көпчүлүк бөлүгү – 63 – айыл жергесинде, 47 – шаар жергесинде жайгашкан.

| № | Региондор | Бардык окуу жайлар | Анын ичинде | |
|---|---|---|---|---|
| | | | шаар | айыл |
| 1 | Бишкек ш. | 18 | 18 | - |
| 2 | Чүй облусу | 21 | 5 | 16 |
| 3 | Ош облусу | 15 | 3 | 12 |
| 4 | Баткен облусу | 10 | 6 | 4 |
| 5 | Жалал-Абад облусу | 21 | 8 | 13 |
| 6 | Ысык-Көл облусу | 9 | 3 | 6 |
| 7 | Нарын облусу | 9 | 2 | 7 |
| 8 | Талас облусу | 6 | 1 | 5 |
| | **Бардыгы** | **109** | **46** | **63** |
| | Токмок индустриалдык–педагогикалык колледжи (ТИПК) | 1 | 1 | - |
| | **Республика боюнча жыйынтыгы** | **110** | **47** | **63** |

Бюджеттик негизде окугандардын орточо жылдык контингенти 29,0 миң адамды түзөт. Мында Кыргызстан Союздун курамында турган мезгилде окугандардын контингенти 60,0 миң жана андан жогору болгон, ал эми көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин окугандардын контингенти кескин төмөндөй баштаган. Акыркы жылдары гана бюджеттик каражаттардын эсебинен да, ошондой эле бюджеттен тышкары каражаттардын эсебинен да окугандардын көбөйүү тенденциясы байкалган.

| Регион | 1993 | 1994 | 1995 | 1996 | 2000 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-январга карата окугандардын контингенти | | | | | | | | |
| Бардыгы | 49193 | 44322 | 40762 | 32005 | 26396 | 29897 | 29341 | 30470 |
| Бишкек ш. | 8568 | 7466 | 7342 | 6174 | 5581 | 6411 | 6418 | 6929 |
| Чүй облусу | 8623 | 7170 | 6751 | 5527 | 5878 | 5673 | 5322 | 5397 |
| Ысык-Көл облусу | 4200 | 3621 | 3228 | 2915 | 2035 | 2626 | 2661 | 2657 |
| Талас облусу | 2026 | 1872 | 1485 | 1245 | 1143 | 1259 | 1258 | 1275 |
| Нарын облусу | 3865 | 3607 | 3109 | 1980 | 1720 | 2018 | 2006 | 2002 |
| Ош облусу | 11676 | 10987 | 10157 | 7524 | 5039 | 3523 | 3554 | 3839 |
| Баткен облусу | | | | | | 2948 | 3002 | 2967 |
| Жалал-Абад облусу | 10235 | 9599 | 8690 | 6640 | 5000 | 5439 | 5120 | 5404 |

Акыркы мезгилде улуу курактагы окуп жаткан адамдардын кыйла көбөйүшү байкалгандыгын белгилей кетүү маанилүү. Улуу курактагы окугандардын санынын өсүү тенденциясы коомдун жумушчу кадрларга кызыгуусунун көрсөткүчүнүн бири болуп саналат. Жыл сайын 12-14 миң адам аймактык эмгек рынокторунда суроо-талапка көнүктүрүлгөн атайын программалар боюнча кыска мөөнөттүү курстарда окуйт. Кыска мөөнөттүү окутуу төмөнкүдөй багыттар боюнча жүргүзүлөт:

1) жумушсуз калкты ишке орноштуруунун каражаттарынын эсебинен окутуу;
2) окуп жаткандардын каражаттарынын эсебинен окутуу;
3) ишканалардын каражаттарынын эсебинен окутуу.

| **Даярдоонун түрлөрү** | **2008-ж.** | **2009-ж.** | **2010-ж.** | **2011-ж.** |
|---|---|---|---|---|
| **Күндүзгү окутуу (1-январга карата)** | 26,5 | 28,7 | 29,4 | 29,7 |
| **Кыска мөөнөттүү окутуу** | | | | |
| **Ишке орноштуруу каражаттарынын эсебинен** | 2528 | 4005 | 4413 | 5249 |
| **Окуучулардын каражаттарынын эсебинен** | 3202 | 7081 | 7161 | 8604 |
| **Ишканалардын багыты боюнча** | 1292 | 785 | 1033 | 1051 |

Кесиптик-техникалык билим берүү системасынын окуу жайларынын жумуш берүүчүлөр, жарандык коом менен мамилелери өркүндөөдө. Рынок экономикасы шартында квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдоонун жаңы талаптарына ылайык өзүнүн ишин өзгөрткөн кээ бир окуу жайларынын ийгиликтүү ишинин үлгүсү жетиштүү санда. Камкордук кылуу кеңештери түзүлгөн жана алар көпчүлүк окуу жайларда ийгиликтүү иштеп жатат. Жарандык сектор менен маектик аянтча катары Консультациялык форум түзүлгөн.

Кесиптик-техникалык билим берүү системасына инвестициялардын агымы мүнөздүү учур болуп саналат, бул эл аралык уюмдар менен жигердүү иштөөнүн натыйжасы болуп саналат, алардын ичинде “Кесиптик билим берүү жана көндүмдөрдү

өнүктүрүү" АӨБ долбоору, Германия эл аралык кызматташтык коому (GIZ), Европа билим берүү фонду, ЮНЕСКО, Хельветас кыргыз-швейцар долбоору, ЕС долбоору ж.б.

Кадрларды даярдоо структурасы Кыргызстандын экономика секторлорунун түзүмүнө ылайык келет.

| Экономика сектору | Студенттердин саны | Студенттердин жалпы санынын пайызы |
|---|---|---|
| Тоо кен тармагы жана машина куруу | 157 | 3 % |
| Энергетика жана байланыш | 1 189 | 5 % |
| Тейлөө чөйрөсү | 2 044 | 10 % |
| Башкалар | 2 837 | 13 % |
| Жеңил өнөр жай | 3 111 | 15 % |
| Транспорт | 3 304 | 16 % |
| Айыл чарбасы | 3 536 | 17 % |
| Курулуш | 4 789 | 22,50 % |

**КТБ системасындагы негизги проблемалар**

Жалпысынан кесиптик-техникалык билим берүү системасы өлкөнү социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн азыркы мезгилдеги талаптарына толугу менен жооп бербейт, кадрларды даярдоо сапаты эмгек рыногунун талаптарынан артта калууда, өзгөчө айыл региондорунда байкалат, бул жаштар үчүн билим берүү кызматын көрсөтүүчү катары да, ошондой эле бизнестин өкүлдөрү үчүн социалдык өнөктөш катары да анын жагымдуулугун төмөндөтөт.

КТБ системасынын алдында турган негизги проблемаларды төмөнкүдөй түрдө мүнөздөөгө болот:

1. Курстарды жана окуу программаларын киргизүү. Бир катар курстар дайыма баштапкы кесиптик-техникалык билим берүү окуу жайлары (БКБОЖ) тарабынан көрсөтүлөт, мында алар эмгек рыногунун учурдагы муктаждыктары менен байланышта болбойт. Учурдагы курстардын окуу программалары түзүмү жана маңызы боюнча эскирген. Компетенцияга негизделген окутуу үчүн окуу программаларын киргизүү зарыл.

2. Окутуучулар/устаттар. Персоналды өнүктүрүү боюнча институттук программа жок болгондуктан көпчүлүк окутуучуларда окутуунун учурдагы методологиялары жана алардын адистиги жаатында технологиялардын өркүндөтүлгөндүгү жөнүндө маалыматтар жок. Айрымдарынын гана өнөр жайда иш тажрыйбасы бар. Кесиптик-техникалык билим берүү системасына жаш адистер келбейт, анткени алар бул ишти кызыктуу деп эсептебейт, негизинен төмөн эмгек акынын айынан.

3. Окуу жабдыктары. Окуу жабдыктары көпчүлүк БКБОЖдо талаптарга жооп бербейт, колдо бар жабдыктардын көпчүлүк бөлүгү мындай да, моралдык жактан да эскирген.

4. Институттук менеджмент. БКБОЖдун көпчүлүк администрациялык персоналынын пландоодо, алынган маалыматтын негизинде чечим кабыл алууда, мониторинг жүргүзүүдө жана ишкердикте учурдагы башкаруучулук көндүмдөрү жок. Бул жетектөөчү кадрлардын квалификациясын жогорулатуу системасынын жана персоналды өнүктүрүүнүн институттук программасынын жоктугу менен байланышкан.

5. ӨЭУ системасынын кадыр-баркы. Кесиптик-техникалык билим берүүнүн жагымдуулугу кесиптик жогорку билим берүүчү окуу жайларга салыштырмалуу бир

кыйла төмөн. Өлкөбүздө жумушчу кадрлардын саны жогорку билимдүү адистердин санынан кыйла төмөн болгон учурда мындай абал кадрларды даярдоодо диспропорцияны түзөт.

6. Ченемдик укуктук негиз. Ченемдик укуктук база окуу жайларынын ийкемдүү ишине өбөлгө болбойт, эмгек рыногунда учурдагы талаптарга же мүмкүнчүлүктөргө ыкчам реакция кылууга мүмкүндүк бербейт, финансылык өз алдынчалыкка жол бербейт.

7. Каржылоо. Мамлекеттик бюджет негизинен эмгек акы, стипендия төлөөгө жана студенттердин тамактануусуна бөлүнөт, бирок окуу процессине бөлүнгөн каражаттар өтө аз. Кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн бюджеттен тышкаркы кирешелер чектелген.

8. Социалдык өнөктөштүк. Өнөр жай секторунун жана башка социалдык өнөктөштөрдүн активдүү катышуусу кесиптик-техникалык билим берүүнүн жана окутуунун натыйжалуу системасынын маанилүү компоненти болуп саналат, бирок аларды институттук негизде тартуу үчүн механизм жок. Институттук деңгээлде БКБОЖдо өнөр жайдын камкорчулук кеңештери (ӨКК) түзүлгөн, бирок аларды чыңдоо керек. Улуттук деңгээлде өнөр жай секторун жана башка социалдык өнөктөштөрдү стратегияларды даярдоого, пландоого жана бүтүндөй системанын функцияларынын баяндамасына тартуу үчүн механизм түзүү зарыл.

**Учурдагы проблемаларды жоюу жана кадрларды даярдоонун жаңы деңгээлине чыгуу максатында төмөнкүдөй саясаттын чаралары сунушталат:**

1) КТБнын инфраструктурасын чыңдоо жана жаңылоо.

2) Окутуунун сапатын жана анын эмгек рыногунун талаптарына шайкештигин жакшыртуу.

3) Окуу жайларын башкаруу жана каржылоо, мониторинг жүргүзүү, отчеттуулук жана баалоо программаларын киргизүү боюнча иштерди өркүндөтүү.

4) Кесипке билим берүүнүн жана окутуунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

5) КТБда социалдык өнөктөшүү ролун чыңдоо үчүн шарттарды түзүү.

6) Кесиптик билим берүү даярдоонун артыкчылыктуу багыттары үчүн квалификациялардын улуттук алкагын иштеп чыгуу.

7) Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды эмгек рыногун талдоо, окуу процессине, ошондой эле окуу жайларын башкаруу практикасына киргизүү.

8) Кесиптик-техникалык билим берүүнүн бардык багыттарына көз карандысыз аккредитациялоо, баалоо жана сертификат берүү механизмдерин жайылтуу.

9) КТБ системасында институттук деңгээлде социалдык өнөктөштүк иштерин колдоо.

10) Кесиптик-техникалык билим берүүнүн квалификацияларынын улуттук алкактарын квалификациянын жалпы системасына интеграциялоо.

11) КТБ системасынын ишин экономиканын, бизнестин жана жалпысынан коомдун суроо-талаптарына жооп берүүчү кадрларды даярдоо түзүмдөрүн ачык жана ийкемдүү кылуу.

3-таблица

**Баштапкы кесиптик билим берүү: башкы индикаторлор**

| | **Индикаторлор** | **Баштапкы деңгээл (2011-ж.)** | **Орто мөөнөттүү көрсөткүч (2014-ж.)** | **Болжолдуу көрсөткүч (2020-ж.)** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Жаңыртылган БКБОЖдун пайызы | 40% | 60% | 80% |
| 2. | Оптималдаштырылган билим берүү | - | 10% | 25% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | уюмдарынын пайызы | | | |
| 3. | Жалпы контингентке карата кыска мөөнөттүү окууда окугандардын пайызы | 40% | 50% | 75% |
| 4. | Жумуш берүүчүлөр менен кызматташтыкта иштелип чыккан кесиптик стандарттардын саны | 7 | 49 | 60 |
| 5. | Катталган жана аккредитацияланган окуу программаларынын саны | - | 20 | 40 |
| 6. | БКБОЖдун китепкана фондусун жаңы окуу адабияттары менен толтуруу пайызы | 10% | 35% | 60% |
| 7. | Жан башына каржылоону киргизген БКБОЖдун саны | - | 5 | 110 |
| 8. | Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды жана жаштарды мектептен тышкары окутуу үчүн иштелип чыккан инклюзивдүү программалардын саны | 3 | 8 | 25 |
| 9. | БКБОЖго тапшырып жаткан кыздардын үлүшүнүн көбөйүү пайызы | 30% | +5% | +10% |
| 10 | Билим берүү окуу жайлары менен жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелеринин ортосунда түзүлгөн контракттардын негизинде ишке орношкон бүтүрүүчүлөрдүн пайызы | 10% | 30% | 45% |
| 11 | Жумуш берүүчүлөрдөн адистерди окутууга заказ кабыл алуучу билим берүүчү уюмдардын пайызы | 5% | 10% | 30% |
| 12 | Компетентцияларды сертификаттоо боюнча түзүлгөн борборлордун саны | - | 2 | 9 |

## 4. Кесиптик орто билим берүү

### Кырдаалга талдоо жүргүзүү

Кесиптик орто билими бар кадрларды даярдоо болжол менен 100 адистик боюнча жүргүзүлөт. Бул система эмгек рыногунда өндүрүш чөйрөсүн колдоп турат. 122 кесиптик орто окуу жайында 64 миң студент окуйт.

**2009-2010-окуу жылдарында** кесиптик орто окуу жайларга кабыл алуу планы адистиктерге болгон муктаждыктардын план-божомолун эске алуу менен бекитилген, ал профилдик министрликтер менен ведомстволордун табыштамаларынын, ошондой эле облустук мамлекеттик администрациялардын маалыматтарынын негизинде түзүлгөн.

| | | Бюджетте окуу формасы | Күндүзгү окуу формасы | | Сырттан окуу формасы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кабыл алуу планы | Кабыл алынган студенттер | Кабыл алуу планы | Кабыл алынган студенттер | Кабыл алуу планы | Кабыл алынган студенттер |
| 2009-ж. | 5181 | 4923 | 21871 | 17351 | 1500 | 1030 |
| 2010-ж. | 5106 | 4923 | 21317 | 16076 | 2404 | 971 |

**Билим берүүнүн сапатын контролдоонун алкагында** билим берүү уюмдарынын лицензиялоо программаларына жана лицензиялоонун контролдук ченемдерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди.

Сапатты контролдоо бөлүмдөрү Кыргыз Республикасынын бардык кесиптик орто окуу жайларында түзүлгөн жана иштеп жатат. 2009-2010-окуу жылдарынан тартып кесиптик орто окуу жайлар студенттердин билимин баалоонун модулдук-рейтингдик системасына өткөн.

**Кесиптик орто билим берүүнүн актуалдуу проблемаларынын ичинен төмөнкүлөрдү белгилей кетүү зарыл:**

1) Кесиптик орто билим берүүнүн (КОБ) жыйынтыктарынын эмгек рыногунда коюлуучу талаптарга ылайык келбеши. КОБдогу учурдагы квалификациялык талаптар эскирди, ошондуктан бүтүрүүчүлөр эмгек рыногунда талап кылынуучу көндүмдөргө жана билимдерге ээ эмес. КОБдун программаларынын төмөнкү деңгээли КОБ мекемелеринин, менчик сектордун (бизнестин) жана эмгек рыногунун ортосундагы үзгүлтүксүз өз ара аракеттенүүнүн жетишсиздиги менен түшүндүрүлөт. КОБдун окуу программалары практикалык компетенцияга эмес, көбүнчө теорияга багытталган.

2) Бир катар адистиктер жана кесиптер боюнча КОБдун системасынын атаандаштыкка жөндөмсүз бүтүрүүчүлөрү. КОБдогу кесиптерге жана адистиктерге өнүгүп жаткан эмгек рыногунун келечектүү талаптарынын көз карашы боюнча үзгүлтүктүү талдоо жүргүзүлбөйт. Ошондуктан бүтүрүүчүлөрдүн начар даярдалышына кошумча система ийкемдүү болбогондуктан белгиленген бир кесиптердин ашыкча болушу же жетишсиздиги проблемасына туш болот.

3) Кызмат көрсөтүүлөрдүн потенциалдуу керектөөчүлөрү үчүн (студенттер, чоң кишилер, ишкерлер) КОБдун системасынын өзүнө тартпагандыгы. Экономикалык жактан активдүү калктын 50%ы айыл чарбасы жаатында жеке ишкердик менен алек болгондо да, КОБдун бир нече мекемеси гана калктын ушул конкреттүү сегменти үчүн арналган программаларды сунуштайт. Өзүнүн адистигин өзгөртүүнү каалаган чоң кишилердин мүмкүнчүлүгү да чектелген. Киреше алып келүү ишине жардам бере турган КОБдун программалары начар өнүккөн.

4) КОБдун системасын натыйжасыз башкаруу. Кесиптик билим берүү кызматын көрсөтүүчүлөр менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы өз ара аракеттенүү механизмдери жок. Билим берүү кызматынын сапатына жоопкерчиликти жогорулатуу боюнча иш-чаралар системасы иштелип чыккан эмес. КОБдун мекемелеринде эмгек рыногундагы өзгөрүүлөргө чыгармачыл жана ийкемдүү болуп жооп кылуу үчүн жетиштүү автономия жок. Буга кошумча КОБдун кадыр-баркын көтөрүү боюнча кесиптик багытталган иш өтө начар. Калк КОБдун мекемелери сунуш кылуучу программалар жөнүндө билбейт же болбосо учурдагы окуу курстарды аяктагандан кийин алса боло турган көндүмдөр жана билимдер жөнүндө толук маалымат жок.

5) КОБдун мекемелеринде ресурстардын жетишсиздиги. Студенттердин санынын кыскартылышына карабастан административдик жана техникалык персоналдын саны

өзгөрүүсүз бойдон калууда, бул алардын натыйжалуулугу жөнүндө олуттуу маселелерди жаратат. Бул КОБдун системасын каржылоо үчүн да адилеттүү. Ресурстардын көпчүлүк бөлүгү социалдык жардамга жана системанын инфраструктурасын колдоого кетет, мында билим берүү процессинин өзүнө жана аны материалдык-техникалык камсыз кылууга чектелген каражаттар калат, ал КОБдун материалдык-техникалык базасынын эскиришинин олуттуу проблемасына алып келет.

**Саясаттын артыкчылыктуу багыттары**

1) Региондук айырмачылыктарга өзгөчө көңүл буруу менен КОБдун программаларынын түзүмү менен эмгек рыногунун талаптарынын ортосундагы ажырымдарды жоюу.

2) Жумуш берүүчүлөрдү бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясын баалоо процессине тартуу.

3) Калктын бардык катмарынын арасында КОБдун беделин көтөрүү.

4) КОБду башкаруу системасын оптималдаштыруу.

5) КОБдун уюмдарынын кадрдык потенциалынын сапатын жогорулатуу. Ар бир педагогдун ишин баалоо системасын киргизүү.

4-таблица

**Кесиптик орто билим берүү: башкы индикаторлор**

| | **Индикаторлор** | **Баштапкы деңгээл (2011-ж.)** | **Орто мөөнөттүү көрсөткүч (2014-ж.)** | **Болжолдуу көрсөткүч (2020-ж.)** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Өлкөлүк артыкчылыктарга ылайык келүүчү адистиктерге бюджет боюнча кабыл алуунун жалпы ар жылдык планынан бөлүнүүчү бюджеттик орундардын пайызы | 20% | 40% | 60% |
| 2. | КОБ уюмдарына кабыл алынган каалоочулардын санынын көбөйүү пайызы | 3% | 15% | 25% |
| 3. | Жумуш берүүчүлөр менен бирге иштелип чыккан кесиптик стандарттардын үлүшү | 2% (туризм) | 30% | 60% |
| 4. | Окуу жайлары менен жумуш берүүчү уюмдардын ортосунда түзүлгөн контракт боюнча ишке орношкон бүтүрүүчүлөрдүн үлүшү | 10% | Факт боюнча аныктоо керек | Факт боюнча аныктоо керек |
| 5. | Жумуш берүүчүлөрдөн адистерди даярдоого заказ алган билим берүү мекемелеринин үлүшү | 3% [баалоо гана] | 50% | 100% |
| 6. | Квалификацияны жогорулатуу программаларына катышкан педагогдордун үлүшү | 3% | 30% | 50% |

## 5. Кесиптик жогорку билим берүү

### Кырдаалга талдоо жүргүзүү

Жаштар жана чоң кишилер үчүн билим берүүнүн кызмат көрсөтүү рыногу өсүүдө жана улам атаандаштыкка жөндөмдүү болууда. Контингенти 230,2 миң студент болгон 52 жогорку окуу жайы иштейт (менчик формасы боюнча – 31 мамлекеттик ЖОЖ жана 21 мамлекеттик эмес ЖОЖ, үч мамлекеттик ЖОЖ өзүн-өзү каржылоо шартында иштейт).

**Региондор боюнча** ЖОЖдор төмөнкүдөй түрдө бөлүштүрүлгөн:

- Бишкек шаарында 21 мамлекеттик ЖОЖ жана 9 мамлекеттик эмес ЖОЖ бар;
- Ош шаарында жана Ош облусунда – 5 мамлекеттик жана 1 мамлекеттик эмес ЖОЖ;
- Жалал-Абад шаарында жана облусунда – Жалал-Абад мамлекеттик университети жана 2 мамлекеттик эмес ЖОЖ;
- Ысык-Көл облусунда Ысык-Көл мамлекеттик университети жана 3 мамлекеттик ЖОЖ иштейт.

Ал эми Нарын, Талас, Баткен облустарында бирден ЖОЖ иштейт – бул көз карандысыздык жылдары түзүлгөн мамлекеттик университеттер.

Мамлекеттик каржылоо бюджеттик топтордун студенттерин мамлекеттик заказ боюнча кадрларды даярдоого гана тийиштүү. Ошону менен катар кызмат көрсөтүүнүн бул рыногунда билим берүүнүн сапатын мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуу системасын түзүү зарыл.

**ЖОЖдордо гранттык (бюджеттик) орундарга кабыл алуу планы** 2009-2010-жылдардан тартып гранттык орундарды бөлүштүрүүнүн жаңы механизми – республиканын ЖОЖдорунун ички эмгек рыногунда талап кылынган адистерди даярдоо план-божомолунун негизинде түзүлүүдө. План-божомол министрликтердин жана ведомстволордун, республиканын облмамадминистрацияларынын табыштамаларынын негизинде түзүлөт.

2009-жылы тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын багыты боюнча максаттуу кабыл алуунун алкагында гранттык окууга кабыл алууда абитуриенттердин жаңы категориясы эске алына баштады.

Максаттуу кабыл алуунун алкагында тапшырган студенттер менен үч тараптуу келишим түзүлөт (студент – ЖОЖ – абитуриентти окууга жөнөткөн орган), ага ылайык ал ЖОЖду аяктагандан кийин иштөө үчүн тиешелүү районго келүүгө, ал эми жергиликтүү бийлик органдары аны ишке алууга милдеттүү.

2010-жылы ЖРТнын түзүмүнө кошумча предметтик тесттерди этап-этабы менен киргизүү башталды. Химия, биология жана чет тили боюнча мурда колдонулуучу тесттер менен катар физика, Кыргызстандын тарыхы жана дүйнөлүк тарых боюнча тесттер киргизилген. 2010-жылы абитуриенттердин көпчүлүгү **15 627** адам тарых боюнча предметтик тестти тандаган, биология боюнча – **6 364,** химия боюнча – **4 602,** физика боюнча – **4 876,** англис тили боюнча - **4 467,** немис тили боюнча – **170.**

2010-2011-окуу жылдарда гранттык негизде бардыгы 5 318 студент кабыл алынган, алардын ичинен экономика тармагы боюнча: билим берүү – 2 315, курулуш – 258, энергетика – 304, тоо-кен өнөр жайы – 210, транспорт – 157, айыл чарбасы – 255, саламаттык сактоо - 283, маданият жана искусство – 227, телекоммуникация, байланыш – 113, компьютердик технологиялар – 271, социалдык-гуманитардык адистиктер – 259, жабдыктар жана технологиялар – 106, тамак-аш өнөр жайы – 60, жеңил өнөр жайы – 67, экология жана туризм – 71, КР Коргоо министрлиги үчүн – 120, КР Ички иштер министрлиги үчүн – 236. Инженердик жана техникалык адистиктерге 1 801 адам (2009-

жылы 1 737), педагогикалык адистиктерге – 2 315 (2009-жылы 2 627) адам кабыл алынган. Өткөн жылга салыштырмалуу энергетика, компьютердик технологиялар, айыл чарбасы, телекоммуникация, жабдыктар жана технологиялар адистиктери боюнча гранттык окууга кабыл алуу көбөйгөн.

2010/11-окуу жылдары республиканын мамлекеттик ЖОЖдорунун контракттык окуу формасына ЖРТнын жыйынтыгы боюнча 3 888 адам (21%) кабыл алынган. 2011-жылдан тартып контракттык күндүзгү окуу формасына абитуриенттерди кабыл алуу жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча гана жүргүзүлөт.

2007-жылы ЖОЖдордун студенттеринин контингентинин болжол менен жарымын сырттан окуу формасындагы студенттер (47%) түзгөн, ал жалпысынан окуунун сапатына терс таасир эткен. Сырттан окуу формасына кабыл алуу планына квота коюу жана окутуу формасы боюнча контракттык бөлүмдөргө төмөнкү чектик баанын (15 миң – күндүзгү окуу жана 13 миң сом – сырттан окуу) белгилениши 2010-2011-окуу жылдарынын башына ЖОЖдордун сырттан окутуу бөлүмдөрүндө кабыл алуу студенттердин жалпы санынын 43%ына чейин кыскарган.

**Билим берүүнүн сапатын контролдоонун алкагында** – билим берүү уюмдарынын программаларына жана лицензиялоонун контролдук ченемдерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 2009-жылы 14 ЖОЖдун жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн билим берүү иши токтотулган. Кесиптик жогорку билим берүүнүн 70 программасы боюнча 15 жогорку окуу жайынын лицензиясы кайта алынган жана жогорку билим берүүнүн 67 программасы боюнча 17 ЖОЖдун лицензиясынын колдонулушу токтотула турган. 4 ЖОЖ жазуу жүзүндө эскертүү алган.

2010-жылы текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 14 ЖОЖдо, түзүмдүк бөлүмдөрдө жана ЖОЖдордун филиалдарында 74 адистик боюнча лицензиялар кайта алынган.

Сапатты контролдоо бөлүмдөрү түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын бардык ЖОЖдорунда иштейт. 2009-2010-окуу жылдардан тартып ЖОЖдор студенттердин билимин баалоонун модулдук-рейтингдик системасына өткөн.

2010-2011-окуу жылдардан тартып ЖОЖдордо биринчи курстар үчүн электрондук зачеткалар жана студенттик билеттер системасы киргизилген, анын негизинде жогорку окуу жайларында Билим берүүнү башкаруунун бирдиктүү электрондук системасы (ББЭС) түзүлөт. Билим берүүнү башкаруунун бирдиктүү электрондук системасын түзүү боюнча долбоордун алкагында билим берүү стандарттарын түзүмдөштүрүү жана бирдиктүү электрондук форматка келтирүү боюнча иштер аяктаган, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасында адистерди даярдоонун багыттарынын жана адистиктеринин электрондук маалымдамалары даярдалган. ЖОЖдордо студенттер менен ЖОЖдордун адистеринин жеке маалыматтарын даярдоонун электрондук системалары жайылтылган.

**Кесиптик жогорку билим берүүнүн маңызын жаңылаштыруунун алкагында** – 2009-жылы республиканын базалык ЖОЖдорунун алдында жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн киргизүү менен окуу-усулдук бирикмелердин (ОУБ) жаңы курамы бекитилген. Кесиптик жогорку билим берүүнүн багыттарынын жана адистиктеринин **жаңы Тизмесинин (Классификаторунун)** долбоору иштелип чыккан, аны талкуулоо ЖОЖдордун окуу-усулдук бирикмелеринде жүргүзүлүүдө. Жаңы муундагы Мамлекеттик билим берүү стандарты (МБС) иштелип чыккан жана талкууга алынган, анын негизинде ОУБ даярдоонун бардык багыттары жана адистиктери боюнча билим берүү стандарттарын иштеп чыгууга киришкен. Жаңы муундагы МБС билим берүү программаларында кесиптик компонентти күчөтүүнү карайт, ал ошондой эле ЖОЖдун бүтүрүүчүсүнүн практикалык көндүмдөрүн жана кесиптик компетенциясын калыптандырууга, жаңы технологиялардын өнүгүшүнө ылайык окуу программасынын

мазмунун жаңылоого багытталган. “Компетенттүүлүк ыкманын негизинде пилоттук МБС ЖКБны иштеп чыгуу” долбоорунун алкагында “Компетенттүүлүк ыкманын негизинде бүтүрүүчүлөрдүн моделдерин иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда окуу пландарын долбоорлоо боюнча усулдук сунуштар” иштелип чыкты.

Кредиттик технологиялардын (ECTSти колдонуу) негизинде ЖОЖдордо окуу процессин уюштурууну жөнгө салуучу ченемдик актылар иштелип чыкты жана бекитилди. Окутуунун кредиттик технологиясын колдонуу боюнча бул ченемдик документтерди республиканын ЖОЖдору аткара баштады. Азыркы учурда окуу процессинде кредиттик технология (айрым багыттар боюнча) Кыргыз Республикасынын 15 ЖОЖунда ишке ашырылган.

2010-жылдын июлунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясында эки деңгээлдик окутуу системасына (бакалавр-магистр) өтүү бекитилген.

Кошумча билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу кесиптик жогорку жана орто окуу жайлардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин жөнгө салуучу, улуу курактагы калкты эмгек рыногунун тез өзгөрүп туруучу талаптарына көнүктүрүүгө багытталган төмөнкүдөй документтер иштелип чыккан жана бекитилген:

- Кошумча кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу кесиптик жогорку жана орто окуу жайларынын түзүмдүк бөлүмү жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасынын кошумча кесиптик билим берүүсү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтердин үлгүлөрү;
- Кыргыз Республикасынын кошумча кесиптик билим берүүсү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтердин үлгүлөрүнө талаптар.

Эгерде 2008-2009-окуу жылдары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында жакынкы жана алыскы чет өлкөлөр менен кызматташуунун алкагында 14 749дан ашык чет өлкөлүк жаран окуса, 2009-2010-окуу жылдарына маалымат боюнча Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда 18 281 чет өлкөлүк жаран окуган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 25-мартындагы №102 “Чет өлкөлөрдө жашап жаткан мекендештерге билим берүү жана улуттук маданият маселелеринде колдоо көрсөтүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна үч жылдын ичинде 152 этностук кыргыз кабыл алынган. 2008-2009-окуу жылдарында – 58 студент, 2009-2010-окуу жылдарында – 56 студент, 2010-2011-окуу жылдарында – 38 студент кабыл алынган.

**Кесиптик жогорку билим берүүнүн актуалдуу проблемаларынын ичинен төмөнкүлөрдү белгилей кетүү зарыл:**

1) Бүтүрүүчүлөрдүн билиминин, тажрыйбасынын жана көндүмдөрүнүн деңгээли жетишсиз. Жумуш берүүчүлөрдүн эксперттик баа берүүлөрү бүтүрүүчүлөрдүн билиминин, тажрыйбасынын жана көндүмдөрүнүн деңгээли жетишсиз экендиги жөнүндө айтып турат. ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү үчүн квалификациялык талаптар абдан кеңири жана дипломдук экзамендер формалдуу мүнөздө. Эмгек рыногундагы суроо-талап менен жогорку билим берүү программаларынын түзүмүнүн ортосундагы ажырым бир тармакта бүтүрүүчүлөрдүн же адистердин абдан көп болушун жана башкаларында жетишсиздигин жаратат.

2) Сапатты камсыз кылуу системасы натыйжасыз. Сапатты камсыз кылуунун учурдагы эки механизми – лицензиялоо жана аттестациялоо – алар сапатка мониторинг жүргүзүү жана өркүндөтүү каражаты катары колдонулбагандыктан чоң натыйжа берген жок. Аккредитациялоонун көз карандысыз институтунун көз карашы боюнча ЖОЖдорду баалоонун тиешелүү критерийлери же стандарттары жок.

3) Кадрдык ресурстардын сапаты төмөн. Окутуучулардын жалпы санынын 60%ынын илимий даражасы жок. ЖОЖдор профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатууну уюштурууга активдүү катышпайт.

4) Студенттерди бюджеттик даярдоого чыгымдар натыйжасыз. Бюджеттик орундардын дээрлик жарымы педагогикалык кадрларды даярдоого мамлекеттик заказ болуп саналат, бирок бюджетте окуган студенттердин көпчүлүгү милдеттенмелерди аткарышпайт жана өзүнүн адистигинен кыйла кадыр-барктуусуна которулуп кетет. 76% студент гана окуусунун аягына чыгат, андан азыраагы адистиги боюнча иштейт. Статистика боюнча болжол менен 45% гана педагог бөлүштүрүү боюнча иштейт.

5) Жогорку окуу жайларда илим начар өнүккөн. Илим менен жогорку билим берүүнүн ортосунда байланыш жетишсиз. ЖОЖдук илимий мектептерди түзүүдө өсүү жок. Студенттерди илимий ишке тартуунун илимий көндүмдөрүн же механизмдерин өнүктүрүү сыяктуу көптөгөн маселелер иштелбеген бойдон калууда.

**Саясаттын артыкчылыктуу багыттары**

1) Кесиптик жогорку билим берүүнүн сапатына кепилдик берүү системасын өркүндөтүү.

2) Кесиптик жогорку билим берүүнүн түзүмүн жана деңгээлин оптималдаштыруу.

3) Региондук айырмачылыктарга өзгөчө көңүл буруу менен ЖКБ системасында кадрларды даярдоо менен эмгек рыногунун талаптарынын ортосундагы ажырымдарды жоюу.

4) Квалификацияны жогорулатуу системасын реформалоо. Ар бир педагогдун ишин баалоо системасын киргизүү.

5) Мамлекеттик ЖОЖдорду өзүн-өзү каржылоого өткөрүү тажрыйбасын эске алууну кошо алганда, жогорку билим берүүнү каржылоонун учурдагы механизмдерин кайра карап чыгуу.

6) ЖОЖдук илимди өнүктүрүү.

5-таблица

**Жогорку билим берүү: башкы индикаторлор**

| **Индикаторлор** | **Баштапкы деңгээл (2011-ж.)** | **Орто мөөнөттүү көрсөткүч (2014-ж.)** | **Болжолдуу көрсөткүч (2020-ж.)** |
|---|---|---|---|
| 1) Өлкөдө ЖОЖдордун жалпы санынын эки деңгээлдик системасын киргизген ЖОЖдордун пайызы | 30% | 92% | 92% |
| 2) Жождордун саны<br>алардын ичинен:<br>-мамлекеттик,<br>-өзүн-өзү каржылоо шартында иштеген мамлекеттик<br>- менчик | 52<br><br>32<br>3<br><br>21 | Факт боюнча<br><br>31<br>6<br><br>Факт боюнча | Факт боюнча<br><br>31<br>14<br><br>Факт боюнча |
| 3) Төмөнкүдөй илимий даражасы бар бүтүрүүчүлөрдүн үлүшү:<br>- бакалавр<br>- магистр | <br><br>7%<br>3% | <br><br>40%<br>20% | <br><br>70%<br>20% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| - адистер | 90% | 50% | 10% |
| 4) Көз карандысыз аккредитациясы бар академиялык программалардын саны | 2 | 20 | 50 |
| 5) ЖОЖдордун окутуучуларынын сапаттык курамы<br>- бакалавр/адис<br>- магистр<br>- илимдин кандидаты<br>- PhD даражасы<br>- илимдин доктору | 59%<br>15%<br>20%<br>1%<br>5% | 30%<br>25%<br>30%<br>5%<br>10% | 0%<br>40%<br>40%<br>10%<br>10% |
| 6) ЖОЖ үчүн инфраструктура жана жабдыктар боюнча лицензиялоонун ченемдери (стандарттары)<br>- китепканалар<br>- окуу китептери<br>- компьютер/студент | 80%<br>50%<br>1/25 | 100%<br>80%<br>1/12 | 100%<br>100%<br>1/6 |
| 7) Аспиранттардын жана докторанттардын диссертациясын жакташына чейин жетишинин пайызы (2006-жылга баштапкы деңгээл)<br>- илимдин кандидаты<br>- илимдин доктору | 23,9%<br>13,3% | 30%<br>20% | 50%<br>50% |
| 8) Окуусун улантууну жана өз алдынча ишке орношуусун эске алып, бюджеттин эсебинен окуган ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуу пайызы | 30% | 50% | 80% |

**6. Чоң кишилер үчүн билим берүү жана формалдык эмес билим берүү**

**Кырдаалга талдоо жүргүзүү**

Билим берүү – бул бүткүл жашоо-турмушта улануучу процесс, ошондуктан мамлекет бардыгы үчүн өмүр бою **үзгүлтүксүз билим алуу мүмкүнчүлүгүн** берүүгө милдеттүү. Бул өзүнүн билим алуусун улантууну каалагандарга да, ошондой эле билим алууда кетирген мүмкүнчүлүгүн толуктоону каалагандарга да бирдей деңгээлде тиешелүү.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында чоң кишилерге билим берүү чөйрөсүндө мектепке такыр барбаган же түрдүү себептер боюнча окуусун токтоткон бардык жарандарды билим берүү менен камтуу проблемасы актуалдуу болуп саналат. Үй-бүлөдөгү оор социалдык-турмуштук шарттар өспүрүмдөрдү мектепти таштоого жана аз акы төлөнүүчү иштерди жасоого мажбур кылат.

Аргасыз иштеген өспүрүмдөрдүн категориясы өзүнүн үй-бүлөсүн финансылык жактан камсыз кылат жана тиешелүү түрдө аларды күндүзгү мектепке кайта алып келүү

өтө кыйын. Балдардын эмгеги – Кыргызстан өз алдынчалыкка ээ болгон учурдан тартып күчөп кеткен абдан оор проблемалардын бири. Проблема ата-энелердин ички миграциясынын масштабдуу агымы менен байланышкан, ал балдарды билим алууга жетүүдө кыйла аялуу кылат.

Кечкисин жана сырттан окуу мектептеринде окугандардын контингентине талдоо жүргүзүү, бул эреже катары, балдардын интеллекти сакталгандыгын, бирок педагогикалык жактан артта калгандыгын, окутуунун деңгээли төмөндүгүн, өз алдынча билим алуу көндүмдөрүнүн жоктугун, иштөө жөндөмдүүлүгү менен аракеттенүүсүнүн жана окуу мотивациясынын деңгээли төмөндүгүн көрсөттү. Мындай контингент компенсациялоочу окутуу үчүн билим берүү шарттарын түзүүгө муктаж.

80-жылдары Кыргызстанда 136 кечкисин (сменалык) жана сырттан окутуу мектеби иштеген, алардын көпчүлүгү ишканалардын аймагында жайгашкан. Жыл сайын бул мектептерди 12 миңден ашык адам аяктаган, бул эмгекке жөндөмдүү калктын болжол менен 0,4-0,6 %ын түзгөн. 2000-жылы кечкисин жана сменалык окутуу мектептери төрт мектепке чейин, ошондой эле 1 851 адам окуган күндүзгү жалпы билим берүү мектептеринин алдындагы иштеген жаштар үчүн класстар кыскартылган. 2006-жылга кечкисин (сменалык) жана сырттан окутуу мектептеринин саны күндүзгү жалпы билим берүү мектептеринин жана 11 кечкисин окутуу жалпы билим берүү мектептеринин алдындагы 32 сырттан окутуу классын түзгөн, алар жалпысынан 2 400 адамды камтыган. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча (“Кыргыз Республикасында билим берүү жана илим – 2008” статистикалык жыйнагы) 2008-жылы өз алдынча кечкисин окутуу мектептеринин саны 15ти түзгөн, ал 3 352 окуучуну камтыган.

2009-2010-окуу жылдары кечкисин/сырттан жана сменалык окутуу мектептеринде жана класстарда окугандардын саны <u>3 352ден 5 482ге чейин</u> көбөйгөн. Ошону менен катар балдардын мектептен чыгышынын цифрасы, жакырчылык жана жумушсуздук деңгээли сабаттуулуктун төмөндөшүн болтурбоо үчүн келечекте 2020-жылга чейин Кыргызстанда болжол менен 80 кечки мектеп иштеши керектиги жөнүндө айтып турат. **Ошону менен катар мамлекет калктын кечки/сменалык/сырттан окутуу мектептеринде жана класстарда билим алышын каржылабайт.**

Айрыкча жумушсуздардын саны өсүп жаткан шартта жаштарды жана чоң кишилерди окутуунун же кайра окутуунун биринчи деңгээлдеги маанилүүлүгүн түшүнүү көз көрүнө жогорулоодо. Курагы жеткен жумушсуз калк ишке орноштуруу органдарында каттоодон өтүүдө, эреже катары, кесиптик баштапкы билим берүү системасынын алкагында кайра даярдоого багыт алат. Мында кесиптик орто же жогорку билим берүүнүн башка деңгээлдери зарыл көндүмдөрдү алууга багытталган чоң кишилер үчүн окутуунун жагымдуу программаларын иштеп чыгып, жүзөгө ашыра алат.

Өлкөдө 1 000ден ашык борбордун чоң кишилер үчүн формалдуу эмес билим берүү программаларын берүүгө мамлекеттик лицензиясы бар. Алардын көпчүлүгү эмгек рыногунда жумушсуз калктын атаандыштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулата турган көндүмдөрдү жана билимдерди алууга жардам берүү менен аларды окутууга багытталган.

Кыргызстандын бардык облустук борборлорунда 12 “Чоң кишилерди окутуу борбору” иштейт, алар инсандын баарлашуусунан жана өнүгүшүнөн, кесиптик билим берүүдөн жана кошумча тренингдерден, базалык билимди жана аяктагандан кийин сертификат бериле турган башка курстарды аяктоо үчүн окуу курстарынан тартып коомдун жашоо-турмушуна толук баалуу катышуу жана чоң кишилерге билим берүү аркылуу интеграциялоо менен аяктап, кеңири мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт. Борборлордо ошондой эле атайын максаттуу топтор: жалгыз бой энелер, пенсионерлер, жумушсуз аялдар үчүн окутуу жүргүзүлөт.

2007-жылы “Чоң кишилерге билим берүүнүн кыргыз ассоциациясы”/КАОВ юридикалык жактардын Бирикмеси түзүлгөн.

Жалпысынан, чоң кишилер үчүн окутуунун провайдерлеринин көпчүлүгү курагы жеткен калкты тилдик даярдоо, комплекстик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылуучу көп функционалдуу борборлордун базасында даярдоо чөйрөсүндө иштейт, мисалы, чет тил + компьютердик көндүмдөр + иш кагаздарын жүргүзүү + уюмдун менеджменти. Ошондой эле көпчүлүк провайдерлер маалыматтык-коммуникациялык технологиялар чөйрөсүндө жумушчу адистиктерге адистерди даярдоо боюнча өз кызмат көрсөтүүлөрүн сунуш кылат, машина айдоого үйрөтөт, бухгалтерлерди жана экономисттерди даярдайт, ошондой эле кийим тигүү ишине окутат. Жарандык окутуу, дүйнөнүн маданияты, чыгармачылык, ошондой эле башкаруу көндүмдөрү курстарын бир аз эле провайдерлер сунуштаса да, алар мисалы, туризм же күзөт иши чөйрөсү үчүн көндүмдөрдү алуу курстарына караганда бир топ санда курагы жеткен калкты камтыйт.

**Чоң кишилерге билим берүүнүн актуалдуу проблемаларынын ичинен төмөнкүлөрдү белгилей кетүү зарыл:**

1) Чоң кишилер үчүн билим берүү: камтуу, сабаттуулук деңгээли. Эл аралык уюмдардын түрдүү изилдөөлөрү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына талдоо жүргүзүү 6%дан 11%га чейин мектеп курагындагы балдар мектепке барбагандыгын, анын ичинен 75%ы айыл балдары экендигин айтып турат. Эркек балдардын мектепте окуу системасынан чыгуусу кыздарга салыштырганда орточо эсеп менен алганда 2 эсеге көп болот. Алар тиешелүү түрдө билим даярдыгын жок болуп жумушсуздардын катарын толтурат. Алардын арасында багуусуз калгандар жана укук бузгандар көп. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча 2010-жылы кылмыш жасагандардын ичинен 7,6%ы эрезеге жете электер. Кылмыш жасагандыгы аныкталган адамдардын ичинен 77,8%ы эч жерде окуган да жана иштеген да эмес. 2009-жылдагы калкты каттоо 1999-жылга салыштырмалуу кесиптик орто билими бар <u>15 жаштан жогору</u> курактагы калктын саны 10,8%дан 7,1%га чейин төмөндөгөндүгүн көрсөткөн. Жалпы негизги билими бар (9 класс) <u>15 жаштан жогору</u> курактагы калктын саны 18,3%дан 11,9%га чейин төмөндөгөн. Жалпы баштапкы билими бар (1-4 класстар) <u>15 жаштан жогору</u> курактагы калктын саны 6,3%дан 5,5%га чейин төмөндөгөн. Адатта балдар мектепте окуган мезгил 10-14 жаштагы курактык топтордо сабатсыздардын салыштырма салмагы 3,5 эсеге өстү, ал эми 14-28 жаштагы жаш адамдардын дээрлик 14%ы “Сиз окуганды жана жазганды билесизби?” деген суроого “жок” деп жооп беришти (1989-жылы – 4%).

2) Формалдуу эмес билим берүү программаларынын сапаты. Формалдуу эмес билим берүү уюмдары угуучуларды кабыл алууну баштоо үчүн лицензия алган учурда да түрдүү татаалдыктагы курстарда окутуу кызматын көрсөтүүчү билим берүү уюмдарын аккредитациялоо системасы жок. Натыйжада көптөгөн эксперттер бул уюмдарда окутуунун сапатына шектенүү менен карашат, анткени лицензия берилген, ал эми сапат кызмат алуучулар тарабынан гана контролдонот, алар болсо финансылык каражаттар эбак төлөнүп, окуу процесси учурунда гана кызмат көрсөтүүлөр сапатсыз экендигин билишет.

3) Экономикалык жактан активдүү калкты тез өзгөрүп туруучу эмгек рыногунун талаптарына көнүктүрүү. Курагы жеткен калкты эмгек рыногунун талаптарына ылайык кайра даярдоо системасын иштетүү маселеси курч турат – айрыкча кошумча кесиптик билим берүү түрүндө. Кайра даярдоо (кайра окутуу), эреже катары, ушул кызмат көрсөтүүлөргө муктаж калктын жеке каражаттарынан каржыланат. Жергиликтүү бийлик органдары өзгөчө учурларда гана региондун экономика тармагын өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландарга жана муктаждыктарга ылайык жер-жерлерде калктын квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоого акы төлөп берет. Мында чоң

кишилерге формалдуу жана формалдуу эмес билим берүүнү айкалыштыруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу зарыл.

**Саясаттын артыкчылыктуу багыттары**

1) Билими жок же болбосо мектептик билим берүү системасынан ченемдик белгиленген мөөнөттөрдөн мурда чыгып калган адамдарды негизги билим берүү менен камтууну жогорулатуу.

2) Чоң кишилерди өмүр бою окутуу үчүн мыйзамдык негиздерди камсыз кылуу.

3) Экономикалык жактан активдүү калкты эмгек рыногунун тез өзгөрүп туруучу талаптарына көнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

4) Чоң кишилерге билим берүүнүн (кошумча кесиптик, формалдуу эмес ж.б.) сапатына кепилдик берүү системасын түзүү.

5) Кесиптик тажрыйбаны жана квалификацияны таануу системасын түзүү.

6-таблица

**Чоң кишилерге билим берүү жана формалдуу эмес билим берүү: башкы индикаторлор**

| | **Индикаторлор** | **Баштапкы деңгээл (2011-ж.)** | **Орто мөөнөттүү көрсөткүч (2014-ж.)** | **Болжолдуу көрсөткүч (2020-ж.)** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кечкисин/сменалык/сырттан окутуу мектептеринин жана класстардын саны | 51 | 65 | 80 |
| 2. | Кечкисин/сменалык/сырттан окутуу мектептерине жана класстарга кабыл алынгандардын саны | 5482 | 10,000 | 17,000 |
| 3. | Квалификацияны жогорулатуу жана кайра даярдоо (формалдуу эмес билим берүү) курстарын уюштурууга берилген лицензиялардын саны | 1000 | Аныктоо керек | Аныктоо керек |
| 4. | Кошумча кесиптик билим берүү кызматын көрсөтүүчү кесиптик орто билим берүүчү окуу жайларынын саны | Кошумча кесиптик билим берүү лицензияларына ылайык | Кошумча кесиптик билим берүү лицензияларына ылайык | Кошумча кесиптик билим берүү лицензияларына ылайык |
| 5. | Кошумча кесиптик билим берүү кызматын көрсөтүүчү кесиптик жогорку билим берүүчү окуу жайларынын саны | Кошумча кесиптик билим берүү лицензияларына ылайык | Кошумча кесиптик билим берүү лицензияларына ылайык | Кошумча кесиптик билим берүү лицензияларына ылайык |

## IV. Билим берүүдө башкаруу, мониторинг жүргүзүү жана стратегиялык пландоо

### Кырдаалга талдоо жүргүзүү

Кыргыз Республикасынын билим берүү секторунда колдонулуучу стратегиялык документтерге талдоо; Кыргыз Республикасынын билим берүү секторунда донордук катышууга комплекстүү талдоо жүргүзүлгөн (он жылдык мезгил бою), анын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Билим берүү боюнча донорлордун Эл аралык консультациялык кеңешинде бетачары болгон. Эксперттерди тартуу менен жана Дүйнөлүк банктын финансылык колдоосу астында билим берүү секторун фидуциардык баалоонун отчету даярдалган. 2009-жыл бою Дүйнөлүк банк менен бирдикте ЭКӨУнун адистерин тартуу менен билим берүү секторунун саясатына баяндама жүргүзүлгөн.

Иштелип чыккан индикаторлордун негизинде өлкөлүк стратегиялык документтердин курамдык бөлүгү болуп саналган билим берүү жана илим чөйрөсүндө иш-чараларды жүзөгө ашырууга мониторинг жүргүзүлгөн.

2009-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ишинин натыйжалуулугун ар жылдык ички баалоо жүргүзүлүүдө.

Төмөнкүдөй долбоорлор иштелип чыкты: 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы, БӨС 2020.

Муктаждыктарга адекваттуу (толук баалуу) жана стабилдүү каржылоодо реформалардын ийгиликтүүлүгүнө ишене берсе болот, алар өз кезегинде бардык деңгээлдеги билим берүүнүн сапаттуу билим берүү жыйынтыгына алып келет.

2011-жылдан тартып билим берүү системасына Билим берүүнү өнүктүрүүнү кеңири сектордук ыкма программасын (SWAp) киргизүү боюнча Европа комиссиясынын “Кыргыз Республикасында билим берүү секторун колдоо” деген эки жылдык долбоорун ишке ашыруу башталган, ал билим берүүнү мамлекеттик башкарууга мамиле кылууну түп-тамырынан бери өзгөртөт.

2011-жылдан тартып ЮНИСЕФдин колдоосу астында программалык платформаны түзүү жана республиканын масштабында бардык билим берүү деңгээлинде окуу жайлары боюнча маалыматтарды андан ары топтоо жана талдоо жүргүзүү жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Интернет-сайтынын негизинде Билим берүү порталын түзүү үчүн “Кыргыз Республикасынын окуу жайларынын маалыматтарынын тиешелүү маалыматтык банкын” түзүү башталган.

**Башкаруу, мониторинг жүргүзүү жана стратегиялык пландоо чөйрөсүндө актуалдуу проблемалардын ичинен төмөнкүлөрдү белгилей кетүү зарыл:**

1. Билим берүүнү башкаруу системасынын начар координацияланышы. Системалык деңгээл үчүн орчундуу болгон мониторинг жүргүзүү жана баалоо проблемасы бар, ал маалыматтык башкаруу системасынын жоктугу (БМБС сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдүн негизинде, анын ичинде материалдык-техникалык, кадрдык жана башка камсыз кылуу) жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, жер-жерлердеги башкаруу органдарынын жана билим берүү уюмдарынын ортосундагы горизонталдык жана вертикалдык координациялоонун жетишсиздиги менен чакырылган. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (мындан ары – Улутстатком) дайыма статистикалык маалыматтарды чогултат жана алынган маалыматты элге жарыялайт. Бирок тенденциялардын ар жылдык форматында түзүлүүчү Улутстаткомдун маалыматтары билим берүү системасын оперативдүү башкаруу үчүн колдонулушу мүмкүн эмес. Андан тышкары, тиешелүү изилдөөгө заказ жана Улутстаткомдун “Билим берүү жана илим” деген ар жылдык жыйнагын чыгаруу жылына болжол менен 1 млн. сом турат.

2. Маалыматтын жетишсиздиги жана карама-каршылыгы. Сектор тууралуу бардык жагынан маалыматтын жоктугунун айынан билим берүү системасын натыйжалуу башкаруу проблемалуу. Бул жыйынтыктардын жана иш жүзүндөгү маалыматтар боюнча алынган стратегиялык пландоонун негизинде башкарууга болгон азыркы учурдагы талаптарга ылайык келбейт. БИМди кошо алганда, кызыкдар министрликтер да маалыматтарды чогултууга катышат, мында Улутстатком жана БИМ тарабынан чогултулган маалыматтардын ортосунда өтө чоң айырма болот.

3. Мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасынын өнүкпөгөндүгү. Азыркы учурдагы башкаруу жана стратегиялык пландоо комплекстик мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасына түздөн-түз жараша болот, анын ичинде көз карандысыздан да, ал азыркы мезгилде билим берүү секторунда жок. Мектептерге жана башка билим берүү мекемелерине көбүрөөк автономия берүүгө стратегияны эске алып, автономия шартында билим берүү уюмдарынын иштиктүү, натыйжалуу жана ачык-айкын ишин камсыз кылуучу отчеттуулук механизмдерин аныктоо маанилүү болууда.

4. Билим берүүнү башкарууда начар менчик-мамлекеттик өнөктөштүк. Ишке орноштуруунун көз карашы боюнча билим берүү секторун камтуу абдан чоң. Ушуга байланыштуу бул сектордо кандай гана болбосун өзгөрүүлөр чоң коомдук кызыкчылыкты туудурат жана көптөгөн кызыкдар тараптарды тартат. Бирок бүгүнкү күндө билим берүү процессинин катышуучуларынын жана кызыкдар тараптардын күч-аракети түрдүү багыттарда жана мейкиндиктерде ишке ашырылат. Ата-эне комитеттери, камкордук кылуу кеңештери ж.б. формалдуу мүнөзгө ээ жана институттук өнүктүрүүгө муктаж. Коомдук байкоочу кеңештер райондук жана шаардык билим берүүнү башкаруу деңгээлинде али түзүлө элек.

5. Башкаруу системасы токтомдордун жана нускамалардын тиешелүү түрдө аткарылышы менен чектелет. Билим берүү сапатына системалуу түрдө мониторинг жүргүзүлбөйт жана баа берилбейт. Башкаруу системасы жер-жерлердеги жетекчилер өзүнүн иш-аракеттеринин жыйынтыктары үчүн жоопкерчиликти сезе билишине жардам бербейт. Билим берүү уюмдарынын жетекчилерин дайындоо жана кызмат ордунан бошотуу мүмкүн эместигинин айынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан натыйжалуу саясат жүргүзүүгө кошумча мүмкүнчүлүк жок.

**Саясаттын артыкчылыктуу багыттары**

1) Билим берүү секторунда иштеген уюмдардын жана башкаруу органдарынын функцияларын аныктоо.

2) Башкаруу органдарынын ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун жогорулатуу.

3) Билим берүү кызматын көрсөтүүчүлөрдү натыйжалуу иштөөгө шыктандыруу.

4) Натыйжалуу башкарууну инфраструктуралык камсыз кылуу.

5) Билим берүү уюмдарын башкаруунун корпоративдик моделин илгерилетүү.

6) Билим берүү системасында мамлекеттик каржылоонун бириккен стратегиясын ишке ашыруу (кеңири сектордук ыкманын - SWAp негизинде).

7) Билим берүүдө финансылык башкаруу системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу.

8) Башкаруунун жана билим берүүнү өнүктүрүү жолдорун божомолдоонун маалыматтык базасы катары Кыргыз Республикасынын билим берүү системасына мониторинг жүргүзүүнүн оптималдуу моделин түзүү.

9) Мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын чечимдерди кабыл алуу процессине интеграциялоо.

10) Билим берүү системасында мониторинг жүргүзүү жана баалоо процесстерин институтташтыруу.

7-таблица

**Билим берүүнү башкаруу системасы: башкы индикаторлор**

| | Индикаторлор | Баштапкы деңгээл (2011-ж.) | Орто мөөнөттүү көрсөткүч (2014-ж.) | Болжолдуу көрсөткүч (2020-ж.) |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Билим берүү системасында түзүмдүк бөлүмдөргө функционалдык талдоо жүргүзүүнүн үзгүлтүксүздүгү | Функционалдык талдоо учурдан учурга карай, негизинен донордук коомчулуктун демилгеси боюнча жүргүзүлөт | Функционалдык талдоо жалданган компания менен байма-бай (үч жылда бир) жүргүзүлөт жана мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан демилге кылынат | Функционалдык талдоо БИМдин натыйжалуу түзүмү жана билим берүүнү башкаруу системасынын негизи болуп калды |
| 2. | Автономдуу окуу жайларды өнүктүрүү | Автономиялык мүмкүнчүлүктөр Кыргыз Республикасынын мектептеринде жан башына каржылоонун бир бөлүгү катары ишке ашат | Мектептер өнүктүрүүнүн стратегиялык пландарынын негизинде жан башына каржылоонун алкагында иштейт | Жан башына каржылоо жана ишти стратегиялык пландоо мектепке чейинки уюмдардан баштап жогорку окуу жайларга чейин бардык деңгээлде билим берүү системасына киргизилди |
| 3. | Жалпы билим берүү уюмдарын стратегиялык башкарууга көмөктөшүү үчүн коомдук-мамлекеттик органдар (камкорчулар кенеши) түзүлгөн мектептердин пайызы | 10 %дан азыраагы | 30 % | 50%дан көп |
| 4. | Билим берүүнү башкаруу органдары менен диалогго жана билим берүү саясатын иштөөгө кызыкдар топтордун тартылышы | Тиешелүү укуктук-ченемдик база иштейт жана министрлик менен ведомстволордун деңгээлинде байкоочу кеңештер түзүлдү | Өкмөттүк эмес сектордон өкүлдөрдү жана эксперттерди саясый диалогго тартуу жана башкаруу органдарынын ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу тартуу үчүн 56 шаардык жана райондук | Билим берүү саясаты ачык Интернет форумдардын форматын колдонуу менен кызыкчылыктар топторунун – керектөөчүлөрдүн талаптарына багыт алып талкууланып, иштелип чыгууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | билим берүү бөлүмүндө коомдук байкоочу кеңештер түзүлдү | |
| 5. | Конкурстук тандоонун алкагында билим берүүнү башкарууда бош кызмат орундарына талапкерлердин катышы (башкаруучу кызмат орундарынын кадыр-барктуулугун көрсөтүүчү) | Орточо алганда 2/1 | Баштапкы жылга салыштырмалуу эки эсеге өстү | Бардык деңгээлдеги билим берүүнү башкаруу органдарында бош кызмат орундарына талапкерлердин саны көп болгон динамика сакталып турат (борбордук-шаар-район) |

8-таблица

**Билим берүүнү финансылык башкаруу: башкы индикаторлор**

| | **Индикаторлор** | **Баштапкы деңгээл (2011-ж.)** | **Орто мөөнөттүү көрсөткүч (2014-ж.)** | **Болжолдуу көрсөткүч (2020-ж.)** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Билим берүүгө бюджеттин керектөөлөрүн аныктоо үчүн минимум стандарттарды колдонуу | Жан башына каржылоону киргизүү алкагында республикадагы мектептердин 1/3 колдонулат | Мектепте билим берүү системасында киргизилип колдонулууда | Бардык деңгээлде билим берүүгө киргизилип колдонулууда (мектепке чейинки уюмдардан тартып жогорку окуу жайларына чейин) |
| 2. | Жан башы принциби боюнча каржылануучу жалпы билим берүүчү мектептердин үлүшү | 32,7% | 100% | 100% |
| 3. | Кесиптик баштапкы билим берүүдө окуп жатканды каржылоонун минимум стандарты | Иштелип жатат | Иштелип чыккан жана жарым-жартылай ишке ашырылган | Толугу менен ишке ашырылган |
| 4. | Кесиптик орто билим берүүдө окуп жатканды каржылоонун минимум стандарты | Жок | Иштелип чыккан | Толугу менен ишке ашырылган |
| 5. | Жогорку кесиптик билим берүүдө бир студентти каржылоонун минималдуу стандарты | Окутуунун минималдуу босого өлчөмүндө бар | Иштелип чыккан | Толугу менен ишке ашырылган |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. | Республикалык бюджеттин форматын өзгөртүү – программалык бюджеттөөгө өтүү | Түзүү аракеттери | Сыноодон өткөрүлүп жана жарым-жартылай ишке ашырылган | Толугу менен ишке ашырылган |
| 7. | БИМде түзүлгөн ички аудит системасы жана автоматташтырылган бухгалтердик эсеп системасы (түзүмдү оптималдаштыруунун эсебинен) | Ички аудит бөлүмү түзүлгөн | Ички аудит системасы жана автоматташтырылган бухгалтердик эсеп системасы иштейт | Ички аудит системасы жана автоматташтырылган бухгалтердик эсеп системасы иштейт |
| 8. | Окуу жайларынын администрациясын менеджментке окутуу үчүн (өндүрүштөн ажыратпастан) модулдук сессиялар иштелип чыккан. Тренингдерди үзгүлтүксүз өткөрүлүү | Жок | Сыноодон өткөрүлүп жана жарым-жартылай ишке ашырылган | Толугу менен ишке ашырылган |
| 9. | Билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиялык программаларын ишке ашырууну финансылык камсыз кылуу пайызы (тармакты иштетүүнү колдоо эмес, өнүктүрүү долбоорлору):<br>-мамлекеттик бюджеттин деңгээли<br>- донор уюмдардын катышуусу | <br>20%<br>80% | <br>50%<br>50% | <br>70%<br>30% |
| 10. | КР мектептеринде бюджеттик каржылоонун (жан башына каржылоо) стандарты боюнча пайызы керектөөлөрдү жабуу пайызы | 82% | Факт боюнча аныктоо керек | Факт боюнча аныктоо керек |

9-таблица

**Мониторинг жүргүзүү жана баалоо: башкы индикаторлор**

| 1. | **Индикаторлор** | **Баштапкы деңгээл (2011-ж.)** | **Орто мөөнөттүү көрсөткүч (2014-ж.)** | **Болжолдуу көрсөткүч (2020-ж.)** |
|---|---|---|---|---|
| | Мониторинг | Жалпысынан | 100% стратегия жана | 100% стратегия жана |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жүргүзүү жана баалоо пландарын камтыган билим берүү чөйрөсүнүн негизги саясий документтеринин (стратегиялардын жана стратегиялык мүнөздөгү башка документтердин) пайызы | 50%дан азыраагы | 50%дан көбүрөөгү башка тиешелүү документтер | 100% башка тиешелүү документтер |
| 2. | БИМде мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн иштеши | БИМдин мониторинг жүргүзүү жана стратегиялык пландоо бөлүмү түзүлдү | БИМдин мониторинг жүргүзүү жана стратегиялык пландоо бөлүмүнөн тышкары УТБнын, КБАнын, көз карандысыз баалоочулардын базасында окуп жаткандардын жетишкендиктерин баалоо боюнча потенциал түзүлдү | Мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасы билим берүү системасына толук баалуу системалуу мониторинг жүргүзүү жана анын натыйжаларын баалоо үчүн түзүмдүк бөлүмдөрдүн зарыл санына таянат |
| 3. | Корпоративдик маалыматтык тармактын жана маалыматтарды башкаруу системасынын болушу | Мектеп деңгээли үчүн маалыматтардын маалыматтык банкы (ЮНИСЕФ менен БИМдин биргелешкен долбоорунун бир бөлүгү катары) | БИМдин бардык департаменттери жана бардык региондук билим берүү бөлүмдөрү толугу менен тартылган, программалык камсыз кылуу киргизилген жана “Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын маалыматтарынын маалыматтык банкы” түзүлгөн, БИМдин учурдагы web-сайтына интеграцияланган Билим берүү порталы иштейт, БМБСнын узак мөөнөттүү концепциясы иштелип чыккан | Бардык деңгээлдеги билим берүү уюмдары корпоративдик маалыматтык тармакка жана маалыматтарды башкаруу системасына толугу менен тартылган |
| 4. | Мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын чечимдерди кабыл | БИМ жана билим берүүнү башкаруу органдары тиешелүү | Мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын чечимдерди кабыл | Райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрү жана башкармалыктары |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | алуу процессине, БИМ тарабынан иштелип чыккан стратегиялык мүнөздөгү тиешелүү документтерге, БИМдин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, жер-жерлердеги башкаруу органдарынын жана андан ары билим берүү уюмдарынын деңгээлинде алардын ишине интеграциялоочу иштин ички регламенттеринин болушу | жоболордун негизинде иштейт | алуу процессине, БИМ тарабынан иштелип чыккан стратегиялык мүнөздөгү тиешелүү документтерге, БИМдин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, жер-жерлердеги башкаруу органдарынын ишине интеграциялоочу иштин ички регламенттеринин болушу | үчүн БИМдин ар бир түзүмдүк бөлүмүндө мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын чечимдерди кабыл алуу процессине интеграциялоочу иштин ички регламенттеринин болушу, билим берүү уюмдары үчүн деңгээл боюнча |
| 5. | Билим берүү уюмдарынын деңгээлинде окуучулардын жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасынын болушу | Формативдик жана суммативдик баалоо боюнча долбоорлор, ОБЖУБ менен PISAнын изилдөөлөрүнө, салттуу мамлекеттик жыйынтык аттестациясына катышуу түрүндө ишке ашырылат | Республикадагы мектептер үчүн окуучулардын жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча инструментарий жана механизм иштелип чыгып, сыноодон өттү | Окуучулардын жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасы ар бир жалпы билим берүү уюмунун деңгээлинде иштейт |

## V. БӨС 2020га мониторинг жүргүзүү жана баалоо

Иш жүзүндө БӨС 2020ны ишке ашыруунун натыйжалуулугу көз карандысыз баалоочулардын тобу тарабынан аныкталууга тийиш. Сунуштардын тизмеси жана БӨС 2020ны баалоо критерийлери сунушталат. Сунуштар үч стадияга бөлүнгөн – (1) БӨС 2020ны иштеп чыгуу, (2) БӨС 2020ны ишке ашыруу, (3) БӨС 2020ны кайра карап чыгуу.

**Мониторинг жүргүзүү жана баалоо үчүн маселелер**

1. 2009-2011-жылдарга Өлкөнү өнүктүрүү стратегиясындагы “Билим берүү” деген бөлүмдүн аткарылышын баалоо (жыйынтыктар жана индикаторлордун жетишкендиги);
2. 2009-2011-жылдарга Өлкөнү өнүктүрүү стратегиясындагы “Билим берүү” деген бөлүмдүн ийгиликтүү компоненттерин аныктоо;
3. БӨС 2020ны жана иш-аракеттердин үч жылдык пландарын иштеп чыгууну камсыз кылуу;
4. Иш-аракеттер планынын аткарылышына жооп берүүчү тараптардын потенциалын өнүктүрүүнү камсыз кылуу;
5. Пландын натыйжалуулугун милдеттүү түрдө баалоо үчүн бардык талаптарды аткаруу.

**Баалоо критерийлери**

| | Баалоо | Жеткиликтүүлүк | Катышуу | Байланыш | Башкаруу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1-стадия: БӨС 2020ны иштеп чыгуу | Жагдайга комплекстик талдоо жүргүзүлгөн жана түрдүү булактардан (расмий жана расмий эмес) статистикалык маалыматтар колдонулат; маселелер жана иш-аракеттер белгиленген | Жагдайга талдоо жүргүзүүнүн негизинде стратегиялык артыкчылыктар түзүлгөн жана түшүндүрүлгөн; өнүктүрүү маселелери жагдайга талдоо жүргүзүүнүн натыйжаларына негизденген | Бардык кызыкдар тараптар БӨС 2020ны иштеп чыгууга катышат; ишке ашыруу боюнча директивалар БӨС 2020нын аткарылышына жооптуу ар бир тарапка чейин жеткирилет | Процесс жана анын стадиялары тууралуу маалымат бардык тараптарга өз учурунда билдирилет; пландын жыйынтыктоочу варианты бардык кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү | Ишке ашырууда бардык тараптардын орду жана милдеттери так аныкталган; иш-аракеттердин толук планы иштелип чыккан |
| 2-стадия: БӨС 2020ны аткаруу | Башкы индикаторлор аныкталган; бардык зарыл статистикалык маалыматтар чогултулган | Пландалган иш-аракеттерди аткаруу максаттарга жетүүгө кепилдик берет; бардык иш-аракеттер планга ылайык жүргүзүлүүдө | Бардык кызыкдар тараптар планды аткарууга катышат; планды ишке ашырууга жооптуу тараптар стратегиялык БӨС 2020га ылайык иштейт | Стратегияны аткарууга жооптуу бардык тараптар, ошондой эле кызыкдар тараптар БӨС 2020нын мазмуну менен таанышып чыккан; бардык жогоруда аталган тараптарга БӨС 2020ны ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө үзгүлтүксүз маалымат берилип турат | БӨС 2020ны аткарууга жооптуу тараптардын орду жана милдеттери так аныкталган; БӨС 2020ны ишке ашырууга жетиштүү ресурстар бөлүнгөн |
| 3-стадия: БӨС 2020ны оңдоо | Баалоо жана мониторинг жүргүзүү механизмдери иштелип чыккан; БӨС 2020 | Зарыл болсо иш-аракеттер планы саясий жана экономикалык кырдаалга, ошондой эле өлкөдөгү башка | БӨС 2020ны мүмкүн болгон кайрадан карoo боюнча кызыкдар тараптар | Бардык кызыкдар тараптар БӨС 2020дагы өзгөрүүлөр жана анын кайрадан | Планды кайра карoого жооптуу бардык тараптардын БӨС |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | кайрадан каралып жана жаңыланып турат | маанилүү өзгөрүүлөргө ылайык кайра каралат;<br>ишке ашыруу графиги БӨС 2020нын өзгөрүүлөрүнө ылайык кайра каралат | менен интенсивдүү консультация лар | иштелип чыгышы жөнүндө маалымдалат | 2020ны кайра кароо боюнча орду жана милдеттери так аныкталган |

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракеттеринин натыйжалуулугун баалоо үчүн негизги көрсөткүчтөрдүн тизмеси**

| № | Көрсөткүчтүн аталышы |
|---|---|
| 1 | 15-24 жаштагы калктын сабаттуулук деңгээли, % |
| 2 | Тиешелүү курактагы балдардын жалпы санында негизги мектепте окугандардын үлүшү, % |
| 3 | Балдардын жалпы санына карата мектепке чейинки билим берүү мекемелерине барган балдар саны % менен |
| 4 | Чет өлкөлүк студенттердин саны (билим берүүнү экспорттоо) |
| 5 | 10 000 калка кесиптик орто окуу жайларынын студенттеринин саны |
| 6 | 10 000 калка жогорку окуу жайлардын студенттеринин саны |
| 7 | Жогорку билим берүүчү окуу жайларынын ишке орношкон бүтүрүүчүлөрүнүн үлүшү (окуусун уланткандыгын жана өз алдынча ишке орношуусун эске алуу менен) |
| 8 | Билим берүүгө мамлекеттик бюджеттин чыгымдары (ИДПга карата пайыз менен) |
| 9 | Жеке менчик формасына негизденген кайрадан катталган окуу жайларынын саны |

## VI. Күтүлүүчү натыйжалар

1. Билим берүүдөгү иштер кийинки мөөнөткө калтыруу натыйжасына ээ. Ушундан улам 2012-2014-жылдары биринчи үч жылдык мезгил бою компетенттүү окутуу системасы (билим парадигмасын компетенциялардын парадигмасына алмаштыруу) курулат. Тиешелүү түрдө, натыйжада билим берүү системасынын өнүмдүүлүгүнүн башкы критерий катары алдында турган чакырууларга адекваттуу реакция кылууга жөндөмдүү жана өлкөнүн экономикалык, социомаданий жана саясий муктаждыктарына ылайык келүүчү компетенттүүлүккө ээ болгон бүтүрүүчү саналат.

2. Мектепке чейинки окутуу деңгээлинде Мамлекеттик билим берүү стандартын киргизүү, мектепке даярдоону киргизүү, 2011-2012-окуу жылдары 1-класстан тартып мектептик окутуу системасына жаңы муундагы стандарттардын (куррикулумдун) негизинде окутуу киргизүү, кесиптик билим берүү системасына жаңы стандарттарды иштеп чыгуу, жогорку билим берүү системасын “бакалавр-магистр” системасына өткөрүү, натыйжалуу иштин принциптерине негизденген эмгек акы төлөөнүн жаңы системасын киргизүү – билим берүүнүн ушундай түрдө түзүлгөн системасы ар бир окуучуга жана студентке базалык жана атайын компетенттүүлүктү берет, алар жеке өнүгүүнүн белгиленген бир этабында ийгиликтүү коммуникациялык, кесиптик жана башка иш-аракеттерди жасоого мүмкүндүк берет:

- мектепке чейинки билим берүүдө бала өзүнүн жакынкы тегерегиндеги социумда жүрүүгө жана мектепте окууну баштоого мүмкүндүк берүүчү компетенттүүлүккө ээ болот;

- жалпы билим берүүчү мектептердин бүтүрүүчүлөрү окуусун улантуу же эмгек рыногуна чыгуу үчүн жетиштүү деңгээлде маанилүү (маалыматтык, социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк жана проблемаларды чечүү компетенттүүлүгү), ошондой эле предметтик компетенттүүлүккө ээ болууга милдеттүү болот;

- кесиптик билим берүү тепкичтери эмгек рыногунун талаптарына жооп берүүчү жана өзүнүн квалификациясын түрдүү формада жогорулатууга же болбосо кайра даярдоо маселелерин чечүүгө системалуу түрдө даяр кызматкерлерди даярдоону камсыз кылууга жөндөмдүү болууга тийиш.

3. Билим берүү адамды белгисиздик абалынан жашоо-турмушка даярдашы керек. Бул абал үзгүлтүксүз билим берүү концепциясынын жана окуп жаткан коомчулуктун методологиялык негизи болуп саналат, ал адамдын жаңы проблемаларга жана чакырууларга туш болушуна жараша формалдуу жана формалдуу эмес деңгээлде анын билим берүү системасына бир нече жолу кайтып келүү шартын камсыз кылууга чакырылган.

**Туруктуу каржылоо жана жетиштүү адам ресурстары болгон шартта 2020-жылга карата БӨС 2020ны ишке ашыруу төмөнкүдөй жыйынтыктарга алып келүүсү күтүлүүдө:**

1) билим берүү жана илим системасынын үзгүлтүксүз каржыланышы;

2) өнүктүрүү жана окутуу программалары менен мектепке чейинки курактагы балдардын кеңири камтылышы;

3) калктын аялуу катмары жана ден соолугун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн, жарандардын кызыкчылыгын жана керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн кыска мөөнөттөгү окуу курстарынын жана кайра окутуу системасынын өнүгүшү;

4) окутууга компетенттүү ыкманын киргизилиши – билим берүү анын бардык деңгээлинде жыйынтыкка багытталган;

5) азыркы замандагы билим берүү чөйрөсүнүн түзүлүшү;

6) инклюзивдүү, көп маданияттуулук жана көп тилдүү билим берүүнүн түзүлүшү;

7) өмүр бою үзгүлтүксүз билим алууга шарттардын түзүлүшү;

8) билим берүү системасынын бардык деңгээлинде социалдык өнөктөштүктүн өнүгүшү жана коомчулук менен жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү процессине активдүү катышуусу;

9) системаны натыйжалуу башкаруу жана каржылоо механизминин түзүлүшү;

10) БИМдин, жер-жерлерде билим берүүнү башкаруу органдарынын, билим берүү уюмдарынын каржылоо процесстерин автоматташтырууну, ишинин ачык-айкындуулугун жана аудитин эске алуу менен кенен сектордук ыкманын (SWAp) негизинде билим берүү секторунда каржылоо моделин киргизүүгө бирдиктүү ыкмалардын түзүлүшү;

11) мониторинг жүргүзүү жана баалоо маалыматтары менен чечим кабыл алуу системасынын камсыз кылынышы, индикаторлордун тиешелүү топтомунун жана программалык камсыз кылуунун негизинде Билим берүүнү маалыматтык башкаруу системасын (БМБС) куруунун концептуалдык көрүнүшүнүн түзүлүшү;

12) эмгек рыногунун талаптары менен кадрларды даярдоо, кайра даярдоо системасынын жакындашы;

13) КТБнын узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү курстарында сертификат алган бүтүрүүчүлөрдүн, адистиги боюнча ишке орношкондордун үлүшүнүн көбөйүшү;

14) ЖОЖдук илимдин өнүгүшү, инновациялык иштеп чыгуулардын колдоого алынышы.

## VII. Коркунучтар жана тобокелдиктер (өнүктүрүүнүн дүйнөлүк тенденцияларын жана ички тобокелдиктерди эске алуу менен):

1) Экономиканы өнүктүрүү абалы.

2) Социалдык жагдайдын белгисиздиги, бул билим берүү системасын реформалоо процессин натыйжалуу жөнгө салууга мүмкүндүк бербейт.

3) Саясий туруксуздук, жаратылыш кырсыктары, техногендик алааматтар, коррупция.

4) Билим берүү системасын иштетүү үчүн мамлекеттик каржылоонун төмөндөшү же жетиштүү бюджеттик каражаттардын толук алынбашы.

5) Секторду өнүктүрүү боюнча саясаттын иш-чараларын ырааттуу ишке ашыруу үчүн билим берүү системасына инвестициялардын агымынын кечигиши же токтоп калышы.

6) Калктын билим жана маданият потенциалынын начарлашы, оор демографиялык кырдаал, ички жана тышкы миграцияга болгон көзөмөлдөөнүн жетишсиздиги.

7) Кыргызстанда радикалдык диний агымдардын жана конфессиялар аралык карама-каршылыктардын өсүшү.

8) Билим берүү саясатын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу процессине коомдун тартылбашы.

9) Академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык деңгээлинин төмөндөшү.

10) Мугалимдик кесиптин кадыр-баркынын төмөндөшү.

11) Белгилүү бир социалдык катмардын жана кесиптик коомчулуктун бир бөлүгүнүн билим берүүдө болуп жаткан инновациялар жана алардын зарылдыгы жөнүндө түшүнүгү жоктугу.

12) Камсыз болгон жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарынын, ошондой эле шаарда жана айылда жашаган балдардын ортосунда сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүндө ажырымдын чоң болушу.

13) Заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүү жаатында артта калуу.

14) Инклюзивдүү билим берүү концепциясын колдоочу механизмдердин жоктугу (анын ичинде мигранттар, качкындар, көчөдөгү балдар сыяктуу топтор үчүн да).

## VIII. Кыскартуулардын тизмеси

| | |
|---|---|
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| КТБА | Кесиптик-техникалык билим берүү агенттиги |
| БОП | Базистик окуу планы |
| ДБ | Дүйнөлүк банк |
| ИДП | Ички дүң продукт |
| КЖБ | Кесиптик жогорку билим берүү |
| ЖОЖ | Жогорку окуу жайы |
| ЛжАМИ | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Лицензиялоо жана аккредитациялоо боюнча мамлекеттик инспекция |
| ШаарББ | Шаардык билим берүү бөлүмү |

| | |
|---|---|
| МБС | Мамлекеттик билим берүү стандарты |
| ЕС | Европа Союзу |
| БББЭС | Жогорку окуу жайларда билим берүүнү башкаруунун бирдиктүү электрондук системасы |
| БМБС | Билим берүүнү маалыматтык башкаруу системасы |
| МКТ | Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар |
| ЧБКА | Чоң кишилерге билим берүүнүн кыргыз ассоциациясы |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КБА | Кыргыз билим берүү академиясы |
| ЭВФ | Эл аралык валюта фонду |
| БИМ | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| ЖӨБ | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| ЖӨБО | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары |
| Финмин (ФМ) | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| ЖЭИМ | Кыргыз Республикасынын Жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлиги |
| БКМС | Бюджеттик каржылоонун минимум стандарты |
| ЭМСМ | Кыргыз Республикасынын Экономика жана монополияга каршы саясат министрлиги |
| ОБЖУБ | Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин улуттук баалоо |
| ЧУА | Ченемдик укуктук акт |
| БКБ | Баштапкы кесиптик билим берүү |
| ӨЭУ | Өкмөттүк эмес уюмдар |
| УСК | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети |
| УТБ | Улуттук тестирлөө борбору |
| БҮБ | Бардыгы үчүн билим берүү |
| ЭКӨУ | Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюму |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| ЖРТ | Жалпы республикалык тестирлөө |
| ЖБК | Жан башына каржылоо |
| КЖ | Квалификацияны жогорулатуу |
| КДКД | Кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо |
| ПМПК | Психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациялар |
| КТБ | Кесиптик-техникалык билим берүү |
| ӨКК | Өнөр жайдын камкорчулук кеңештери |
| АУС (К) | Алкактык улуттук стандарт (куррикулум) |
| РайББ | Райондук билим берүү бөлүмү |
| ЖМК | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| КОБ | Кесиптик орто билим берүү |
| КООЖ | Кесиптик орто окуу жайы |
| | |
| БӨС 2020 | 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы |
| Соцфонд | Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду |
| ӨӨС | 2009-2011-жылдарга Кыргыз Республикасынын өлкөнү өнүктүрүү стратегиясы |
| ТК | Телекөрсөтүү |
| ОУКом | Окуу-усулдук комплекстер |
| ОУБ | Окуу-усулдук бирикме |

| | |
|---|---|
| ОУК | Окуу-усулдук кеңештер |
| АХФ | Ага-хан фонду |
| КСФ | “Кыргызстан-Сорос” фонду |
| БДКФ | Билим берүү демилгелерин колдоо фонду |
| МӨМ | Миң жылдыкты өнүктүрүү максаттары |
| БОМББ | Билим берүүнү жана окутуу методдорун баалоо борбору |
| ЯЖЖФ | Япониянын жакырчылыкты жоюу боюнча фонду |
| GIZ (ГИЗ) | Германия эл аралык кызматташуу боюнча коому |
| ECTS (European Credit Transfer and Accumulation System) | Кредиттерди которуунун жана топтоонун Европа системасы – студенттердин окуу ишин эсепке алуунун жалпы европалык системасы |
| FTI (Глобалдык өнөктөштүк) | БҮБдүн максаттарына ылдамдатылган жетүү демилгеси |
| PISA (Programme for International Student Assessment) | 15-16 жаштагы окуучулардын математикалык сабаттуулугун, окуу жана табият таануудагы жетишкендиктерин баалоо боюнча эл аралык программа |
| PhD (Philosophiæ Doctor) | Магистр даражасынан кийинки доктордук илимий даража |
| UNDP (ПРООН) | Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасы |
| SWAP | Кеңири сектордук ыкма |
| UNICEF (ЮНИСЕФ) | Бириккен Улуттар Уюмунун Балдар фонду |
| UNESCO (ЮНЕСКО) | БУУнун Билим берүү, илим жана маданият уюму |
| USAID (ЮСАИД) | Эл аралык өнүктүрүү боюнча Америка агенттиги |
| USD | АКШ доллары |

**2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруунун биринчи үч жылдык планы катары 2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы**

**Максаты: Натыйжага багытталган сапаттуу билим берүү үчүн негиздерди түзүү**

| № | Милдеттер/чаралар | Индикатордун аталышы | Өлчөө бирдиги | Базалык жыл (2011-жыл) | Аралыктык индикаторлор (жылдык) | | | Акыркы индикаторлор же максаттуу көрсөткүчтөр (2014-жыл) | Жооптуу аткаруучу-лар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 2012-жыл | 2013-жыл | 2014-жыл | | | |
| **1.** | **Мектепке чейинки билим берүү** | | | | | | | | | |
| **1.1.** | **1-милдет. Жалпы билим берүү уюмдарынын иштеп жаткан тармагы аркылуу мектепке даярдоо программасына 5-6 жаштагы балдарды (ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды кошо алганда) тартуу деңгээлин жогорулатуу** | | | | | | | | | |
| **1.1.1.** | Балдарды мектепке даярдоо класстарын ачуу жана алардын этап-этабы менен жабдуу | Класс-комплекттин саны (5-6 жаштагы балдардын курагы эске алынып жасалган парталар, отургучтар, столдор) | Класс-комплект | 1365 | 1365 | 1500 | 1700 | 1700 класс | БИМ, FTI долбоору (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде, ошондой эле Каталитикалык фонддун каражаттарынын эсебинен (FTI долбоору), (макулдашуу боюнча), ЮНИСЕФ (макулдашуу боюнча) |
| **1.1.2.** | Балдарды мектепке даярдоо класстарын жабдуу | Усулдук окуу куралдары, окуу үчүн китептер, өнүктүрүүчү оюндар жана көрсөтмө материалдары бар класс-комплекттердин саны | Класс-комплект | - | 2133 | | | 2133 класс | БИМ, FTI долбоору (макулдашуу боюнча) | Каталитикалык фонддун каражаттарынын эсебинен (FTI долбоору) (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.1.3.** | Балдарды мектепке даярдоо программасын ишке киргизүү | Мектепке даярдоо программасына тартылган тийиштүү курактагы балдардын саны | Адам | 70000 | 75000 | 80000 | 85000 | 85000 | БИМ, ФМ<br>КР<br>Каржы | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| **1.1.4.** | Мектепке даярдоо программаларын ишке ашыруу үчүн курстарда жана окутуу тренингдеринде педагогдордун квалификациясын жогорулатуу | Квалификациясын жогорулатып келген башталгыч класстардын мугалимдеринин саны | Адам | 1000 | 3200 | 1000 | 1000 | 6200<br>(2011-2014-жылдар үчүн жалпыланган) | БИМ, ЮНИСЕФ (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде, ошондой эле ЮНИСЕФтин каражаттарынын эсебинен (макулдашуу боюнча) |
| **1.1.5.** | Милдеттүү түрдө мектепке даярдоону камсыз кылуу максатында ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү (мамлекеттин эсебинен) | “Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу” мамлекеттик стандартына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү.<br>Төмөнкүлөрдүн долбоорлорун иштеп чыгуу:<br>- “СДОО жөнүндө” типтүү жобо”;<br>- “МБУ жөнүндө типтүү жобо”;<br>- “Мектепке даярдоо жөнүндө жобо” | Болушу | - | Иштеп чыгуу | Болушу | Болушу | Милдеттүү түрдө мектепке даярдоону камсыз кылуучу ченемдик укуктук база түзүлгөн (мамлекеттин эсебинен) | БИМ, ЮНИСЕФ (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде, ошондой эле ЮНИСЕФтин каражаттарынын эсебинен (иштеп чыгуу) (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.1.6.** | Мектепке даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнө талдоо жүргүзүү | Мектепке даярдоодон өткөндөн кийин мектепке даяр экендигине текшерилген балдардын саны | Адам | 2730 | 3000 | 3400 | 3800 | 3800 | БИМ, ЮНИСЕФ (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде, ошондой эле ЮНИСЕФтин каражаттарынын эсебинен (макулдашуу боюнча) |
| **1.2.** | **2-милдет**. **Мамлекеттик МБУлардын иштеп жаткан тармактарын колдоого алуу** | | | | | | | | | |
| **1.2.1.** | Мектепке чейинки билим берүү боюнча мамлекеттик стандартты (инклюзивдүү билим берүүнү кошо алганда) ишке ашыруу | Мамлекеттик стандарт ишке киргизилген МБУлардын саны | Бирдик | 780 | 810 | 820 | 830 | 830 | БИМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча), ФМ | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | Бюджеттин орто мөөнөттүү божомолуна (БОБ) ылайык МБУга бюджеттик жыйынды чыгымдар | млн./сом | 1234,6 | 3497,5 | 3775,2 | 4113,7 | 4113,7 | БИМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча), ФМ | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| **1.2.2.** | Мамлекеттик мектепке чейинки билим берүү уюмдарында иштеп жаткан педагогдордун квалификациясын курстарда жана тренингдерде жогорулатуу | Квалификациясын жогорулаткан педагогдордун саны | Адам | 104 | 117 | 130 | 156 | 507 | КБА | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Мектепке чейинки уюмдардын кызматкерлеринин ишинин натыйжалуулугун баалоо системасын иштеп чыгуу | Болушу | - | Иштеп чыгуу | Сыноо | Ишке киргизүү | Мектепке чейинки уюмдардын кызматкерлеринин ишинин натыйжалуулугун баалоо системасы иштелип чыкты | КБА | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| **1.2.3.** | Мектепке чейинки билим берүүчү типтүү мамлекеттик уюмдун имаратын куруу | Балдардын жеке керектөөлөрүн эске алуу менен жаңы МБУну куруу | Бирдик | - | - | 1 | - | Балдардын жеке керектөөлөрүн эске алуу менен жаңы мектепке чейинки билим берүү уюму курулду | БИМ, ФМ, КРӨМА | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| **1.3.** | **3-милдет. Вариативдүү МБУларды кеңейтүү** | | | | | | | | | |
| **1.3.1.** | Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жана 3-5 жаштагы балдар үчүн программаларды ишке киргизүүнүн укуктук ченемдик базасын иштеп чыгуу | Мектепке чейинки билим берүүнүн вариативдүү моделдеринин жана 3-5 жаштагы балдар үчүн программалардын түзүлгөн уюмдарынын саны | Бирдик | 279 | 15 | 20 | 25 | 304 (2011-2014-жылдар үчүн жалпыланган) | БИМ, ЮНИСЕФ (макулдашуу боюнча), АХФ, (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде, ошондой эле ЮНИСЕФтин каражаттарынын эсебинен (макулдашуу боюнча), АХФ (макулдашуу боюнча) |
| **1.3.2.** | Вариативдүү типтеги мектепке чейинки билим берүү уюмдарында мектепке чейинки билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо | Квалификациясын жогорулатилкан педагогдордун саны | Адам | - | 50 | 70 | 100 | 220 | БИМ, АХФ (макулдашуу боюнча), ЮНИСЕФ (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде, ошондой эле АХФ менен ЮНИСЕФтин каражаттарынын эсебинен (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.3.3.** | Вариативдүү типтеги уюмдарда мектепке чейинки билим берүү кызмат көрсөтүүсүнө талдоо жүргүзүү | Вариативдүү МБУларга балдардын тартылышы | Адам | 12000 | 12600 | 12800 | 13000 | 13000 | БИМ, ЮНИСЕФ (макулдашуу боюнча), АХФ (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде, ошондой эле ЮНИСЕФтин каражаттарынын эсебинен (макулдашуу боюнча), АХФ (макулдашуу боюнча) |
| **1.3.4.** | Коомчулуктун базасында балдардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бала бакчаларды түзүү үчүн ЖӨБОго финансылык гранттарды берүү механизмдерин иштеп чыгуу | Альтернативдүү мектепке чейинки уюмдарды каржылоо механизми боюнча ченемдик укуктук актылардын болушу | Бирдик | - | - | Иштеп чыгуу | Ишке киргизүү | Альтернативдүү мектепке чейинки уюмдарды каржылоо механизми боюнча ченемдик укуктук актылар иштелип чыкты | БИМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча), ЮНИСЕФ (макулдашуу боюнча), АХФ (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде, ошондой эле ЮНИСЕФтин каражаттарынын эсебинен (макулдашуу боюнча), АХФ (макулдашуу боюнча) |
| **1.3.5.** | ЖМКлар жана үгүттөөчү материалдар аркылуу вариативдүү типтеги бардык мектепке чейинки билим берүү уюмдары үчүн жеткиликтүү болгон өнүктүрүүнү колдоого алуу максатында маалыматтык кампания | ТК программалары, окуу китептери | Телекомпаниялар менен келишимге ылайык ТК-программаларынын саны | - | Факт боюнча аныктоо керек | Факт боюнча аныктоо керек | Факт боюнча аныктоо керек | Маалыматтык кампания жүргүзүлдү | БИМ, АХФ (макулдашуу боюнча), ЮНИСЕФ (макулдашуу боюнча) | АХФнын каражаттарынын эсебинен (макулдашуу боюнча), ЮНИСЕФ (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **4- милдет. Мамлекеттик мектепке чейин билим берүү уюмдарынын тармагын кеңейтүү** | | | | | | | | | |
| **1.4.1.** | Вариативдүү МБУларды мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан каржылоого өткөрүү | Мамлекеттик бюджетке өткөрүлүүчү вариативдүү МБУлардын саны | Бирдик | - | 20 | 30 | 40 | 90 | БИМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча), ФМ | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | 1 МБУга топтун саны | Бирдик | - | 5 | 5 | 5 | 5 | БИМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | 1 топто балдардын саны | Бирдик | - | 10 | 10 | 10 | 10 | БИМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | 1 МБУга балдардын саны | Адам | - | 50 | 50 | 50 | 50 | БИМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | Бардык ачылып жаткан МБУларга балдардын саны | Адам | - | 1 000 | 1 500 | 2 000 | 4 500 (2012-2014-жылдарга жалпыланган) | БИМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | 1 балага бюджеттик чыгымдар (сом) | Миң сом | - | 19,1 | 19,3 | 19,4 | 19,4 | БИМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча), ФМ | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | Бюджеттик каржылоого муктаждык | Миң сом | - | 19,1 | 28,9 | 38,9 | 87,0 (2012-2014-жылдарга жалпыланган) | БИМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча), ФМ | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2.** | **Мектепте билим берүү** | | | | | | | | | |
| **2.1.** | **1-милдет. Тармактын стандарттарга ылайык иштешин колдоо** | | | | | | | | | |
| **2.1.1.** | Кыргыз Республикасынын жана облустун, райондун, шаардын, айыл аймагынын деңгээлинде жалпы билим берүү уюмдарынын тармагына инвентаризация жүргүзүү | Жалпы билим берүү уюмдарынын тармагына инвентаризация жүргүзүү | Жан башына каржылоого өткөндүгүнө ылайык инвентаризациядан өткөн мектептердин %ы | 32,7% | 42,7% | 62,7% | 100% | Мектептерди инвентаризациялоо жүргүзүлдү | БИМ, райББ, шаарББ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| **2.1.2.** | Жан башына каржылоо киргизилген шартта мектепте билим берүү системасынын тармактык жана уюштуруу түзүмүн оптималдаштыруу | Ченемдик укуктук документтин долбоорун даярдоо | Болушу | - | Болушу | УЧАны колдонуу | УЧАны колдонуу | Тармакты оптималдаштыруу ченемдик документтин негизинде жүргүзүлөт | БИМ, райББ, шаарББ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | Мектептердин статусун өзгөртүү | Статусун өзгөрткөн мектептердин %ы | - | - | 1% | 2% | Тармакты оптималдаштыруу жүргүзүлдү | БИМ, райББ, шаарББ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | Жалпы билим берүү уюмдарынын жана жер участокторунун имараттарынын мамлекеттик каттоо актылары болушу | Имараттардын жана жер участокторунун мамлекеттик каттоо актылары бар мектептердин %ы | % | Факт боюнча аныктоо керек | Факт боюнча аныктоо керек | Факт боюнча аныктоо керек | Бардык жалпы билим берүү уюмдарынын имараттардын жана жер участокторунун мамлекеттик каттоо актылары бар | ЖӨБО (макулдашуу боюнча), МКК (макулдашуу боюнча), райББ, шаарББ | Жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2.1.3.** | Техникалык абалды баалоону эске алуу менен утурумдук жана капиталдык оңдоо үчүн республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарын берүү аркылуу мектептердин инфраструктурасын колдоо | Утурумдук оңдоо | Оңдолгон мектептерд%ы | 100% | 100% | 100% | 100% | Кыргыз Республикасынын бардык мектептери утурумдук оңдолду | БИМ, райББ, шаарББ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | Мектептерде утурумдук оңдоого жумшалуучу каражаттардын суммасы | Млн. сом | 100 | 100 | 100 | 100 | КР мектептерин утурумдук оңдоого жыл сайын 100 млн сомдон бөлүнөт | БИМ, райББ, шаарББ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | Капиталдык оңдоо | Оңдолгон мектептердин %ы | Техникалык абалын эске алуу менен | Техникалык абалын эске алуу менен | Техникалык абалын эске алуу менен | Техникалык абалын эске алуу менен | Капиталдык оңдоону талап кылган мектептердин жана мектептен тышкаркы уюмдардын имараттары оңдолду | БИМ, райББ, шаарББ (макулдашуу боюнча) | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | Мектептерди капиталдык оңдоого керектүү каражаттардын суммасы | Млн. сом | 10 млн. сом бөлүндү | 700 - керек | 700 - керек | 700 - керек | Мектеп имараттарынын эскирген жана авариялык фондунун пайызын азайтуу максатында капиталдык оңдоого бөлүнүүчү каражаттардын көлөмү жыл сайын аныкталат | БИМ, райББ, шаарББ, ФМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде, башка каржылоо булактарынын эсебинен |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Мектептердин учурдагы абалына жана капиталдык курууга бөлүнгөн каражаттарды натыйжалуу пайдалануу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына болгон сунуштарга талдоо жүргүзүүнүн болушу | Бирдик | Маалыматтарды топтоо | Талдоо материалдарын жана сунуштарды даярдоо | Планддын болушу | Пландын болушу | Билим берүү обьекттерин куруунун жана оңдоонун келечектүү планынын болушу | БИМ, райББ, шаарББ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча), ФМ | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде |
| | | Мектептерди окуу мебелдери менен камсыз кылуу жана эски мебелдерди жаңылатууга зарыл каражаттардын суммасы | Млн. сом | 8 млн. сом бөлүнгөн | 500 - керек | 500 - керек | 500 - керек | Окуу эмеректерин сатып алууга жана мектептерге жеткирүүгө бөлүнүүчү каражаттардын көлөмү жыл сайын аныкталат | БИМ, райББ, шаарББ, ФМ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде, башка каржылоо булактарынын эсебинен |
| **2.1.4.** | Мектептерди компьютерлер менен камсыз кылуу аркылуу мектептерде МКТ инфраструктурасын өнүктүрүү | 1 компьютерге болгон окуучулардын саны (өлкө боюнча орточо) | 1:1 | 57/1 | 55/1 | 52/1 | 50/1 | 50/1 | БИМ, райББ, шаарББ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде, донорлордун колдоосунда мектептердин өздүк каражаттарынын эсебинен |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Окутууда Интернет тармагын колдонуучу мектептердин пайызы | % | 2,4% (32 мектеп) | 2,4% | 3% | 5% | 5% | БИМ, райББ, шаарББ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | Республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде, мектептердин өздүк каражаттарынын эсебинен |
| | | “100 инновациялык интерактивдүү мектеп – жыл сайын” инфраструктуралык долбоор | Бирдик | - | 100 мектеп | 100 мектеп | 100 мектеп | 300 мектеп инновациялык интерактивдүү шаймандар менен жабдылды (интерактивдүү доскалар, лабораториялар, табигый-илимий сабактар боюнча предметтик класстар) | БИМ, райББ, шаарББ, ФМ | 192 млн. сом жыл сайын республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен |
| **2.2.** | **2-милдет. Компетенттүүлүк ыкманы эске алуу менен билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо** | | | | | | | | | |
| **2.2.1.** | Окуучулар негизги (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн өзү уюштуруу жана проблемаларын чечүү) жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болуп окушу үчүн 2011-2012-окуу жылынан тартып жалпы билим берүүчү мектептерде 1-класстарда курикулумдун негизинде окутууну этап-этабы менен киргизүүнү улантуу | 1-класс үчүн ОУК менен камсыз болгон мектептердин %ы<br><br>2-4-класстар үчүн ОУК менен камсыз болгон мектептердин %ы | %<br><br>% | 95%<br><br>0 | 100%<br><br>100% | 100%<br><br>100% | 100%<br><br>100% | Кыргыз Республикасында 100% мектеп 1-класстар үчүн ОУК менен камсыз болду, Кыргыз Республикасында 100% мектеп 2-4-класстар үчүн ОУК менен камсыз болду | БИМ, райББ, шаарББ | Республикалык бюджеттин каражаттарынын жана донорлордун каражаттарынын чегинде |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2.2.2.** | 2011-2012-окуу жылынан тартып Кыргызстандын мектептеринде киргизилген жаңы форматта окутуунун бир бөлүгү катары 5-9-класстар үчүн предметтик куррикулумдарды жана 5-11-класстар үчүе окуу планын иштеп чыгуу | Предметтик куррикулумдардын саны | Бирдик | - | 16 | 18 | 20 | 20 предметтик куррикулум иштелип чыкты. Өзгөчө басым кыргыз, орус жана англис тилдерин билүү деңгээлине жасалды | БИМ, КБА | Республикалык бюджеттин каражаттарынын, ошондой эле Дүйнөлүк банктын (макулдашуу боюнча) жана Еврокомиссияның каражаттарынын чегинде (мүмкүн SWAp аркылуу) (макулдашуу боюнча) |
| | | Жаңы БОП иштелип чыкты | БОПтун болушу | 0 | 1 | Болушу | Болушу | 5-9-класстар үчүн курикулумду толуктап иштеп чыгуу жана ага ылайык ОУКту жазуу үчүн окуу планы иштелип чыкты жана пайдаланылды | БИМ, КБА | Республикалык бюджеттин каражаттарынын чегинде |
